**АЛЫМБАЕВА БЕРМЕТ БЕКЕШОВНА**

**САБЫРОВА ЭЛЗАДА СЫДЫКОВНА**

# АДАМГЕРЧИЛИКТҮҮ, НАРКТУУ САПАТТАРГА ОКУУЧУЛАРДЫ ТАРБИЯЛОО

**КЛАСС ЖЕТЕКЧИЛЕР ҮЧҮН КОЛДОНМО**

# 5-КЛАСС



**Бишкек - 2024-ж.**

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

Кыргыз билим берүү академиясы

Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясы

**Алымбаева Бермет Бекешовна**

**Сабырова Эльзада Сыдыковна**

# АДАМГЕРЧИЛИКТҮҮ, НАРКТУУ САПАТТАРГА ОКУУЧУЛАРДЫ ТАРБИЯЛОО

**5-класс**

**Класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо**

**КББАнын Окумуштуулар кеңеши № 8 от 28 ноябрь 2024-ж. кол жазманы басууга сунуштады**



**Бишкек -2024**

**УДК: 37.018.11 (575,2) (04)**

**ББК**

**А**

**Рецензенттер:** **Сабыров Руслан Сыдыкович** № 35 орто билим берүү мектебинин мүдүрү, **Табалдиева Нурмира Төлөбаевна** А. Профессор Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин тарбия иши боюнча директордун орун басары, **Мамбеталиева Назгүл Токтогазиевна** № 32 орто билим берүү мектебинин Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары.

А 59 **Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С.** Адамгерчиликтүү, нарктуу сапаттарга окуучуларды тарбиялоо:
5-кл.: Класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо. Түз / Б.Б. Алымбаева, Сабырова Э.С. - Б.: “.......”, 2024. – 90 б.
ISBN 978-9967-28-560-20

*Бул методикалык иштелменин жалпы билим берүүчү мектептерде эмгектенген тарбия иштери боюнча директордун орун басарына, класс жетекчилерге, педагогика менен байланышкан кесипке даярданып жаткан студенттерге арналат.*

# МАЗМУНУ

1. Киришүү........................................................................................................6
2. Тема: Кыз баланы сылыктыкка жана сабырдуулукка кантип үйрөтөбүз?........................................................................................................8
3. Тема: Сылыктык, сыпайылык, сабырдуулук – тартиптүүлүктүн негизи........................................................................................................15
4. Тема: Адамдар менен мамиле түзүүнүн этикалык нормасы. Оройлуктун зыяны........................................................................................25
5. Тема: Кыргыз кызынын мүнөзү жана салттуу баалуулуктары..... .........
6. Тема: Кандай мүнөз күтсөң, ошондой тагдырга ээ болосуң........................................................................................................30
7. Тема: Кандай жарандар кадырлуу, урматтуу, беделдүү болушат? Андай сапатка адам кантип жетет?..................................................................37
8. Тема: Кыз баланын жүрүм-туруму – анын үй-бүлөсүнүн, мектебинин жүзү, адептүүлүгүнүн мүнөздөмөсү......................................................41
9. Тема: Өлкөнүн татыктуу жараны болуунун жол-жобосу. .....................46
Окуучунун жүрүм-туруму – анын үй-бүлөсүнүн, мектебинин жүзү, адептүүлүгүнүн мүнөздөмөсү..............................................................41
10. Тема: Сенин бүгүнкү кылык-жоругуң, жүрүм-турумуң, кылган ишиң, адамга мамилең – эртеңки мүнөзүңдү аныктайт. Мүнөзү жакшы калыптангандын – тагдыры таалайлуу болот. Адаттан – мүнөз, мүнөздөн – тагдыр жаралат. ..........................................................................51
11. Тема: Кандай кыздар маданияттуу?....................................................60
12. Тема: Башкалар сени ардактай турган деңгээлге (даражага) өзүн өзү көзөмөлдөгөн, өзүн-өзү жөнгө салган адам жетишет. Адамдын маданий деңгээлинин өсүшүндө өзүн-өзү көзөмөлгө алуунун, жөнгө салуунун ролу........................................................................................................67
13. Тема: Кыздардын тыкандыгы, тазалыгы – адептүүлүктүн белгиси.......73
14. Тема: Тактык, тыкандык, тапшырманы убагында орундатуу, жыйнактуулук, чебердик – адептүүлүктүн белгиси...............................77
15. Тема: Ата-эне баланын күзгүсү...........................................................83
16. Тема: Конокто жана үйдө өзүн кандай алып жүрүү керек? Конок күтүүнүн жана кожоюн болуунун адеби..................................................92
17. Тема: "Конокто жана үйдө, мейман тосууда кыздар өзүн кандай алып жүрүү керек?........................................................................................99
18. Тема: Жакшылык кылуу, жашооңду жакшыртат.................................105
*19.* Тема: Жакшылык кыл – жүрөгүң кенен болот....................................110

# КИРИШҮҮ

Бул методикалык колдонмодо 5-класстардын класс жетекчилеринин аткара турган иштери камтылды.

Колдонмодо класс жетекчинин иш-аракетинин негизги багыттары көрсөтүлдү. Алар төмөнкүлөр:

- Класстык жаамат менен иш алып баруу;
- Класстык сааттарда өткөрүлүүчү иш-чаралардын сценарийлери.

Жаш муундарга улуттук педагогиканын баалуулуктарын колдонуу менен татыктуу, сапаттуу таалим-тарбия жана билим берүү тармагы, айрыкча мугалимдердин эң негизги милдеттеринин бири болууга тийиш.

Дүйнөдө түркүн элдер жашап келет. Ырас, алардын турмуш деңгээлдери ар кандай өнүгүү тепкичинде турганы менен, жашоосу жалпы адамзатка таандык мыйзам ченеминде өсүп-өнүгүүдө. Бирок, жогоруда белгиленип өткөндөй, ар бир элдин, улуттун биринен-бирин айырмалап, өзгөчөлөп турган – тили, дини, салт-санаасы, үрп-адаты, кулк-мүнөзү ж.б. таандык нерселери бар.

Мына ошол не бир түркүн элдердин арасынан кыргыз эли да өзүнүн өзгөчөлүгү менен аттын кашкасындай айырмаланып, миңдеген жылдар бою өз маданиятын, тилин, үрп-адатын, салтын, адеп-ыйманын, сый-урматын ж.б. толуп жаткан эң мыкты касиеттерин сактап келди. Кыргыз элинин маданияты – миңдеген жылдардан бери карай түптөлүп, калыптанып келе жатат. Ал дүйнөгө “Манасты” Токтогулдай ырчыны, Карамолдодой комузчуну, Чыңгыздай залкар жазуучуну жаратты. Таалим-тарбия берүүдө илимий педагогикага негизделип чектелбестен, элдик педагогикага таянуу менен окуучуларды тарбиялоо эффективдүү. Ал эми элдик педагогиканы – элдин жашоо-тиричилигинин ыңгайына жараша элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санааларда, үрп-адаттарда, балдар оюндарында жана башка каражаттарда сакталып, билим жана тарбия берүүнүн тажрыйбаларынын жыйындысы катары түшүнүүгө болот.

Элибизде улуу-кичүү муунду тарбиялоодо, турмуштун оң жолун көрсөтүп, алдыга жана жакшылыкка сүрөп, кандайдыр бир ийгиликтерге шыктандырган, мисал катары ала турган болсок баатырдык жеңиштерге үндөөдө, талантын, жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүдө пайдаланып келген. Зарыл кезде “көп сөз –кереги жок сөз” деп, сөздүн ток этер жерин макал менен тастыктап коюу гана жетиштүү болгон. Андан ары сөз баккан киши “камчы салдырбай”, түзөлүп кеткен же кайраттанган, чыйралган, намыстанган, шыктанган. Ошондуктан азыр да дүйнөлүк филологдор, тарыхчылар, этнографтар ж.б. “Кыргыздар ыр менен сүйлөгөн эл болот” дешетАл эми ар

бир макал-лакап өзүнчө бир илимий ишке тете экенин, турмуштук философия же канчалаган жылдардын тажрыйбасынан калыптанып алынган сөз каймагын эч кимибиз жокко чыгара албайбыз. Андыктан, бул байлыгыбызды балдарды илим-билимге, эмгекке, адамдык асыл касиеттерге, ата-мекенди сүйүүгө калыптандырууда сөзсүз пайдаланышыбыз абзел.

Ошентип, элдин маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү болуу менен жаш муундарды гумандуулукка, өз жерин сүйүүгө, адамгерчиликке, эмгекчилдикке, жашоого ишенимдүү кароого жана башка ушул сыяктуу сапаттарга тарбиялап, калыптандырып, мурас катары муундан-муунга өтүп келген. Башка элдер сыяктуу кыргыз эли да көптөгөн кылымдар аралыгында топтоштурган өзүнүн элдик педагогикалык маданиятын бүгүнкү күнгө чейин улантып келүүдө.

Республикабызда билим берүү тармагы дүйнөлүк стандартка өтсө да, жаш муундарга тарбия берүү бүгүнкү күндөгү көйгөйлүү маселелерди чечүүгө багытталышы жана элдин тарбия салтына негизделип жүргүзүлүшү максатка ылайыктуу. Элдик педагогикалык каражаттардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн мугалимдин жакшы билүүсү, ал маселелерди терең түшүнүүсү, ага тарбия иштерин натыйжалуу жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Бул методикалык колдонмо жалпы билим берүүчү мектептерде эмгектенген тарбия иштери боюнча директордун орун басарына, класс жетекчилерге, педагогика менен байланышкан кесипке даярданып жаткан студенттерге арналат.

# № 1 сабак

## Тема: “КЫЗ БАЛАНЫ СЫЛЫКТЫККА ЖАНА САБЫРДУУЛУККА КАНТИП ҮЙРӨТӨБҮЗ?

*“Ким өз жүрөгүн канатпаса,*
*ал баланы тарбиялай албайт”*



1-сүрөт. Иллюстративдик фото. Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** аралаш сабак
**Сабактын формасы:** сабак-лекция.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш**: Кыргыз тили, адабияты, музыка.

**Сабактын жабдылышы:** видеоматериалдар, акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Кыздардан талап кылынуучу аруулук, сылыктык, ыймандуулук, мээримдүүлүк, асылзаадалык түшүнүк алышат;
- Ата-бабаларыбыз түзгөн улуу адептик-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү, сылыктыкты мүнөздөгөн макал-лакап, накыл-сөздөрдөн айтып жана чечмелей алат;
- Элдик каада-салтты, үрп-адатты баалоого көнүгүшөт;
- Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза өңдөнгөн баатыр кыздар, ошондой эле Каныкей, Айчүрөк, Зулайка, Айганыш сыяктуу аруулуктун, асылзаадалыктын үлгүлөрүн алышып, патриоттуулукка, намыскөйлүккө, ынтымак-достукка, эмгекчилдикке, кең пейилдикке ж.б. асыл сапаттарга тарбияланат;
- Кыздар өз адебин сактап, өз баасын бийик кармаша алат, алган тарбиясы бышыкталат;
- Кыздардын сылыктык, адептүүлүк тууралуу түшүнүктөрү кеңеет;
- Улууларды урматтоого, кичүүлөрдү сыйлоону билишет.
- Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат.

**Сабактын тиби:** аралаш сабак
**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.
**Сабактын жабдылышы**: Сүрөттөр, макал-лакаптар жазылган плакатттар
**Сабактын жүрүшү**:
**1. Уюштуруу:**
Сабактын темасы, максаты боюнча түшүнүк берүү.
***1-кадам:***
**2. Жаңы тема:**

Кыргыз эли байыртадан таалим-тарбияга чоң маани берип, ыйман-ызатты абдан аздектеген. “Адам бол!” деген бийик талапты ар бир ата-эне бала сөзгө түшүнө баштагандан эле кулагына куюп, жан дүйнөсүнө сиңире баштайт. Адам баласы жарык дүйнөгө жакшы же жаман, адептүү же адепсиз болуп келбейт.

Уясынан алган көнүмүш, таалим-тарбия кыз баланын жан-жаратылышына өчпөс тамга болуп басылып, аны өмүр бою коштоп жүрүп отурат. Баланын физикалык өсүшү жана аң-сезиминин калыптанышы, жан дүйнөсүнүн руханий пайдубалы алгач дал ушул үй-бүлөдө түптөлөт. Кыргыз элинде кыз баланы тарбиялоо жөнүндө бөтөнчө өзгөчөлүктөр бар. Кыргыз элинде макал-лакаптар байыркы замандан тартып эл оозунда жашап, ар дайым келечек муундарга таалим-тарбия берип келет. Үй-бүлөдөгү бала тарбиясында улуттук салттар, элдик оозеки чыгармалардагы педагогикалык үлгүлөр, макал-лакаптардын ролу чоң мааниге ээ.

Кыргыз эли эзелтеден эле көчмөндүү жашоого ылайыкташкан, өзгөлөрдөн айырмаланып турган ыйман-адепке тарбиялоонун жолу өсүп-өнүгүп, алар элдин каада-салтына, үрп-адатына чөгөрүлгөн.

Кыз баланы эне өзгөчө кичинекей кезинен "Улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо", аксакал адамга акаарат кылбоо, сылык, сыйчыл мүнөз болуу жана башка күнүмдүк турмушка керектүү жүрүш-туруш эрежелерин акыл сезимине күн сайын сиңирип акыл айткан, үйрөткөн.

"Элибизде "Ата уулду тарбияласа, эне улутту тарбиялайт" деген нуска кеп айтылып келет. Мында баланы, кызды татыктуу тарбиялоодо эненин ээлеген ордунун абдан маанилүүлүгү белгиленүүдө. Эне табиятында балага жакын жан. Бул, албетте, ата демейде баладан алысыраак болот турбайбы дегенди билдирбейт. Тарбия ишине экөө тең катышуусу мыйзам ченемдүү. Эненин аруулугу, тазалыгы, тыкандыгы, жүрүм - туруму, мээрими, мамилесиндеги жылуулугу, үлгүсү, өрнөгү бала үчүн абдан маанилүү таалим – тарбиялык таасирлер болуп саналат. Анын тарбиялоодогу иш-аракети, ыкласы, ынтаасы акырындык менен билинип- билинбей отуруп кызына өтөт, жугат. Андыктан эне дагы кичинекей чактан тарта "түптүү дарак түз өсөт" дегендей, ар түрдүү жаман таасирлерден, начар көрүнүштөрдөн өзүн оолак кармап, тарбияланып, калыптанып, торолуп жетилиши керек" [2, 54-б.].

Үй-бүлөдө адептик тарбия кыз баланын коомдо өзүн алып жүрүү маданиятын, курчап турган адамдар менен туура мамиле түзүүнү үйрөтөт. Адептик тарбиялоо адамдык баалуулуктарды жана жүрүм-турумду калыптандыруу алкагында жүргүзүлөт. Адептик нормаларга чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, абийирдүүлүк, уяттуулук, гумандуулук, тартиптүүлүк, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, эмгектенүүнү сүйүү жана ошондой патриоттуулук, ата-мекенди сүйүү, мыйзамдуулукту сактоо, атуулдук милдетти так аткаруу, кайрымдуулук жана башка ушул сыяктуу адептик баалуулуктар кирет.

Ата-эне баланын биринчи тарбиячылары жана өмүрлүк устаты. Баланын келечеги, билими, маданияты, жүрүм-туруму дагы ата-эненин сиңирген эмгегине, таалим-тарбия берүүсүнө байланыштуу болот.

Эл оозунда "Уулуң жакшы болсо көркүң жакшы, кызың жакшы болсо кымбатсың", "Жакшы уул асмандагы жылдыз, жакшы кыз жакадагы кундуз" деп айтылган. «Баланын тентек болмогу үйүнөн, эрдин тентек болмогу бийинен», «Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу», «Бала жакшысы-атанын даңкы, кыз жакшысы – эненин даңкы» ж.б. макалдар менен баланын тарбиясы ата-эненин турмушу, жашоосу менен тыгыз байланышта экендигине көңүл бурган.

Салттуу тарбия системасында адептик баалуулуктарды балага калыптандыруу башкы максат болгон. Ата-эне баланы адептүүлүк жактан туура тарбиялоого, аларга чыныгы адамдык сапаттарды берүүгө жана коомдук

турмуш-тиричилигине аралаштырууга түздөн-түз милдеттүү деп эсептелип келген. "Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт", "Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт", "Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат", "Алма сабагынан алыс түшпөйт", «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт», «Сөз чакырат, үлгү өзүнө тартат», – деген макалдын акыл-ой мурастары балдардын адептик жактан жакшы жүрүм-турумга ээ болушу үй-бүлө турмушунда атасынын же энесинин, ага-эжелеринин, ошондой эле улуу муундагы адамдардын адептүү жүрүш-турушуна, эмгектеги чыгармачылык жакшы иш-аракеттерине жана адамдык сапаттарына жараша түзүүлөрүн далилдейт.

***2-кадам:***

**Мугалим:** Кана балдар эки топко бөлүнүп кичинекей сценка аткарып беребиз.

**1-топ:** Адептүү үй-бүлөдө адептүү балдар чоңоёт.

**2-топ:** Тартипсиздик эмнеге алып келет?

**1-топ:**

**Үй-бүлө конок камын көрүп мейман күтүп жатышат. Бир кезде меймандар келе башташты.**

**Эне:** Келиңиздер меймандарым. Төргө өтүңүздөр. – Канакей уулум абаң менен учурашчы.

- Ии кадыресе киши болуп калган турбайбы, азамат! – деп келгендер кичинекей баланы алкап жатышты.

Ага чейин кызы сырттан кирип келип ыйбаа көрсөтүп: - Амансыздарбы, арбаңыздар, - деп уялыңкы жылмайды.

- Ий, айланайын, рахмат. Кыздын кыздай болушу деген ушул. Улууларды көргөндө ийменип, тастаңдабай өз адебин көрсөтүп жатат. «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» дешет, чын эле сырттан кирип келе жатып мизилдеп короодон баштап үйдүн ичине чейин сарамжалдуулуктун, тазалыктын, тыкандыктын сыпаты көрүнүп турат. Демек эне кызын жакшы тарбиялаган.

Келини дагы кирип келе жатып улуулардын алдында акырын ийилип жүгүнүп учурашты. – Кириңиздер, - деп жаркылдап тосуп алды.

- Кудай жалгасын, ак жолугуң башыңдан түшпөсүн, айланайын. Жаркылдап жүзүңдөн нур чачып турат тура. Мээримдүү тосуп алган адамдан суу ичсең да көңүлүң көтөрүңкү кетет. Ал эми кабагы үңүрөйүп ачылбаган келинден, дасторкону жайнап турса да эч нерсе көзүңө көрүнбөй капалуу кетесиң.

Үлгүлүү үйдөн үлгүлүү балдар, нарктуу үйдөн нарктуу балдар – кыздар тарбияланып сылык болуп өсүп чоңоет. Рахмат курбум, жакшы адептүү балдарды өстүрүптүрсүң.

**2-топ:**

Күзгүдө жасанып отурган аял. Ага чейин мектепте окуган кызы кирип келди.

**Кызы:** Ай апа, менин математикадан дептеримди кайда койгонумду билбейм, көрбөдүңбү?

**Эне:** Сенин буюмуңду мен кайдан билейин?! Карабайсыңбы! Илээндисиң да. Кийимдериң деле ар кайсы жакта чачылып жатат.

**Кызы:** Мени айтып коесуз, өзүңүзчү чечкениңиз чечкен жакта калат. Атам дайыма жыйып жүрөт.

**Эне:** Башымды оорутпай барчы нары.

**Кызы:** Ээк, бир жылуу сөз укпайм сизден. Же үйдө болбойсуз, ишиңизден эле бошобойсуз. Апам катары бир кеңеш сурайын десем да сизди жанымдан көрбөйм. Аа баса, апа, бүгүн класстык чогулуш. Келесизби?

**Эне:** Эй кыз, жанатан бери эзип бүттүң го, башымды оорутуп. Убакытым жок, канча жолу айтам.

**Кызы:** Сиз иштен 6 да чыгасыз да, чогулушум 6,5 башталат. Деги бир жолу да чогулушума барбайсыңар же атам, же сиз. Мугалимиме эмне шылтоо айтаарымды да билбей уялып да бүттүм.

**Эне:** Ишибиз чачтан көп, сенин проблемаларың эмес. Ме акча, каалашыңча иштет. Эртең бир жумага командировкага кетип жатам, - деп шашыла сумкасын алып үйүнөн чыгып кетти.

**Автор:** Мына кыз балдардын адеп-ахлактык тарбиясына терең маани бербегендиги. Анын бүгүнкү тарбиясы эртеңкисине кедергисин тийгизбесе болду.

«Кыз – башка үйдүн жарыгы», «энесин көрүп кызын ал», «Кызга ата-эне так жасайт, бак жасабайт» делип кыз баланын камын кичинекейинен тарбия бериш керек.

Эртеси кыз теңтушуна телефон чалды. – Бүгүн үйдөгүлөр жок, эс алабыз кел, көңүлүбүздү ачып жыргайбыз.

**Теңтуш кызы**: Кантип жыргайбыз, акча жок болсо.

**Кыз:** Менде акча бар, эч кам санаба.

**Автор:** Экөө жолугушуп кафеге киришти. Ичишти. Анан кызуу кейпинде сыртка чыгышты. Өтүп бараткан жигиттерге тийишишти. Көчөнү жаңыртып жосунсуз каткырып өздөрүнүн адепсиздигин көрсөтүп жатып бир кезде көчөдө жөн эле басып бараткан кызга тийишишти. Ал унчукпай өз жолун улап кетип баратты.

- Эй, бул неме бизди тоотпойт го?, - деп аркасынан кууп жетишип кызды жулкулдатып бери каратты.
- Эмне болду силерге кыздар, мен эмне кылдым силерге?
- Эй оозуңду жап, малюска, - деп жоосунсуз каткырып жатышты.

- Кыздарга сылыктык, сыпайы болгон жарашат го. Силер көчөдө кетип бараткан көрүнгөнгө тийишкениңер жакшы кылык эмес.

- Сен бизге акыл айткандай кимсиң ия? - деп бетке, көзгө чаап, тепкилеп күнөөсүз эле кызды сабап салышты.

**Автор:** Үй-бүлөдө балдары менен иши жок, тарбия бербеген ата-энелердин балдары, кыздары ушундай чоңоюшат. Анткени кыз балага акча эмес, эненин мээрими көбүрөөк, акыл сөзү керек.

Балдарым кечке чейин эмне менен алектенип жүрөт деп күндө көзөмөлгө алганда, ата-бабаларыбыз түзгөн улуу адептик-ыймандык нарк-дөөлөттөргө үйрөтсө, элин-жерин сүйгөн инсандардан болуп чоңоймок.

Эне кичинекейинен баштап кандай таалим-тарбия берсе, өзгөчө кыздарына, өз билгенинин баарын үйрөтсө, келечекте ал дагы бирөөнүн бүлөсү болоорун эсине салса, кийин жүрүм-туруму, башкаларга кылган мамилеси, адептүүлүгү эрезеге жетип чоңоюшканда өз натыйжасын берет.

Сөгүнгөн, арак ичкен, тартипсиз, жаман жолдо жүргөндөр кайдан чыгат? Мына ушундай кароосуз калган кыздардан чыгат. Үйүндө дайыма ызы-чуу, ичкилик ичип алып сөгүнгөн ата. Үйүндө жээрге наны жок анан ата-энеси бар акча тап деп, үйүнөн алыс шаарларга чыгарып жиберишет. Жаш эки жакты көрбөгөн айылда чоңойгон кыз-уландар Россиянын чоң шаарларында иштеген киши болуп жүрүшөт. Көзөмөл жок алар кандай иштеп жүрөт бир гана өздөрү билет. Ошондуктан “Кыздуу болсоң көздүү бол” деп бекеринен айтылбайт.

Бабаларыбыз илгери кызга өзгөчө маани берип, "Кыргыз кызын сыйлайт" деген улуу салт бар тура, көрсө. Ошондо да Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза өңдөнгөн баатыр кыздар, ошондой эле Каныкей, Айчүрөк, Зулайка, Айганыш сыяктуу аруулуктун, асылзаадалыктын үлгүлөрү жомокко айланган чыгар. Ошого жараша кыздарга да өзгөчө талап коюлуп, "Жакшы кыз - жакадагы кундуз" деп, алардын аялуу асылдуулугун аздектешкен. Кыздар да адебин сактап, өз баасын бийик кармашкан эле деп, тамшанып калат улуулар...

***3-кадам:***

**Мугалим:** Кана балдар айткылачы, кыз бала кандай мүнөздүү болушу керек? 3-топко бөлүнүп ар бир команда өз пикирин айтат.

**1-топ:** Табиятынан кыз бала назик жан. Жакшы кыздар өтө мээримдүү, боорукер, сылык болушат. Ата-эненин сөзүн эки кылбайт. Ал эми азыркы заманда кээ бир кыздардын кылыгы башкача болуп кетпедиби? Акыркы жылдары муну көп байкап жүрөбүз.

Кыздарыбыздын көпчүлүгүнүн жүрүш-турушу эркекке окшоп калды. Бекеринен аялзатын үйдүн куту дешпейт да. Кыз бала жаштайынан тартиптүү, эстүү өссө, кийин турмушка чыкса дагы жолдошунун сөзүн эки кылбай, балдарына таалим-тарбия берип, ысык чайын, даамдуу тамагын дарсторконго жая коюп, жолдошун тосуп алса, мына ошондо аялдын мээрмандыгы билинет.

**2-топ:** Кээ бир үй-бүлөөлөрдө кыздарын мээрим дагы берет, бирок ошол эле учур көптү үйрөтөт, катуурак кармашат. Ал эмес дасторкон маданиятын дагы үйрөтүп, тамак ичкенде акырын, үнүн чыгарбастан ичкиле, ата,

агаларыңардын алдында кымтыланып өтө ачык кийинбей, үнүңөрдүн баардыгынча шарактап күлбөй акырын сүйлөп, оозуңарды жаап күлгүлө, - деп акыл сөздөрү менен таалим-тарбия берет.

Ата-энеден тарбия албагандар: Акыркы жылдары Батыштын жапайы адаты тумоодой каптап кетти. Түнкү клубдар, казино, кийген кийими, ашата сөгүнүп сүйлөгөнү, деги койчу, кайсы бирин айтпасам да жалпыбызга маалым да. Өзүбүзгө кайрылып келиш үчүн, коом өзгөрүлүшү шарт. Экранда жалаң кыргыздын өзүнүн касиетине ылайыктуу, элдин наркына, сөөлөтүнө ылайык көрсөтүүлөрдү жандандырса.

Обу жоктонуп, себепсиз каткырып күлө берет, мына ошондон азыркы кыздарда нарк кетип жатпайбы. Анткени, көкүрөгүндө руханий байлыгы жок.

Мурунку кыздардын өз орду бар болчу. Заманга жараша кыздар батыштын тасмаларын, сериалдарын көрүп, ошолорду туурап өзгөрүштү. Үйдөгү тарбиядан ата-эненин сөзүн укпай, жеңил ойлуулукка тез азгырылып жатышат.

Эмне үчүн кыздарыбызды жигиттер сыйлабай калды, анткени өздөрү эркек балдарга тийишишет. Кыз-жигиттин ортосунда керемет, ыйык, бир таза дүйнө бар эле. Азыркыларга бул жомок болуп кала берди.
Албетте, ыймандуу, адептүү, сылык кыздарыбыз да толтура.

***4-кадам:***

**Бышыктоо:**

Ата-бабаларыбыз түзгөн улуу адептик-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү мүнөздөгөн макал-лакап, накыл сөздөрдөн айтып бергиле. Аларды чечмелегиле.

| **1-топ:** | **2-топ:** | **3-топ:** |
|---|---|---|
| Кыз башка үйдүн жарыгы; | Уя- бул үй-бүлө | Бейиш – эненин таманында |
| Атасы жаман аз-аздан оңолот, энеси жаман эзели оңолбойт. | Ата уулду тарбияласа, эне улутту тарбиялайт | Жакадагы – жакадагы кундуз |
| Кыз баланы башынан сылыктыкка үйрөт, чырпыкты жашынан ий. | Түптүү дарак түз өсөт | Кыз киши - конок |
| Кызды жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр. | Дүйнө түркүгү – эне, аялзаты.<br>Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет. | Баланы тарбиялоо башаты канчалык эрте болсо, ошончолук пайдалуу боло тургандыгы тууралуу ой-пикирлер өкүм сүрөт. |

| | | |
|---|---|---|
| Эненин баскан изи - алтын | Эне – үйдүн куту | Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат |

Ким макал-лакаптарды жакшы чечмелесе упай алат.

***5-кадам:***

**Жыйынтыктоо:**

“Карынын кебин капка сал” дегендей, ата-энебиз, улуулар айткан насаат сөздөрдү кунт коюп угуп, көңүлгө түйүп, өзүбүздү адептүү, сылык ыймандуу, нарк- насилдүү болуп чоңоюга, келечекте “жакшы” адам болууга умтулуубуз керек.

Силер дагы кыздар ушул ойго кошулат болушуңар керек. Биз ошондо ата-энебиздин максат-тилегин орундап, аларды эч качан уятка калтырбайбыз.

**Үйгө тапшырма:** Өзүңөрдүн жаман сапаттарыңар барбы? Ойлонуп, кандай жакшы сапаттарга алмаштырмаксыңар.

## № 1а) сабак

# СЫЛЫКТЫК, СЫПАЙЫЛЫК, САБЫРДУУЛУК – ТАРТИПТҮҮЛҮКТҮН НЕГИЗИ

***“Сылыктык – адамды ажарлантат”***
***(макала)***



2-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** аралаш сабак
**Сабактын формасы:** сабак-лекция.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш**: Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Сабактын жабдылышы:** видеоматериалдар, акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Окуучулар сылыктык жана сыпайы жөнүндөгү түшүнүктөргө ээ болушат;
- Окуучулардын сылыктык, адептүүлүк тууралуу түшүнүктөрү кеңеет.
- Жеке кызыкчылыктан жалпы кызыкчылыкты жогору коё билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат.
- Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттыруу, атулдук парзын аткаруу, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюндуруу;
- Окуучулардын ырлар аркылуу аң-сезими ойгонот;
- Окуучулардын сылыктык, сыпайылык жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдейт.
- Окуучуларды патриоттуулукка, намыскөйлүккө, ынтымак-достукка, эмгекчилдикке, кең пейилдикке ж.б. асыл сапаттарга тарбияланат;
- Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат.

I. **Тарбиялык сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү, жоктоо). 3-мүнөт

**II. Жаңы теманы баяндоо:**

**1-кадам:** *Мугалим:* “Адамдын көөнү гүл, аны кокусунан соолутуп албайлы!” – дегендей, ар бирибиз эң биринчи ишенимдүү, чыдамкай болуп, сүйлөгөн сөзүбүз, жөнөкөйлүгүбүз менен башкаларга үлгү болушубуз керек.

**1-слайд.** ***Сылыктык деген эмне?*** *Ийкемдүү, сыпаа, кичипейил жана ачык маанай менен жасалган жумшак мамиле – бул сылыктык болуп саналат. Сылыктык деген – ал адамдардын жүрүм-туруму, бири-бирине жасаган мамилеси жөнүндөгү жалпы эрежелерди, жоболорду билдирет*. Буга:

-Адептүүлүк;
Кичи пейилдик;
Элпектик;
Улууну урматтоо;
Кичүүнү ызаттоо;

Бири-бирин сыйлашуу.

Сылыктык – адамдарды сыйлоо жүрүм-турумдун күндөлүк ченеми жана айланадагылар менен баарлашуунун ыкмасы болуп калган, адамдын жүрүм-турумун мүнөздөгөн адептик сапаты. Сылыктыктын сырткы белгиси тийиштүү коомдо кабыл алынган сыпаалык эрежелерин сактоодон көрүнөт.

Сылыктык “сиз” деген сөздөн башталат. Ошого улууларга “сиз” деп кайрылыш керек.

Сылык мүнөз, адамдардын ар биринде эле боло бербейт. Бул мүнөз адамдар менен баарлашууга келгенде эле байкалат. Сылык адамдар айланасындагы улуу-кичүүлөргө, карапайым адамдарга сылыктык менен бирдей кайрылып, дайыма салам берүүнү унутушпайт. Сылык адам жүрүш-турушу менен башкаларга үлгү боло алат. Жүрөгүндө сүйүүсү бар адам башкалардын көңүлүн калтырбаганга, аларга чын дилинен жардам берүүгө умтулат. Боорукер, момун адам өзгөлөргө жумшактык менен мамиле жасайт. Жакшы сөз сүйлөп көнгөн балдар көбүнчө сылык болушат. Адептүү жүрүм-турум тилден, дилден ал эми адеп “сиз” деген сылык сөздөн башталат.

Мындай сапаттар элдин салтында, үрп-адаттарында калыптанган. Адам өмүр бою тарбияланат. Бирок тарбиянын негизи балалык кезден түптөлөт. “Сылык кыз”, “Сылык бала”, “сылык бол” – деп айтышат. Адам сылыктыктын эрежелерин бала чагынан өздөштүрөт.

**2-слайд:** *Эгерде ар убак улууларга урмат көрсөтсөң, өзүң дагы сыйлуу болосуң.*

Кичипейилдигиңден улам көп жакшы алкоолорду угасың, бата аласың. Тескеринче, терс аяк болсоң жемеден башка эч нерсе укпайсың. Ошондуктан жаш кезиңден сылык болууга үйрөн!

Досторуң менен дагы үнүңдү көтөрбөй сүйлөшүшүң керек. Бирөөлөрдү кыйкырып чакырбай жанына барып акырын сүйлө. Өзүңдөн кичүүлөргө ызаат кыл, чоңсунба, күч көрсөтпө.

Сылык болсоң, адамдар жакшы кабарды көтөрүңкү маанайда угууга аракет кылышат.

**3-слайд:** *“Атасы жакшынын уулу жакшы, энеси жакшынын кызы жакшы”*

Сылыктык негизи үй-бүлөдөн башталат. Ата-эненин бир-бирине болгон мамилеси сылык, урматтоо, сыйлоо болсо, акырын сүйлөшүп, бир-биринен кечирим суроону билишсе, алардын балдары да ошондой болуп чоңоюшат. Үй-бүлөдө жарышып сүйлөшпөй биринин сөзүн баары угуп, сөз берип сүйлөшүү адеби болуш керек. Сылыктык ар бир адам менен жакшы мамиле сактоого жардам берет. Улуу адамдын астында сөз талашпагыла, булкунуп-жулкунбагыла, анын сөздөрүн, насаатын уккула!

Эки бала урушуп кетишсе аларга акырын айтып түшүндүрүп, сөзсүз түрдө бир-биринен кечирим суратуу керек. Үйрөтүү үчүн биринчи өзүбүз маданияттуу болушубуз керек!

**4-слайд:** “Өкүм болмок өзүңдөн,

Сылык болмок сөзүңдөн, - деген нуска бар.

Адам өмүр бою тарбияланат. Тарбиянын негизи балалык кезден түзүлөт. Адам сылыктыктын эрежелерин бала чагынан өздөштүрөт. Дүйнөдө элдин бардыгы адептүүлүктү жогору баалашат.

"Бала чак дүйнө капар бейпилчиликтин мезгили гана эмес, бала чак адамдын адам, инсан катары калыптанышынын уютку өзөгү" деген сүйлөмдөн бүгүнкү балдар, ар бириңер өзүңөрдө адамдагы сылык, сыпайкерчилик сапаттарды калыптандырууңар зарыл. Демек, Ушинскийдин "Адам жаман болуп туулбайт, жаман болуп коомдо тарбияланат" – деген сөзүндө калет жок. Демек, биз коомго сылык-сыпайы жаштар катары кошулууга милдеттүүбүз.

- Кана балдар ким сылыктык жөнүндө, азыр бир беш мүнөт берейин, ыр чыгарганга аракет кылып көргүлөчү?

Сыпайы болуш максатым,
Сылык сөздү көп сүйлөп.
Жакшы бала боломун,
Көп сүйлөштү коёмун. *(Кудайбердиев Алдаяр 5-кл.)*

Сылыктык деген кандай сөз?
Аска-зоодой улуу сөз.
Адам кылып өзүңдү,
Ааламга атың чыкчу сөз.
*(Шерикбай уулу Мирлан 5-кл.)*

***5-слайд:** Мугалим слайд аркылуу сылыктык жөнүндө ким изилденген, тарыхы жөнүндө айтып берет:*

Браун-Левинсондун сылыктык теориясы - сылыктуулуктун классикалык теориясы, 1987-жылы америкалык социолингвисттер Пенелопа Браун менен Стивен Левинсондун биргелешкен эмгегинде иштелип чыккан жана басылып чыккан, Сыпайылык: Тилди колдонуунун кээ бир универсалдары.

III. *Сылыктык жөнүндөгү Ж.Тынымсейитованын "Не деш керек?" ырын көркөм окуу:*

***1-окуучу:***

Топ кишинин ичинде,
Баратсаң сен жарышып.
Көчөнүн ошол четинде,
Жолукту бир таанышың,
Кездешүүдө не дедиң?

***2-окуучу:***

Эжең түшкү тамакка,
Таттууларды салды мол.
Элден мурун идишке,
Уруксатсыз салдың кол.
Эмне айтаар элең эжеңе?

***ХОР**:* "Саламатсызбы" – демекмин.
"Уруксатпы, эже" – демекмин.

***3-окуучу:***

***4-окуучу:***

Балдар жүрсө көчөдө,
Угулат ызы-чуу, ай-кай.
Сен да чыгып бирөөнү
Жөөлөп кеттиң байкабай.
Мында эмне деш керек?

Апаң сенин базардан,
Алма сатып алып келди.
Эң жакшысың, чоңунан,
Сага тандап алып берди.
Эмне деп алып жеш керек?

***ХОР:*** “Кечириңиз” – деш керек.
“Ырахмат сизге” – деш керек.
“Сылык болмок сөзүңдөн, жакшы болмок өзүңдөн”.

**Мугалим:** Азаматсыңар! Сылыктык жөнүндө эң жакшы ырларды окудуңар. Балдар, силер азыркы убакта сылык-сыпайы жүргөн жаштардын азайып кетишине эмне себеп деп ойлойсуңар? Азыр көбүнчө балдар орой болуп баратат.

? *Сылыктык деген сөздү эстегенде эң биринчи оюңа эмне келет? Сылык досуң барбы? Неге ал досуңду сылык дос деп эсептейсиң?*

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Сылыктык деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?*
2. *“Сылыктык” жөнүндө макал-лакаптарды билесиңерби?*
3. *“Сылыктык” жөнүндө кандай жакшы сапаттарды билесиңер?*
4. *Оройлуктун маанисин түшүнгөнүңөрдү айтып бергилечи?*



**Бабалар сөзүн билип жүр!**

*Сыйга-сый, сыр аякка – бал;*

*Сыйдын чеги болбойт;*

*Сылык, сыйчыл мүнөз адамды ажарлантат;*

*Адам көркү – адеп;*

*Улук болсоң, кичик бол.*

**3-кадам: Жыйынтыктоо:** Мына балдар, бүгүн биз “Сылыктык” деген темада кеп кылдык. Демек, ар кимибиз сылыктык эмне экенин үйрөндүк.

**Үйгө тапшырма:**

Сылыктык жана сыпайылык сапаттарын чагылдырган жомоктордон окуп келүү.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 1б) сабак

# АДАМДАР МЕНЕН МАМИЛЕ ТҮЗҮҮНҮН ЭТИКАЛЫК НОРМАСЫ. ОРОЙЛУКТУН ЗЫЯНЫ



3-сүрөт. . Булагы: интернеттен

***<u>1-слайд: Оройлук-деген эмне?</u>*** *Оройлук бул – одоно, керсейген, улууну урматтабаган, кичүүнү ызааттабаган, элди көзүнө илбей өз каалаганын жасаган адам, башкача айтканда бул бир адамдан экинчи адамга жасаган корс, олдоксон, одоно мамилеси.*



4-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**2-слайд:**

**Мугалим:** Үй-бүлөдө ата-эненин тарбиясын көргөн, аларды сыйлап, айтканын эки кылбаган балдар, турмушта маданиятсыздыкка, оройлукка барбайт. Баланын корс, бетке чабар, орой мүнөзү, айлана-чөйрөсүнөн улам калыптанып, бузулат.

Ошондой эле, оройлук адамдын акырындык менен психикасына, ден соолугуна терс таасирин тийгизет. Оройлук-сабырсыздык, кырстык, ичи тарлык, эки жүздүүлүк, кара өзгөйлүк, өзүмчүлдүк – бул терс мүнөздөр.

- ***Орой;***
- ***Одоно;***
- ***Керсейген;***
- ***Улууну урматтабаган;***
- ***Элди көзүнө илбеген;***
- ***Өз каалаганын жасаган*** адамды эч ким жактырбайт. Ар бир элдин салтына жараша адептүүлүк эрежелерин сакташ керек. Бул эрежелерди силер улуулардан үйрөнөсүңөр жана кичүүлөргө үлгү катары калтырасыңар.

Бүгүнкү күндөгү жаштардагы сылык-сыпайы мамиленин аздыгы коомубуздагы терс көрүнүштөрдүн бири. Мисалы, коомдук транспортто улгайган адамга же балалуу аялдарга өз эрки менен орун бошотуп берүү деген көрүнүш жаштарда азайып баратат. Тескеринче, аларда “биз жол акысын бердик, демек отуруп кетүүгө укуктуубуз” деген түшүнүк калыптанган. Ошондой эле тратуарларда бара жатсаң, жол бошотуунун ордуна, керсейе сүзүп өткөн жаштар көп.

**3-слайд:** Ата-эне үй-бүлөдө бирин-бири сыйлабаса, ооз ачып сүйлөшкөндө жаман сөздөрдү колдонсо, ызы-чуу, чыр-чатакты териштирип, кыйкырышса, үй-бүлө, бир тууганадардын, коом алдында өзүлөрүн маданиятсыз алып жүрүшсө, демек балдарынын мүнөзү да орой, кырс болуп калыптанат. Чыр-чатак, ызы-чуунун арасында чоңойгон балдар ачуулуу, бир нерсеге бат жини келип, кабатырланган, тынчсызданган, айланага орой мамиле кылган балдардан болуп, чоңоюп жетилет.

Үй-бүлөдө ата-эненин тарбиясынын даамын татып калган баланы мектеп босогосу өз кучагына алып тарбиялайт. Бала үчүн ата-эне кабатырланса, мектепте мугалим тынчсызданып жооп берет. Мектепте айрым балдар мугалимдеги адамдык маданиятты, сылык-сыпалыкты түшүнүшпөйт, сезишпейт.

Чарчаган нерви козголгон мугалимге балдар өзүлөрүнүн шоктугу жана ойлоп чыгарган оюндары менен көпчүлүгүн тажатышат; мугалим “өзүнүн көзөмөлүнөн чыгат” – кыйкырат, эмоцияга алдырат, ар кандай сөздөрдү сүйлөйт. Бул адамдык мамилелердин төмөнкү маданиятынын шексиз белгиси. Кайда кыйкырык бар болсо, ал жакта оройлук, эмоционалдуулук бар. Кыйкырыкта өтө жөнөкөй, инстиктивдүү реакция билдирилет, анда ар бир

мугалимдин дүйнөсүндө бар эмоционалдуу маданияттын дандары жоголот. Кыйкырык менен тарбияланган балдар, башка адамдардын сезимдеринин өтө назик түрлөрүн сезүү жөндөмдүүлүгүн жоготушат. Бала, уруш, чыр-чатак, кыйкырык-оройлук, ур-тепки менен тарбияланган болсо, өзүнүн айланасындагы сулуулукту көрбөйт, сезбейт, ал кайдыгер, таш боор, мерез адамга айланат. Анын жүрүм-турумунан айрым учурда, адамда боло турган эң коркунучтуу – ырайымсыздыктын белгисин байкаса болот.

Орой мүнөз күткөн баланын жүрүм-туруму, өзүн алып жүрүү маданияты адепсиз болгондуктан булар өзүлөрүнө жана коомго зыян алып келишет.

Адамдардын мүнөздөрүнүн ичинен жаман сапаттарга ээ болгон оройлук тууралуу олуя Калыгул атабыз мындай деген:

Орой айтсаң адамга жукпайт,
Орой сөздү киши укпайт.
Сылык-сыпаа сөз жетет,
Ал мээге эмес, жүлүнгө кетет.
Түшүндүрүп жай айтсаң,
Уялып, ыраазы болуп кетет.

Акындын ишениминде оройлукту-назиктик, сылыктык, ачууну-токтоолук, сабырдуулук, жек көрүүнү мээрим менен сүйүү жеңет. Ошондуктан анын алдын алуу үчүн, ар кандай чыр-чатактан алыс болуу, анын эмнеден улам болуп жаткан себебине маани берүү, түшүнүү, мактоо, көңүл буруп, сабырдуу болуу керек.

- *Кана балдар оройлук деген эмне экенин түшүндүк. Кана айткылачы, балдар эмне себептен орой болуп тарбияланып калышат?*

***1-окуучу:*** Ата-энелердин чет жерлерге иштеп кетишине байланыштуу.
***2-окуучу:*** “Заманың түлкү болсо түлкү бол, бөрү болсо, бөрү бол” деген принципте жашоого адамдар көбүрөөк ооп кеткендигинен.
***3-окуучу:*** Уюлдук телефон, компьютер оюндарына көбүрөөк убакыт бөлгөндөрү үчүн.

*Туура айтасыңар! Эгерде бала сылык же сылык эмес болсо, ата-энеге кандай сөз тиет?* (Балдардын жообу)

Элибизде “Эси жок бала – ээнбаш, орой бала – осол” – деген сөз бар. Билесиңерби балдар! “Ээнбаш” – деген оюна келгенди кылган, “кой” дегенди укпаган бала. Ал эми бирөөгө тумшугу менен тийген, кептин маанисин түшүнбөгөн, эл менен мамиле түзө албаган, сынды туура кабыл албаган баланы “орой, осол бала” – дешет.

**4-слайд:** Келгиле макал-лакаптардан эстейли:

- Сыйласаң сыйлуу болосуң;
- Сыйлашпаган тууганың,

сыр айтпаган душмандай;
- Сый-сыйга жарашат,
  сый билбеген адашат;
- Сый көрөм десең, сыйлай бил;
- Сыйга-сый, сыр аякка бал;
- Сыйдын чеги болбойт;
- Сыйлаганга аш таппасаң,
- сыпаалыкка сөз тап;
- Сыйлап койсоң карыңды,
- карың сыйлайт баарыңды.

**?** *Оройлук деген сөздү эстегенде эң биринчи оюңа эмне келет? Орой досторуңан барбы? Неге ал досуңду орой дос деп эсептейсиң?*

***IV. Бышыктоо***

**Мугалим:** Балдар, сылыктык деген эмне экен? Сылыктык сапатты калыптандыруу эң биринчи кайдан башталат?

***1-окуучу:***

Улууларды урмат кылып жүрөлү,
Кичүүлөрдү сыйлаганды билели.
Тарбиялуу, адептүүрөк жетилип,
Кыргызстан – өлкөбүздү сүйөлү.

***2-окуучу:*** Карыялар таалим берип үндөгөн,
Жаман болбой, жакшы жолго кир деген.
Улуулардын бизге берген үлгүсү,
Өсүп жатат, гүлдөп жатат миңдеген.

**3-окуучу:** Аткаралы сылыктыктын талабын,
Милдетиңди тартип менен карагын.
Кыргызымда кайрымдуулук канында,
Кимдин кандай тескеп коет абалын.

**ХОР:** Өзгөргөн коом, заман түрү башкараак,
Жол көрсөтсөк, жаштарыбыз такшалат.
Биримдикте бекем болуп туралы,
Сылыктык бул эң биринчи үй-бүлөдөн башталат.

**3-кадам:** *Мугалимдин жыйынтыктоосу:*

Демек балдар, адамдын адептүүлүгү, кичипейилдиги, сылык-сыпайгерчилиги, адептүүлүгү анын ички маданиятын көрсөтүп турат. “Дили адептүүнүн – тили адептүү” деген сөз бар. Силердин канчалык деңгээлде маданияттуу жана сыйкор адам экениңерди жүрүм-турумуңардан, кыймыл-

аракетиңер, кийген кийиминерден эле көрүүгө болот. Мындан ары сылык сүйлөп, сыпайы бололу!

**?** – Кырдаалдык суроолор: Бул сабак учурунда окуучулардын көңүлүн топтоштурушуна, ойлонуусуна, чечим кабыл алуусуна мүмкүндүк берүүгө арналган суроолор. Мугалим окуучуларынын деңгээлине карап суроолорду өзгөртө алат.

**!** – Ойлондурган суроолор: Адамдык сапаттарды үйрөнүү сабактарда каалаган теманы өздөштүргөндөй оңой эмес. Ар бир адам өзүндөгү жакшы мүнөздү калыптандыруусу үчүн милдеттүү түрдө ойлонуусу, ички дүйнөсүн текшерүүсү жана акылы менен жүрөгүнө баам салып, бир чечимге келүүсү өтө маанилүү. Ошондуктан, баалуулук айынын жүрүшүндө окуучуга ой жүгүртүүгө, аны кызыктырган суроолорду берүүгө, оюн чогултууга мүмкүнчүлүк берүү керек.

Күтүлгөн натыйжа: Баалуулук айынын максатын эске алуу менен, бул теманын жүрүшүндө окуучудан күтүлө турган натыйжалар белгиленген. Мугалим жумалык тарбия иштерин пландаштырууда, сабактан тышкаркы иш-чараларды уюштурууда бул натыйжаларга жетүүнү көздөө аркылуу класс менен иштөөсүн иретке келтире алат.

# № 2 сабак

## "КЫРГЫЗ КЫЗЫНЫН МҮНӨЗҮ ЖАНА САЛТТУУ БААЛУУЛУКТАРЫ"

***Эпиграф:***
***"Кыздарды тарбиялоо менен биз бүтүндөй бир элди тарбиялап жатабыз"***

**Сабактын тиби:** аралаш сабак
**Сабактын формасы:** сабак-баарлашуу.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш**: Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Сабактын жабдылышы:** видеоматериалдар, акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Адамдын мүнөзүнө тиешелүү сапаттары жөнүндө кыз баланын аң сезимине жеткирүү алар түшүнүк алышат;
- Кыз баланын мүнөзүн оңдоого, адамдарга жакшы мамиле жасаганга тарбияланат;
- Кыз бала жакшы мүнөз, жакшы сапаттарга ээ болгон сезимдерге тарбияланат;
- Улуу адептик-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү макал-лакаптардан, накыл сөздөрдөн чечмелей алышат;
- Кыздар мугалимдин жардамы менен жашоодо адамдардын ар түрдүү мүнөздүү адамдардын сыпаты менен таанышышат;
- Алынган тарбиядан маданияттуу, мээримдүү боло алышса;
- Кыздардын сылыктык, адептүүлүк тууралуу түшүнүктөрү кеңеет;
- Улууларды урматтоого, кичүүлөрдү сыйлоону билишет.
- Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат.

**Сабактагы негизги иш-аракеттер:**

- Адамдардын мүнөздөрү тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү;
- Мүнөз тууралуу макалдардын маанисин чечмелөө.

***1-кадам:*** **Сабактын жүрүшү**:

Сабактын темасы, максаты боюнча түшүнүк берүү.

**II. Жаңы тема:**

**Мугалим:** Биз бүгүн **"Кыргыз кызынын мүнөзү жана салттуу баалуулуктары"** деген темада тарбиялык саат өтөбүз. Бул баарлашуу сааты болот. Кыздардын мүнөзү жөнүндө талкуулайбыз. Өз көз карашыңарды айтасыңар.

- ***Салттуу баалуулуктар дегенди кандай түшүнөсүңөр?*** (Балдар өз түшүнүктөрүн айтышат).

**Мугалим:** Анда мен силерге баалуулук деген эмне экенин түшүндүрүп берейин.

Кыргыз элинин улуттук баалуулуктары ар бир улуттун, элдин туу туткан, алмуздактан бери аздектеп, эненин сүтү, бешиктеги ыры, атанын кеби, нарктуу санжыралары менен укумдан-тукумга, атадан балага сакталып, өтүп келген. Улуттун улуттугун сактаган өзгөчөлүгү.

Кыргыз элинин байыртадан бери сактап келе жаткан баалуулуктары көп. Биздин тарыхыбыз, тилибиз, динибиз, маданиятыбыз, салт-санаабыз, тарыхый эстеликтерибиз, нарк-насилибиз. Бирок доор алмашкан сайын, баалуулуктар өзүнүн ордун жоготуп, коом өзгөргөн сайын баалуулуктарга болгон көз караштар өзгөрүп келет. Айрыкча ааламдашуу заманында, интернет доорунда бир коомдук башкаруудан экинчи коомдук жолго түшүп, башка күчтүү коомдордун маданиятына жетеленип, өзгөчөлүгүбүздү жоготуп баратабыз.

Улуттук баалуулуктарыбыз күн өткөн сайын жок болуп унутулуп бараткан сыяктуу. Ар бир кыргыз ата-бабалардын салтын үрп-адатын билип, кийинки муунга берүүсү керек. Себеби элди эл кылган жана башка элдерден айрымалаган бул – улуттук баалуулуктары. Ошого эң биринчи ата-эне, чоң ата, чоң эне, таята, таене, ага-эжелердин катышуусу менен өз турмуштук тажрыйбасында колдонуп келген мыкты жүрүм-туруму, билген өнөрлөрү менен бөлүшүү, балдарды турмушка даярдоо максаты ишке ашырылат.

Анткени эне сүтү менен бүткөн тилде гана чыныгы кыргыз уул-кызынын жан дүйнөсүнө баалуулуктарды сиңирип, өз улуту үчүн сыймыктанууга тарбиялоого болот. Үй-бүлөдөгү ата-эненин орду, улуу менен кичүүгө сый мамиле кылуу, дасторкон маданияты, сүйлөшүү адеби, кыз баланы тарбиялоодогу өзгөчө сапаттарга тарбиялоо, улуттук тамак-аш жасоого үйрөтүү, улуттук оюндар ж.б. багыттагы аңгемелешүү, баарлашуу сааттарын өткөрүү, практика жүзүндө оюн ойноо, тамак-аш даярдоо сыяктуу иш-аракеттер өз натыйжасын берет.

Мында дасторконго баары отурган соң гана ата-эне баштамайын тамакка кол салбоо керектиги же бата кылмайынча андан туруп кетпөө сыяктуу үй-бүлө эрежелери бүгүн унутта калып, сакталбай калгандыгы өтө өкүнүчтүү. Анткени бул балдардагы улууну урматтоо, ата-энени сыйлоо сапаттарын калыптандырып, үй-бүлөдөгү ынтымактын сакталышынын бирден бир өбөлгөсү экенин эсибизден чыгарбоого жардам берет.

Кыз бала салттуу баалуулуктар аркылуу тарбияланып, жагымдуу мүнөз күтүп жакындарына жакшы маанай тартуулап турса – бул адамдагы эң жакшы сапат. Ар бир кызда бир-бирине окшошпогон кыялы, мүнөзү болот. Бирөө күн сымал мээрим чачып турат, эмгекчил, бүйрө – өз жашоо-тиричилигине тың, ата-энеге жакшы сөздөрдү айтып, урмат-сый менен аяр мамиле кылат. Жакындары, бир туугандары менен сылык мамиледе болот.

Айрым кыздардын мүнөзү орой, ичи тар, беттен алган, эч кимге жакшылыгы жок, карамүртөз болушат. Эгерде адам бактылуу болом десе ал мүнөзүн оңдош керек.

Элибизде илгертен айтылат, кыздар болочок эне, очоктун сакчысы, берекеси, элибиздин келечеги деген сөздөр элибизде айтылып келет.

Эне кыздарын тайгак жолго түшпөшү үчүн адептүүлүккө, эмгекке тарбия берип чоңойтот.

***2-кадам:***

*1-слайд:* Ошондуктан кыргыз элинде кыздар тууралуу накыл кептер көп. Ошону угалы.

- “Кызга кырк үйдөн тыюу”. *(Ата-эне, тууган-урук, жакындары, коңшу-колоңдору өз акылдарын айтып тарбиялайт. Аны кыздар туура кабыл алат).*
- Атаны көрүп уул өсөт, энени көрүп кыз өсөт. *(Балдар ата-эненин көчүрмөсү, алардын кылганын бала кылат)*
- Адептүү жана уялчаак адам адептүү болот. *(Улууну көргөндө ийменип, сөз талашпай өзүнүн жакшы сапаттарын көрсөтөт)*
- Гүл өссө – жердин көркү, кыз өссө – үйдүн көркү. *(Үйүн мизилдетип таза кармаган, жакшы мүнөзү)*
- Жакшы кыз кылыгы менен, жакшы ийне учугу менен. *(Боорукер, акырын назик сүйлөгөн, мээримдүү баарына жагат).*

Биздин чоң ата, чоң энелерибиз жашоодо керектүү насааттарды айтышкан:

- Билим алуу;
- Пайдалуу иш, ишмердүүлүк.

*2-слайд:* *Кана айткылачы кандай кыздар жакшы мүнөздүү болот, кайсы сапаттар жаман мүнөзгө кирет? Эки топко бөлүнөбүз.*

| Жакшы мүнөздүү кыз | Жаман мүнөздүү кыз |
|---|---|
| ак ниеттүү | урушчаак |
| жайдары | бой көтөргөн |
| сылык | текебер |
| назик, аруу, таза | өзүмчүл |
| жумшак | ачуулуу |

| | |
|---|---|
| мээримдүү | эки жүздүү |

Кыргыз кызы – кыргыз улутунун күзгүсү. Анын сыңарындай кыргыз коомунда, үй-бүлөдө, коомчулукта болсун, кыздардын орду абдан чоң. Ырас, улуттун жүзү болгон соң, улуттук баалуулуктарды, каада-салтты, салттуу билимдерди кыздар алып жүрүүгө милдеттүү. Ал үчүн албетте, кыргыз кызы биринчи кезекте мээримдүү, маданияттуу, акылдуу, зээндүү болот.

Энелер акырын сүйлөп, ар бир нерсени туура түшүндүргөн, мээримдүү, мүнөзү жумшак болсо, кыз бала ошол апасындай мээримдүү чоңоет.

Коомубуздун түптөлүшү, улуттун ден соолугу жана келечеги – мыкты кыздардын гана колунда. "Коомдун кандай экенин билүү үчүн алардын кыздарын кара" деген сөз бар. Анын сыңарындай, улуттун баалуулугун, салт-санаасын негизинен аялзаты алып жүрөт. Аялзаты кийинки муунду тарбиялоочу мектеп. Бала энеден көп таасирленет. Демек, кыргыз кызы аруу, таза, кол жеткис ыйык болууга тийиш.

*3-слайд:* **Мугалим:** ***Азыр биз сценка аткарабыз "Мүнөзү жаман кыз бала эч жерге батпайт"***

**Айжан:** Классташым сенден суранаар элем, эгерде оор болбосо математика сабагынан жардам берип кое аласыңбы?

**Сабира:** Жок. Менин убактым сага эмес өзүмө жетпей жатат.

**Айжан:** Суранам. Сен математика сабагын жакшы билесиң го.

**Сабира:** Сен эмне эле уйгактай жабышасың. Мээң барбы, мугалим айтып жатканда үйрөнүп албайт белең.

**Айжан:** Сабира, мен чын эле ошол күнү ооруп сабакка келе албай калгам. Бир сабакка катышпай калсаң түшүнбөй калат экенсиң. Сураныч, бир эле жолу көрсөтүп койчу.

**Сабира:** Убакытым жок, кандай түшүнбөйсүң?. Көрсөтпөйм дедим, көрсөтпөйм, - үнүнүн баардыгынча кыйкырып жиберди.

**Айжан:** Чочуп кеткен кыз кечирим сурап жиберди, - да жанынан кеткиче шашты.

**Мугалим:** Көрдүңөрбү кыздар, сылык жана терс мүнөздүү кыздарды сценкадан көрдүк. Силер андай болбогула.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Адамдардын кандай мүнөздөрүн билесиңер?*
2. *Жакшы мүнөз деген эмне?*
3. *Жаман мүнөз деген эмне?*
4. *Өзүңдүн мүнөзүңдөгү кемчиликтериңди оңдоп көрдүң беле*
5. *Жайдары мүнөздүү адамдар кандай сапаттарга ээ?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- *"Жакшы мүнөздүү кыз баарына үлгү, жаман кыз баарына күлкү"*
- *"Жаман мүнөздүү кыз – өз ырыскысын өзү тебет"*
- *Мүнөзү жакшы адам ишенимге ээ болуп, көп ийгиликтерге жетет;*
- *Жакшы адатка көнүк, ал – жакшы мүнөздүн калыптанышынын өбөлгөсү.*
- "Жаман мүнөздүү кыздар өзү боло албайт, болгонду көрө албайт".

**3-кадам: Жыйынтыктоо:** Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- Жашообуздун мазмундуу, максаттуу болушуна, адамдын кулк-мүнөзүнүн тиешеси барбы?
- Өзүбүздү тарбиялоо үчүн кандай мүнөзгө ээ болуу абзел?

**Үйгө тапшырма:** Үйүңөрдө кыргыздын кайсы баалуулуктарын (салттарды) колдоносунар? Дептерге жазып келгиле.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 2а) сабак

# ТЕМА: КАНДАЙ МҮНӨЗ КҮТСӨҢ, ОШОНДОЙ ТАГДЫРГА ЭЭ БОЛОСУҢ

***"Басылган кадам –адатка, адат-мүнөзгө айланат, мүнөз болсо – бул тагдыр"***
*(кыргыз элдик насаат)*



5-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** аралаш сабак
**Сабактын формасы:** психологиялык тест менен иштөө.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш**: Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Сабактын жабдылышы:** видеоматериалдар, акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Окуучулар кулк-мүнөз тууралуу түшүнүктөргө ээ болушат;
- Окуучулардын адамдардын мүнөзүн аныктай билүүгө түшүнүктөрү кеңеет.
- Окуучулардын мүнөз сылыктыкты, сыпайы болууга жакшы мүнөз күтүүгө, адептүүлүккө, ыймандуулукка, жаман менен жакшыны ажыратып билүүгө түшүнүктөрү тереңдейт;

- Сүрөт тарттырып, тест алуу менен окуучулардын кандай мүнөзгө ээ экендигине өздөрүн ынандыруу;
- Окуучулардын жакшы мүнөз деген кандай түшүнүктөрү терендейт;
- Сылыктыкты, сыпай болууга жакшы мүнөз күтүгө окуучулардын аң-сезими ойгонот;
- Үлгүлүү жүрүш-турушка, адептүүлүккө, ыймандуулукка, адамдарды урматтап-сыйлай билүүгө, өзүн-өзү таанып, тарбиялай билүүгө, жаман менен жакшыны ажыратып билүүгө багыт берүү асыл сапаттарга тарбияланат.

***1-кадам:* Сабактын жүрүшү**:

Сабактын темасы, максаты боюнча түшүнүк берүү. Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**II. Жаңы тема:**

**1-слайд: Мугалим:** ***<u>Мүнөз деген эмне?</u>*** *Мүнөз – бул адамдын жүрүм-турумуна, кыял-жоругуна, каш-кабагына, ой-жүгүртүүсүнө, бирөөгө кылган мамилесине жараша анын адамдык сапаттарынын, же деңгээлинин көрүнүшү.*

Мүнөз (грек тилинен характер) – айырмалоочу, өзгөчөлөөчү белги – кишинин жүрүш-турушун, кыймыл-аракетин мүнөздөгөн жеке психикалык касиеттеринин жыйындысы. Мүнөз ар бир кишинин өзгөчө кыял-жоругу, кайталангыс жеке сапаты болуп эсептелет.

Мүнөздө кишинин кайраттуулугу, эмоциялык өзгөчөлүктөрү тышкы чөйрөнүн таасирин сезүү темпераменти жана акыл өзгөчөлүгү байкалат. Мүнөз жеке кишиге таандык туруктуу касиет, бирок аны тарбиялоо менен өзгөртүүгө болот. Мүнөз кишинин жүрүш-турушун, кылык-жоругун, табиятка, коомго жана өзүнө кылган мамилесин көрсөтөт.

Мүнөздүн калыптанышында социалдык шарт, үй-бүлөдөгү, мектептеги таалим-тарбия, айланадагылардын жүрүш-турушу өтө маанилүү. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн мүнөзүн калыптандырууга алардын жакшы кыялдарын чыңдоого, терс кыялдардан четтетүү аракеттенүү зарыл.

Көпчүлүк энелер "баланы төрөйт экенсиң, бирок, кыялын кошо төрөбөйсүң" деген сөздөрдү кези келгенде көп эле айтып калышат. Адамдын мүнөзү ата-эненин берген тарбиясынан, өзүн курчаган чөйрөнүн таасиринен калыптанат жана тукумдан да берилет. "Ар кимде бар бир кыял, ал кыялды ким тыяр?" демекчи, ар бир адамдын эч кимдикине окшобогон кыялы айрым учурда жанындагыларга жакшы маанай тартууласа, айрым учурда терс таасирин тийгизет.

Элибиз илгертеден адамдагы сапаттарды оң жана терс деп экиге бөлүп келген. Адамдын жүрүм-туруму жана ошол оң жана терс сапаттар кишинин ыйман-наркын, адеп-беделин сыпаттап турат.

*Жакшы мүнөздүү адам – ал боорукер, жумшак, катуу сүйлөбөгөн, сылык, кичипейил адамдар.* Боорукер, жумшак адамдын бардык жакшы сапаттары адамгерчиликтүү адамдын негизин түзөт.

“Гумандуу” – деген сөз латын тилинен которгондо “адамгерчиликтүү” дегенди билдирет.

Мүнөздүн жакшысы – боорукерлик, ыймандуулук, мээримдүүлүк, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, уяттуулук, тартиптүүлүк, ак көңүлдүүлүк, бардыгына жакшылык каалаган, толеранттуу адам.

**2-слайд: Толеранттуулук деген эмне?** Толеранттуулуктун маанисин кыргызча сабырдуулук деп түшүнсө болот. 18-19-кылымдарда Францияда Беневенттик князь Толейран Перигор деген адам жашаптыр. Ал Франциянын бир нече өкмөтүнүн тушунда тышкы иштер министри болуп көп жылдары иштеген. Ал кызматкерлердин баарына терең кадырлоо менен мамиле кылчу. Ушундай жакшы сапаттары үчүн Толейрон ысмынан толеранттуулук деген термин келип чыгат.

Толерантуу инсандар жашоо турмушунда болуп жаткан ар кандай окуяларга чыдамдуулук менен мамиле кылып сабырдуу болушат.

Көңүлдүн таза болуусу адамды жаман мүнөздөн тазартат.

Бала төрөлгөндөн баштап, үй-бүлөсүндө өз ата-энеден тарбия алат. Алган тарбиясына жараша, жүрүм-турумга мүнөзгө ээ болот.

Мүнөзүнө карап, адамдын ким экенин билүүгө болот. Мүнөзү жакшы адам ишенимге ээ болуп, көп ийгиликтерге жетет. Урмат-сыйга татыктуу болот. Жаман мүнөз эч качан күтпө, ал – жаман тагдырдын себеби. Жакшы адатка көн, ал – жакшы мүнөздүн калыптанышынын өбөлгөсү.

**3-слайд: Жакшы мүнөзгө булар кирет:**

- *Мүнөзү жумшак* – катуу сүйлөбөгөн, сылык, кичипейил, кеңпейил адамдар;
- *Мүнөзү токтоо* – сабырдуу, токпейил, шашпаган, оор басырыктуу адамдар;
- *Бир мүнөз* – эч кимге сыр бербеген, өзү менен өзү жүрө берген, тике сүйлөгөн, бир сырдуу;
- *Эр мүнөз* – намыскөй, кайраттуу, эрктүү адамдар;
- *Берешен* – мүнөзгө ээ адамдар колунда барын жетим-жесирлерге, муктаж болгондорго таратып берет. Ал бул мүнөзү менен элден алкыш алат. Кыргыз элинде илгертеден бир урууда же бир айылда эл баккан берешен адамдар дайыма чыгып турган.
- *Бүйрөлүк* – адамдагы жакшы сапаттардын бири. Бүйрө адамдар – өз жашоо-тиричилигине тың, алыш-катыштын ордун билгендер. Мындай адамдар “чыгаша болмоюнча киреше кирбейт” дешкени менен чыгашанын чыгышына жол бербегенге аракет кылышат. Тууган-туушкан, дос-тааныштарына да каралашканды унутушпайт.
- *Даанышман дегенге татыктуулар* – төрт тарабы төп келген адамдар. Андайлар акыл жагынан да, сырткы келбет жагынан да алдыда болот. Баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү менен башкаларга үлгү боло алчу адам.

Адамда жогоруда айтылган жакшы сапаттардан да элпек, чыйрак, сабырдуу, боорукер сыяктуу бир нече мүнөздөр бар.

Жакшы сапаттардын ээси кайсы жерде болбосун урмат-сыйга ээ. Андыктан, ар бир жаш адам жаманаттуу болбой, өзүнө оң сапаттарды сиңириши кажет.

**5-слайд:**

*Жаман мүнөзгө төмөнкүлөр кирет:*

*Жаман мүнөздүү адам – ал тез ачууланган, терс кыял, орой, мүнөзү татаал, каар, кырс, жакшы менен жаманды айырмалай албаган адам.*

- *Чогоол мүнөз* – терс кыял, орой адамдар, мүнөзү катаал – каардуу, бурк этип бетке чабаар адамдар;
- *Мүнөзү татаал* – түшүнүксүз, айныма адамдар;
- *Алабарман* – шашма, чалды-куйду иш кылган адамдар;
- *Кырс мүнөз* – чорт кыял, бирөөгө оңою менен бир нерсе бербеген адам;
- *Мактанчаак* – дардаңпоз, өзүн көргөзгүсү келген, менменсинген, көтөрүлүп жүргөн адамдар.

Жаман мүнөздүү адам өзүнүн кемчилигин көрүүсү өтө кыйын болот. Улуу адамдар сенин жаман мүнөз күтүшүңдү каалабайт. Сага эскертишет, кээде катуу айтып тилдеши да мүмкүн. Демек өзүңө карата айтылган сын пикир, кеп-кеңешке чычалап, тил кайрыбай туура түшүнүү менен кабыл алышың керек. Ошондуктан досуңан сурап, жакындарыңан сурап өзүңдүн кемчиликтериңди билип анан жоюуга аракет кыл. Анткени, көнүмүшкө айланган нерседен кутулуу өтө кыйын.

Айрым адамдар ортосундагы мамилелерди ичтен иритип, жаман бурулуш жасап жиберүүгө шыктуу келишет. Мындай адамдар ичи тар, эч кимге жакшылыгы жок, карамүртөз болушат. Ишеничтен дагы бат ажырайт. Дагы жаман мүнөздүү адамдардын кээ бирлери калпычы болот. Алар сөз менен жанындагылардын ишенимине тез эле кирип, анан эле иш аткарылуучу убакытка келгенде четке чыга беришет.

Мүнөздү оңдоп алуу адамдын өз эркине, эс-акылына байланыштуу. Ошондуктан начар мүнөзүң болсо оңдоого тырыш!

Адамдын мүнөзүн табиятка салыштырып карасак, окшоштуктар абдан көп. Мисалы: Күн менен адамдын маанайын алып көрөлү. Күн - бул өмүр, жылуулук тартуулайт. Күндөн бардык жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр жана адамдар энергия алат. Ал эми адам дагы жылмайып мээримин төксө, аны көргөн адам көңүлү ачылып, жандүйнөсү жаркыйт.

Эгерде күн бүркөлүп, булут басып такыр ачылбаса, адамдын дагы көңүлүнө бир кусалык байырлап маанайы басмырт боло түшөт. Адамдын мүнөзү дагы кара булуттай түнөрүп көңүлү ачылбай турса жанындагы адам өзүн жаман сезет.

Ошого дайыма көңүлүңөр ачылып, сүйкүмүңөр артып, мээримиңерди төгүп, күлүмсүрөп гана жүргүлө. Ар дайым жаркылдап күлүп-жайнап жүргөнүңөр – бул мыкты сапатка кирет.

***2-кадам:***

**6-слайд:**

1. *Психологиялык тест менен иштөө:* Мугалим бул сабакта окуучуга өзүн-өзү таануусу үчүн сүрөт тарттырып, тест алуудан баштайт.
   *Бул оюндун шарттарын мугалим оозеки түшүндүрүп берет:*

- Бир барак кагаз жана карандаш колубузга алабыз;
- Ошол баракка тоонун, үйдүн, дарыянын, каптын (мешоктун) жана өзүңөргө жаккан бир жаныбардын сүрөтүн тартасыңар. Буга 20 мүнөт убакыт берилет. Барактын четине фамилияңарды жазып койгула;

20 мүнөттөн кийин мугалим барактарды топтоп алып, төмөндөгүдөй кылып чечмелеп берет:

- Тоонун учтары өтө шиш болсо, анда адам өтө ачуусу чукул болуп чыгат;
- Боз үйдүн сүрөтүн тарткан окуучу патриот болуп эсептелет;
- Дарыя үзгүлтүксүз тартылса адам өз алдынча иш кыла алат, ал эми дарыя үзүк-үзүк тартылса өзүнчө иш кыла албайт, бирөөнүн көрсөтмөсү менен гана иш кылат;
- Каптын (мешоктун) оозу буулуп тартылса адам өтө бышык, сараң болуп эсептелет;
- Ал эми каптын оозу ачык тартылган болсо, ал адам колу ачык, берешен март болуп эсептелет;
- Кайсы жаныбардын сүрөтүн тартса мүнөзү ошол жаныбардын мүнөзүңө окшош болот. Мисалы: иттин сүрөтүн тартса өтө сак, мышыктын сүрөтүн тартса үйдөн чыкпаган, арстан же жолборстун сүрөтүн тарса айбаттуу, эч нерседен кайра тартпаган адам.

Бул оюн аркылуу окуучулардын мүнөзүндөгү айрым кемчиликтерди аныктап жоюуга аракеттенсе болот же окуучулардын жакшы жактарын аныктап, өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

*Кулк-мүнөз* – бир кишини башкалардан айырмалаган өзгөчөлүктөрдү камтыйт. Адамдын мүнөзүнө жараша ой-толгоосу, кыялдануусу, максаты, ыйманы, акылы психологиялык негизи болот. Кишинин өзү жөнүндө ойлоосу, өзүнө берген баасы менен тандаган кесиби же жашоого койгон максаты да бири-биринен айырмаланып турат.

**7-слайд:** ***<u>Улуу адамдардан үлгү алалы:</u>***

Улуу адамдардын өзүн өзү тарбиялоого үндөгөн баа жеткис ойлору, сөздөрү кылымдан кылымга өтүп, унутулбай келет. Эмесе ар бир топ ушундай ой-берметтеринен таап айтып түшүндүрмө бергиле.

- Адам үчүн эң кыйыны, күн сайын адам болуу.

  *(Ч. Айтматов)*
- Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот.

  *(И. Раззаков)*
- Мен пикир кылып жатам, демек, мен бармын.

  *(Рене Декарт)*

Бул даанышман сөздөрдөн жыйынтык чыгарсак, адам билимдүү, өнөрлүү

болуу менен эле максатка жетпейт экен. Ар күн сайын өзүнүн адамдык сапаттарын сактап, жаман адаттардан алыс болуусу керек экен. “Аалым болуу оңой, адам болуу кыйын” – деген сөздө калет жок.

*Кана балдар, адамзатынын мүнөзүнө тиешелүү болгон оң сапаттарды санап чыгалы:*

- *Чынчылдык* – туура, чын сүйлөө. Чындык адамдардын ага болгон ишеничин арттырат. Чындык менен адамдын аброю, даражасы көтөрүлөт;
- *Сабырдуулук* – кыйынчылыктарды көтөрө билүү, ачуусун басуу;
- *Кичи пейилдүүлүк* – өзүн кармоо, жумшак мамиледе болуу. Боюн көтөрүп менменсинбөө;
- *Марттык* – бул колунда бар нерсени өзүнө, үй-бүлөсүнө, балдарына, жетим-жесирлерге, кедей-кембагалдарга сарптоо;
- *Мээримдүүлүк* – жумшактык, кең пейилдүүлүк, боорукерлик сапаттарды бириктирет;
- *Адилеттүүлүк* – ар бир ишти таразалай турган сапат;
- *Жөнөкөйлүк* – адамдын эң бир улук сын-сыпаты, мүнөзү.

*Адамзатынын мүнөзүнө тиешелүү болгон терс сапаттарды санап чыгалы:*

- *Жалганчылык* – калп сүйлөө, кимдир бирөөнү алдоо;
- *Кыянаттык* – бирөөнүн жакшы жагын көрө албоо, бут тосуу;
- *Ичи тардык* – байлык, мал-мүлктү башкалардан кызгануу. Кимдир бирөөгө жакшылык каалабоо;
- *Көрө албастык* – бул башкалардын жакшылыктарын, ийгиликтерин такыр көрө албайт;
- *Ушакчылык* – бул адамдардын ортосун бузуу үчүн таратыла турган сөздөр;
- *Зулумдук* – бир же бир нече адамдарга күч менен ээлик кылуусу. Үстөмдүк кылуусу.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Мүнөз деген эмне?*
2. *Жакшы жана жаман мүнөздүү адамдар кандай болот?*
3. *Сен өзүңүн мүнөзүңдү өзгөртө аласыңбы?*
4. *Өзүңдүн мүнөзүңдөгү кемчиликтериңди оңдоп көрдүң беле*
5. *Жайдары мүнөздүү адамдар кандай сапаттарга ээ?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- *Сыйдын баары сылыктыктан, ал эми сылыктык “сиз” деген сөздөн башталарын билип жүр!*
- *Оройлук адамды өзүнөн улуу-кичүүлөргө, курбу-курдаштарына жаман көрсөтөт;*
- *Мүнөзү жакшы адам ишенимге ээ болуп, көп ийгиликтерге жетет;*
- *Жаман мүнөз эч качан күтпө, ал – жаман тагдырдын себеби.*
- *Жакшы адатка көнүк, ал – жакшы мүнөздүн калыптанышынын өбөлгөсү.*

**3-кадам:**

**Жыйынтыктоо:** Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- Жашообуздун мазмундуу, максаттуу болушуна, адамдын кулк-мүнөзүнүн тиешеси барбы?
- Өзүбүздү тарбиялоо үчүн кандай мүнөзгө ээ болуу абзел?

**Үйгө тапшырма:** Менин кулк-мүнөзүм тууралуу башка инсандардын ой пикири. (Интервью алуу, классташтар арасында)

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 3 сабак

# ТЕМА: КАНДАЙ ЖАРАНДАР КАДЫРЛУУ, УРМАТТУУ, БЕДЕЛДҮҮ БОЛУШАТ?

***"Адам — адам менен адам"***
***"Адамдагы эң сонун нерсе — акыл менен билим"***
*(Элдик макалдардан).*



6-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** бышыктоо.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш**: Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Сабактын жабдылышы:** альбом барактары, түрдүү карандаштар, табличкалар, макал-лакаптар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд.

***Сабактын максаты:***

- Окуучулар кадыр-барк тууралуу түшүнүктөргө ээ болушат;
- Кантип адамдар кадырлуу, урматтуу, беделдүү болушат, ошол тууралуу түшүнүктөрү кеңеет.
- Үлгүлүү жүрүш-турушка, адептүүлүккө, ыймандуулукка, адамдарды урматтап-сыйлай билүүгө, өзүн-өзү таанып, тарбиялай билүүгө, жаман

менен жакшыны ажыратып билүүгө багыт берүү асыл сапаттарга тарбияланат;

- Окуучулар бир-бирине жасаган мамилени сезе билүүгө, баалай билүүгө үйрөнүшөт;
- Окуучулардын урматтуу, кадырлуу деген түшүнүктөрү тереңдейт;
- Улууга урмат, кичүүгө сый көрсөтүүгө, жакшы мүнөз күтүүгө окуучулардын аң-сезимин ойготуу;
- Адамга адамгерчиликтүү мамиле, үлгүлүү жүрүш-турушка, адептүүлүккө, адамдарды урматтап-сыйлай билүүгө, асыл сапаттарга тарбиялоо, жаман менен жакшыны ажыратып билүүгө багыт берүү.

***1-кадам:* Сабактын жүрүшү**:

Сабактын темасы, максаты боюнча түшүнүк берүү. Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**II. Жаңы тема:** Сабактын темасы доскага жазылат.

**Мугалим:** Кылым карыткан элибиздин тарыхында көз менен көрүп, кулагы менен уккан акылман карыялар көрөгөч адамдар жашап өткөн. Көз менен бир көрүп адамга баа берип, жакшы-жаманын, таалим-тарбиясын байкап баалашкан.

Эгер ата тектүү, кадыр-барктуу тукумунан болсо, тегинде бар да, деп кастарлашкан. Ошондой тукумдун балдары жаман чыгып кала турган болсо, дүнүйөң түшкүр, бабасын тартпай калган тура!-деп наарazы болушкан. Мындай учурда кадыр-барктуу аксакалдардын уяткаруу иретинде айткан акыл-кеби, насааты жаштар үчүн үлгү болгон. Калк кадырлап сыйлаган адамдардын сөздөрүн эки дебестен эл баалап уккан.

Баардык жарандар бул турмушта, үй-бүлөсүнөн, эл ичинен, коомчулуктан беделдүү кадыр-баркка, урмат-сыйга, элдин ишеничине ээ боло беришпейт. Иргелип, тандалып отуруп, өзүнүн бийик деңгээли менен башкалардан өзгөчөлөнгөн адамдар урмат-сыйга татыктуу.

Ал эми, калкты кастарлап сыйлаган, зоболосу бийик, көрөгөч-көсөм, даанышман адамдар кадырлуу болушат. Адамгерчиликтүү мамилеси менен өзгөлөрдөн айырмаланган жарандар эл алдында беделдүү.

Ошол үчүн ар бир адам – өзүнчө дүйнө. Ушул эле көз караш менен караганда өлкөбүздө жашап жаткан 7 миллиондон ашуун адам да өз-өзүнчө дүйнө. Ар бири өз ишеними, жашоого көз карашы, кыялдары, эргүүлөрү, келечекке койгон максаттары менен бири-биринен айырмаланып турат. Көпчүлүктүн кызыкчылыгы жана бейпилдиги үчүн коюлган эрежелерге ар бир адамдын баш ийүүсү шарт. Ансыз болбойт. Бирок ошол эле учурда “жазылбаган кээ бир мыйзамдар” бар экендигин да унутпоо керек.

Жалпы-жонунан бири-бирине окшош болгону менен, түпкүлүгүндө бири-биринен кескин айырмаланып турган адамдардын ынтымакта жана бейпилдикте жашоосу үчүн эң маанилүү нерсе – “адамды адам экендиги үчүн сыйлай билүү”. Эгерде адам өзүнө каалаган жакшылыкты башкага каалабаса,

анда ал чыныгы адамдык сапатка ээ боло элек. Ошондуктан адам башкалардан күткөн жылуу мамилени адегенде өзү башкаларга көрсөтүшү керек. Башкалардан сый күткөндөй эле, өзү да башкаларды сыйлаганды үйрөнүшү керек.

Ар бир адам өзүнө таандык кандайдыр бир атка ээ. Адам өзүнүн жасаган өрнөктүү ишин ошол аты аркылуу башкаларга таанытат. Эгерде өз атыңды булгабай таза сактайм десең иштеп ийгилик жарат. Адамга адамгерчиликтүү мамиле кылып үйрөн. Эл алдында өз жоопкерчилигиңди унутпа! Ошондо элге атың чыгат. Элге жакшы кеп кеткени – сенин зоболоңдун өскөнү. Зоболоңдун өскөнү – эл арасында кадырыңдын артканы. Кадырыңдын артканы – элдин кыйырына, узак элдин учуна атагыңдын кеткени. Иштеген ишиң, досторуң жана алдыга койгон максатың аркылуу далай элди, далай жерди көрөсүң. Сенин атагыңды алыс жактан уккан эл урматтап, сыйлап тосуп алышат. Дал ошондо калк кадырын “сен” дагы түшүнөсүң.

**1-слайд: 2-кадам:**

- ***Кана балдар, кадыр-барк дегенди кандай түшүнөсүңөр?*** (*Окуучулар жооп берет).*

Кадыр-барк (аброй) – бул өзүн-өзү жана башка инсандын аброюн сыйлоону түшүндүргөн адеп-ахлактык түшүнүк. Кадыр-барк – кишинин кандай экендигине жана анын чөйрөсүндөгү адамдардын кандай кабыл алып, кандай баа бергендигине карабастан, анын жеке өзүнүн ажырагыс бөлүгү. Конституциялык укук боюнча, кадыр-барк – мамлекеттин инсанга карата түпкүлүктүү мамиле негизи жана анын укугунун жогорку социалдык баалуулук катары кабылдашы. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, адам кадыр-баркы баа жеткис, кол тийгис жана кылмыш-жаза мыйзамдары менен корголот.

*Кыргыз элинин баатырдык эпосторунда кадырлуулук мындайча мүнөздөлөт:*

Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча Бакай элге кадырлуу, кыраакы, кеменгер адам. Бакай карыянын акыл-насааты, кеп-кеңеши баатырлар үчүн опол тоодой мурас болгон. Аны сыйлап-урматтап, төрдөн орун берип, өзгөчө баркташкан.

- Кана балдар, Бакай карыянын кадыр-баркын чагылдырган үзүндүгө назар салалы:

Көк жал Бакай абасы
Кайыптан акыл козгогон.
Көсөмдүгүн карачы,
Асыл Бакай абасы,
Нарктуулугун карачы.

**2-слайд:** “Улууга урмат, кичүүгө ызаат” деген макал бар элибизде. Улуулардын улуулугу, жаштарга берген тарбиясы, насааты, акылы, илими менен даңкталышат. Элибизде өзүбүздөн улуу жана кичүү адамдарга сый мамиле жасоо тартиби ага көрсөткөн урмат- деп айтылат.

*Кана балдар, кадырлуу-урматтуу болуу үчүн, кандай иш-аракеттерди аткарсак болот?*

*1-окуучу:* Көчөдө келе жатсак, бизден улуу адамдар чыкса салам берүү керек, эгер жумшаса “Макул” – деп тилин алып, максатын орундатса болот.

*2-окуучу:* Улуу адамдарга гана сый мамиле көрсөтпөстөн кичүүлөрдү да ызаатташ керек.

*Мугалим:* Негизи улуулар кичүүлөрдөн урмат көрүш үчүн өзүн өзү урматтап, татыктуу алып жүрүш керек. Ал эми ызаат деген түшүнүк кичүүлөрдүн ишин татыктуу баалап, аларга ишеним көргөзүп, аларды сыйлап, мактап, алкап туруу. Мисалы: Сыймык азаматсың, сенин тарткан сүрөтүң абдан сонун болуптур.

*Урмат кылуунун бир нече жолу:*

- *Улуулардын тилин алуу;*
- *Айтканына моюн сунуу;*
- *Улуулардын пикирин колдоо;*
- *Озунуп сүйлөбөө;*
- *Төргө өткөрүү.*

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Кандай жарандар кадырлуу, урматтуу, беделдүү болушат?*
2. *Кадыр-барк дегенди кандай түшүнөсүңөр?*
3. *Араңарда кадырлуу, урматтуу балдар-кыздар барбы?*
4. *Сен өзүңдү кадырлуумун деп ойлойсуңбу?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- Чыныгы адам болом десең, адам менен адам бол, ошондо эл арасында урмат-сыйга ээ болосуң.
- Эл камын көргөн адам – чыныгы элдин уулу!
- Атаң барда билимиңди байыт, акылыңды толтур, аң-сезимиңди өстүр, көз карашыңды калыптандыр, ата-тегиңди бил, ата-журтуңду тааны!
- Өнөр аркылуу өз элиңдин маданиятын башка элдерге тааныт!

**3-кадам: Жыйынтыктоо:** Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Улууга урмат, кичүүгө ызаат” деген макалды түшүндүрүп бергилечи.

**Үйгө тапшырма:** Силер тааныган кадырлуу, беделдүү, урматтуу адамдар кимдер? Жазып келгиле.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 4 сабак

## Тема: КЫЗ БАЛАНЫН ЖҮРҮМ-ТУРУМУ

*“Энесин көрүп — кызын ал, эшигин көрүп — төрүнө өт”*
*Жакшы мүнөз, өзүн-өзү тарбиялоо*



7-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.
**Сабактын жабдылышы**: Сүрөттөр, макал-лакаптар жазылган плакаттар.
Колдонулуучу меттодор: түшүндүрүү, практикалык.

***Сабактын максаты:***

- Адамдын мүнөзүнө тиешелүү сапаттары жөнүндө кыз баланын аң сезимине жеткирүү
- Кыз баланы мүнөзүн оңдоого, адамдарга жакшы мамиле жасаганга тарбиялоо;
- Кыз баланы жакшы мүнөз, жакшы сапаттарга ээ болгон сезимдерге тарбиялоо
- Улуу адептик-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү макал-лакаптардан, накыл сөздөрдөн чечмелей алышса;
- Башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү.

**Сабактын жүрүшү**:

Сабактын темасы, максаты боюнча түшүнүк берүү. Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Сабактагы негизги иш-аракеттер:**

- Адамдардын мүнөздөрү тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү;
- Мүнөз тууралуу макалдардын маанисин чечмелөө.

**II. Жаңы тема:** Сабактын темасы доскага жазылат.

**1-кадам: Мугалим:** Биз бүгүн **“Кыз баланын жүрүм-туруму – анын үй-бүлөсүнүн, мектебинин жүзү, адептүүлүгүнүн мүнөздөмөсү”** деген темада тарбиялык саат өтөбүз.

**1-Слайд:** Тарбия үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлөдөгү таалим-тарбия кыз баланын келечегин аныктоо менен коомдун жана өлкөнүн өнүгүүсүнө түз таасир этүүчү жараян.

Үй-бүлөдө адептик баалуулуктар муундан-муунга өтүп келе жаткан ишенимдердин, принциптердин жана үрп-адаттардын жыйындысы болуп эсептелет.

Үй-бүлө, кыргыз элинде коомдун пайдубалын түзүп ага чоң маани берилет. Үй-бүлө – бул маданий-тарыхый жана социалдык психологиялык чөйрө, баланын турмуш мектеби. Ал эми бала үй-бүлөнү бекем сактап турган фактор. Баласы бар үй-бүлө бактылуу үй-бүлө. Бала – бул өмүр, адамдын жашоосунун уландысы жана жашоо уюткусу болуп саналат. Ошондуктан бала үй-бүлөнүн тиреги, туткасы, ата-энелердин гана эмес бүтүндөй журттун артында из калтырып өлбөстүгүнүн, өсүп-өнүгүшүнүн шарты катары кабылданат. Үй-бүлөнүн балалуу болуп, аны чоңойтуу, эрезеге жеткирүү, тарбиялоо адам баласындагы негизги жоопкерчиликтүү милдет. Кыргыз эли илгертеден эле үй-бүлөлүк тарбияга чоң маани берип келишкен. Ата-эне баланын биринчи тарбиячылары жана өмүрлүк устаты. Баланын келечеги, билими, маданияты, жүрүм-туруму дагы ата-эненин сиңирген эмгегине, таалим-тарбия берүүсүнө байланыштуу болот. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө кыз балага мамиле - аны туура тарбиялоо менен байланышат.

«Тарбия – зор байлык», адамды тарбиялоо – өтө кыйын иш. Бул иш зор камкордукту талап кылат. Элде «Ким өз жүрөгүн канатпаса, ал баланы тарбиялай албайт», – деп чечмелеген. Эл ичинде «Атаны тартып уул туулбайт, энени тартып кыз туулбайт», «Баланы айтып, деп, баштап оң жолго салбаса оңолбойт, адам болбойт» (Карасартова Ж.Б., Имангазиева Р.У., 2015) - деген кеп, сөздөр да баланы тарбиялоонун зарылдыгын айкындап турат. Кыргыз эли тарбиялоонун максаты жана мазмуну жөнүндөгү кылымдардан берки түзүлгөн туптүү көз караштарын «адам кылуу» деген жөнөкөй жана улуу түшүнүк менен туюнтушат (Алимбеков, 1996, 50-б.). Кыргыз үй-бүлөсүндөгү тарбиянын структурасы жөнөкөй түзүлүшкө ээ болгондугуна карабастан анын таасирдүүлүгү, натыйжалуулугу өтө терең болуп, тарбиялануучунун кылык-жоругун, коомдук аракеттерин тартипке салып, көз жаздымдан чыгарбай, ар

дайым көзөмөлдөп турган. Чындыгында «адам болуу» маселеси адамзат жаралгандан бери эле эң маанилүү көйгөй болуп келет.

«Адам бол» деген бийик талапты ар бир ата-эне кызы болобу же уулубу сөзгө түшүнө баштагандан эле кулагына куюп, жан дүйнөсүнө сиңире баштайт. Адам баласы жарык дүйнөгө жакшы, же жаман, адептүү же адепсиз болуп келбейт. Ар кыл таасир этүүчү факторлордун жыйындысы аны мындай же тигиндей кылып калыптандырат. Сырткы чөйрөнүн таасирин кабыл алып, аны таанып билүү менен гана чектелбестен, анын таасири менен бала жаман же жакшы сапатка ээ болот. Мында баланын сезгич, бат таасирленгич кезинде, анын дүйнөсүнө себилген тарбия «үрөндөрү» жемиштүү түшүм берерин турмуш тажрыйбасы далилдеген.

Кыз баланы тарбиялоо башаты канчалык эрте болсо, ошончолук пайдалуу дешет. Алсак, “Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет”, – деп кыз балдарды тарбиялоодо ата-эненин ролу чоң экендиги баса көрсөтүлөт. Кыргыздарда элдин түшүнүгүндө адам жашында жабышкан жаман адат, өнөкөт өлгөндө калат. Мына ошондуктан «Жаш кезиңде билгениң ташка тамга баскандай» деген эреже (Алимбеков,) Балага жакшы тарбия берип, коомго пайдалуу адам катары даярдоо ата-эненин иш-аракеттеринин негизги маңызын түзгөн.

Адептүүлүк адамдардын жеке, коомго жасаган мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым катнашына, жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк, уятсыздык, айкөлдүк, мыкаачылык деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Адеп тарбиясы үзгүлтүксүз жараян, ал бала төрөлгөндөн эле баштап, инсандын бүт өмүрү өткөнчө улантылат. Салттуу тарбия системасында адептик баалуулуктарды балага калыптандыруу башкы максат болгон. Ата-эне баланы адептүүлүк жактан туура тарбиялоого, аларга чыныгы адамдык сапаттарды берүүгө жана коомдук турмуш-тиричилигине аралаштырууга түздөн-түз милдеттүү деп эсептелип келген. «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт», «Сөз чакырат, үлгү өзүнө тартат жигитти», – деген макалдын акыл-ой мурастары кыздардын адептик жактан жакшы жүрүм-турумга ээ болушу үй-бүлө турмушунда атасынын же энесинин, ага-эжелеринин, ошондой эле улуу муундагы адамдардын адептүү жүрүш-турушуна, эмгектеги чыгармачылык жакшы иш-аракеттерине жана адамдык сапаттарына жараша түзүүлөрүн далилдейт. Үлгү көрсөтүү, өзгөчө ата-эненин жеке үлгүсү – элдик тарбиядагы эң күчтүү методдордун бири.

**2-Слайд:** Кыздардын адеп тарбиясы Кыргыз эли кичине кезинен эле кыз балдардын кулк- мүнөзүнө кылдат байкоо жүргүзүп, алардын адебине, жүрүм-турум маданиятына катуу талап коюшкан. Кыз баланы психологиялык жана физиологиялык, жаш курактык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөр менен өсүп жетилишине, акыл эсин өстүрүүгө, тарбиялоого аракеттенишкен. “Уулдуу болсоң узун сүйлөбө, кыздуу болсоң кыя сүйлөбө” деген макалдары да белгилүү кыздарга коюлган талап, аларды тарбиялоонун көп кырдуу өзгөчөлүгүн мүнөздөп турат. Бул да болсо адеп-ахлактын негизи жана үй-бүлөнү сактоо болуп саналат. Жакшы энелер кызга жаштайынан турмуштун

өйдө-ылдыйына ийкемдүү болуусун үйрөтүп баштайт. 13 жаштагы кыздардын чачын өрүү өзгөчө окуя катары эсептелген. Мында кыздын чачын байбичеге же өзүнүн жакшы касиеттери менен айырмаланган аял кишиге, анын касиеттери кызга жуксун деген ниет менен өрдүрүшкөн. Кыздардын чачын өрүү менен аны чоңоюп калганын билдирип, кыз балалык кийимин алмаштырып, чапан кийген, ар кандай кооздуктарды тагынган, балдар менен ойнобой, токтоо, уяң, жумшак болууга, улууларга урмат, кичүүлөргө ызат кылууга үндөп, үй ичиндеги жумуштарды аткарууга үйрөтүп, иштүү, колунан ар нерсе келе турган кызды энеси, жеңеси тарбиялаган (Жаныгулов, 2009, 26-б.).

Ал эми азыр байкасак кыздардын жүрүм-туруму башкача, чач өрмөй кайда? Мектепке чачтарын тыкан байлап же өрүп алгандын ордуна «сапсаңдатып» кое беришет. Көзүнө кирип, сырттан карап турган адамга жакшы көрүнбөйт. Тыкан мектептин формасын кийген кыздар көзгө да сүйкүмдүү көрүнөт.

Бой жеткен кызга күчөтүлгөн талаптарды коюп, ата-энеси, урук тууганы, айыл аксакалдары анын жүрүм-турумуна, жасаган ишине карата активдүү көзөмөл жүргүзүшкөн.

Мындай жалпы көңүл буруу кыз балдардын адеп-ахлактык тарбиясына терең маани бергендин далили. Анын бүгүнкү тарбиясы эртеңкисине кедергисин тийгизбесе экен деген таризде көбүрөөк көзөмөлгө алышкан. Кыргыздарда “Кыз - башка үйдүн жарыгы”, “Энесин көрүп, кызын ал”, “Атасы жаман аз-аздан оңолот, энеси жаман эзели оңолбойт” деп бул маселеге өтө жооптуу караган. Башкача айтканда, кызды бүт айылы менен тарбиялаган. Кыз келин болуп барган жерине уят болуп калбашы үчүн толук кандуу тарбия берүүгө энеси жана жеңелери бүт аракеттерин жасашкан. «Кызга ата-эне так жасайт, бак жасабайт» делип кыз баланын камын көрө башташкан. Ошондуктан “Кызга кырк үйдөн тыюу”, “Кыздуу болсоң көздүү бол” деген макалдар келип чыккан.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *“Адам бол!” дегенди кандай түшүнөсүңөр?*
2. *“Өлкөнүн татыктуу жараны болуу үчүн адам кандай болот?”*
3. *Маданияттуу болууга кыз баланы кичинесинен кандай үйрөтүү керек.*
4. *“Адептүүлүк адам көркү” дегенди кандай түшүнөсүңөр?”*
5. *Кыздардын жүрүм-туруму кандай болуш керек?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



1. Алысты жакын кылган кыз, тамакты таттуу кылган туз.
2. Бала жакшысы атанын даңкы, кыз жакшысы эненин даңкы.
3. Жакшы кыз кылыгы менен, жакшы ийне учугу менен.
4. Кыз — башка үйдүн жарыгы.
5. Кыз жакшысы — жакадагы кундуз.

**2-кадам: Жыйынтыктоо:** Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Алсак, “Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет”, - деген макалды түшүндүрүп бергилечи.

**Үйгө тапшырма:** «Гүл өссө – жердин көркү, кыз өссө – элдин көркү», деген темада дил баян жазуу.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 4а) сабак

## ТЕМА: ӨЛКӨНҮН ТАТЫКТУУ ЖАРАНЫ БОЛУУНУН ЖОЛ-ЖОБОСУ.

## ОКУУЧУНУН ЖҮРҮМ-ТУРУМУ – АНЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНҮН, МЕКТЕБИНИН ЖҮЗҮ, АДЕПТҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

***“Перзентти беш жашка чейин падыша деп бил,***
***беш жаштан он беш жашка чейин аны***
***кызматчыңдай кара, он беш жаштан***
***кийин болсо ага теңтушуңдай мамиле жаса”***
*(Япондук тарбиядан)*



8-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык, индуктивдүү, дифференциялык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, пратикалык

***Сабактын максаты:***

- Окуучулар “жаран тууралуу  түшүнүккө ээ болушат;
- Окуучулардын жарандык милдетин жана мамлекеттин татыктуу жараны болууга карата түшүнүктөрүн калыптандыруу.
- Окуучулардын “жаран”  деген түшүнүктөрү тереңдейт.

- Окуучулардын Мамлекеттик жараны катары акыл-эстүү, боорукер адам болууга, адептүүлүккө, ыймандуулукка, мээримдүүлүккө, гумандуулукту билүүгө түшүнүктөрү терендейт;
- Окуучулар бир-бирине жасаган мамилени сезе билүүгө, баалай билүүгө үйрөнүшөт;
- Башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү.

***1-кадам:*** **Сабактын жүрүшү**:
Сабактын темасы, максаты боюнча түшүнүк берүү. Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Мугалим:** Өлкөнүн татыктуу жараны болуунун жол-жобосу – бул кыргыз үй-бүлөсүндө балага мамиле – аны туура тарбиялоо менен башталат. Ата-эне баланы жаратпандыгы үчүн эмес, аны адептүү, акылдуу кылып тарбиялагандыгы үчүн өлкөнүн, элдин алкышына ээ болот.

*Жаран* – укуктук негизде белгилүү бир мамлекетке таандык адам. Жаран кеңири укуктар менен эркиндиктерге жана белгилүү милдеттерге да эгедер. Айкын мамлекеттин жараны өзүнүн укуктук абалы боюнча чет элдик жаран жана ал мамлекеттин аймагында жарандыгы жок адамдардан айырмалуу. Алып айтсак, саясий укук жана эркиндиктерге жаран гана ээ боло алат.

Жарандык милдет – конституция, укук актылар тарабынан бекитилген укуктук милдеттерди конкреттүү өлкөнүн жараны сөзсүз түрдө аткаруусу. Жарандык милдетти алуу, ажыроо, эл аралык макулдашуу, мыйзам аркылуу жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын
ишке ашырууда.

Кыргыз жараны – бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, КР Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар.

Ар бир инсан кайсы бир өлкөнүн жараны болуп эсептелинет. Ал эми жаран деген түшүнүк – укуктук негизде белгилүү милдеттерге да эгедер. Айкын мамлекеттин жараны өзүнүн укуктук абалы боюнча чет элдик жаран жана ал мамлекеттин аймагында жарандыгы жок адамдардан айырмалуу. Алып айтсак, саясий укук жана эркиндиктерге жаран гана ээ боло алат жаран мыйзамды урматтого, жаратылышты коргоого милдеттүү.

**2-кадам: Мугалим:** *Кана балдар айткылачы өлкөнүн татыктуу жараны болуу үчүн жаран кандай болуу керек?*
*1-окуучу:* билимдүү, сабаттуу, көрөгөч, акылдуу;
2-окуучу: боорукер, толеранттуу, калыс, өжөр.

*(Окуучулар өз ойлорун айтышат)*

**Мугалим:** Мына балдар, татыктуу жаран болуу үчүн жарандык эң мыкты сапаттарды санап чыктыңар. Чындыгында татыктуу инсан болуу үчүн

жалпы жарандардын муктаждыгын камсыз кылуу иретинде адабий, искусство, чеберчилик, илим тармагында да ачылыштарды жаратуу бирден бир салым болуусу керек.

**2-слайд:** Өлкөнүн татыктуу жарандары: Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов, Алыкул Осмонов, Бүбүсара Бейшеналиева, Чыңгыз Айтматов, Мирсаид Миррахимов, Мамбет Мамакеев ж.б..

*(Жогорудагы инсандар тууралуу окуучуларга кыскача маалымат берүү)*

Бул инсандар мамлекетке опол тоодой эмгек өтөп, Кыргыз Республикасынын татыктуу инсандары деген наамга ээ болушту.

Мына балдар, "Эр эмгегин жер жебейт" деген ушул. Канчалык адилеттүү адал иш жасасаң анын үзүрү ошончолук түшүмдүү болот.

Андыктан билимдүү, мамлекеттин кызыкчылыгын көздөгөн, намыскөй, патриот инсан болууга ашыгалы.

**3-слайд: II. Окуучунун жүрүм-туруму – анын үй-бүлөсүнүн, мектебинин жүзү, адепттүүлүгүнүн мүнөздөмөсү**

А.С. Макаренко: "Биздин милдет – балдардын жүрүм-турум маселелерине туура, акыл-эстүү мамилеге үйрөтүү менен чектелбейт, туура адаттарга тарбиялоо керек.

Окуучунун эң биринчи тарбиясы, жүрүм-туруму өз үй-бүлөсүнөн башталат. Ата-эне балдар үчүн үй-бүлөдөгү эң негизги үлгү. Үй-бүлө мамлекеттин ячейкасы. Үй кирпичтерден куралган сыяктуу үй-бүлөдөн мамлекет куралат.

Ата-эне балага турмушта өз ордун тапкан, көксөгөн максатына жеткен, өзүн маданияттуу алып жүргөн жүрүм-турумун, кыял-жоругун жөнгө салат. Андай балдар эч качан бирөөгө жаман сүйлөбөйт жана өз чөйрөсүндө да кадыр-баркка ээ болот.

Ыймандуулук, адептүүлүк, маданияттуулук, акылдуулук, эстүүлүк адилеттүү балдарга таандык. Адептүүлүктүн эрежелерин бизге кичинебизден ата-энебиз, мугалимдер, улуу адамдар үйрөтүшөт. Бизде мындай сапаттар калыптанса келечекте даражалуу, мартабалуу инсан болуубузга күмөн жок. Баланын жакшысы үй-бүлөнүн, мектептин күзгүсү.

Адептүүлүк тууралуу ыр саптан.

**КУБАНЧУ КҮНДӨР КӨП**

*1-окуучу:* Адептүү баламын,
Айтса тил аламын.
Бир жакка жумшаса,
Буйдалбай барамын.

*2-окуучу:* Көргөндө адамды,
Жай шилтеп кадамды.
Алдынан чыкыйып,
Айтамын саламды.

*3-окуучу:* Көп жаша уулум! – деп,

Кетет ал күлүндөп!
Кубантып далайды,
Кубанчу күндөр көп.

***4-слайд: Ким накыл сөздөрдү билет?***

*1-окуучу:* Адептүүлүк адам көркү.
*2-окуучу:* Адамдын сөзү акылдын таразасы.
*3-окуучу:* Жакшы болсоң жатык бол
Улук болсоң кичик бол!

Кыргыз эли ата-эненин, үй-бүлөнүн үлгүсүн, балдарга карата таасирдүүлүгүн белгилешкен. “Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт”, “Эжени көрүп сиңди өсөт”, “Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт”, “Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат”, “Алма сабагынан алыс түшпөйт”.

Макал-лакаптар балдардын жүрүш-турушундагы жакшы же жаман сапаттарга ата-эненин үлгүсүнүн таасири түздөн-түз экендигин көрсөт.

Үйрөнгөн, билген адептерин бала мектептен мугалимдерге, коомго көргөзөт. Жүрүм-туруму үлгүлүү, дайым алдыга умтулган, көрүп-билип ынтызар болгон бала коомдогу иштерге да активдүү катышат, өзүн көрсөтө алат.

Үй-бүлөдө, мектепте, үлгүлүү жүрүм-турумга ээ болгондуктан элдин сүймөнчүлүгүнө айланат. Ата-эненин ардактуу баласы жана мектептин жүзү болот.

Жоопкерчиликтүү, кылган ишине так, өзүн таза, тыкан алып жүргөн балдар сөзсүз мектеп жамаатына жана мектеп окуучуларына сүйүктүү бала катарында жагат.

Ошондой болсо да көпчүлүк учурда ата-эненин үлгүсү балдар үчүн таасирдүү экенин танууга болбойт. Үй-бүлөдөгү ынтымак баланын адептүү өсүшүнүн бир себеби болот. “Ырыс алды ынтымак” – дейт элдик акылман сөз.

Чындыгында бирин-бири кадырлап, уруш-талашсыз жашаган ата-эненин тарбиясында өскөн балдардын көпчүлүгү адептүү, ырайымдуу, боорукер болуп өсөт. Кыргыз эли байлыкты биринчи орунга коюп, баюуга умтулган эмес. Ырыстуу – ынтымактуу жашоо – деп түшүнүп, балдарды да өз айланасындагы адамдар менен ынтымактуу болууга чакырган. Ал эми үй-бүлөдө дайыма уруш, чыр-чатак, бир-бирине көңүл бурбагандар, бир-бирин сыйлабагандар, улуусу кичүүсүн ызааттабаган, кичүүсү улуусун урматтабаган болсо, ал үйдөгү өскөн бала түнт, сүйлөбөгөн болуп, корс, тез ачууланган, кыйкырып сүйлөгөн болуп чоңоет. Ошого ата-эне балдарын ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзүп берүү, жакшы тарбиялоо, сый-урматка үйрөтүүсү керек. Ошондо, жакшы тарбияланган үй-бүлөдө бала эмгекчил да, тартиптүү да, ынтымактуу да болуп өсөт.

Эркек балага эне адебин үйрөнүп, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүдөн тышкары да “эл четинде, жоо бетинде” өзүн татыктуу алып

жүрүү үчүн атанын тарбиясын алуу зарылдыгы келип чыккан. Аталар эркек балдарды Ата-Мекенди, элин, Ата-Журтту жана туулган жерди баалоого, көздүн карегиндей сактоого, коргоого, эч кимге тепсетпөөгө, ошондой эле эрдик жаратууга үйрөтүшкөн. Ата тарбиясын алган бала эрктүүлүккө, кайраттуулукка, чыдамкайлыкка, тайманбастыкка үйрөнүп, ат үстүндө чапчаң, шамдагай, ыкчам жүрө билүүгө, айткан сөз, берген убадага бек болууга тарбияланат.

Аталар өз балдарын Ата-Журт үчүн өз өмүрүн да аябоого, туулган жердин топурагын, караанын баалоого үйрөтөт. Чындыгында эле ата тарбиясы эркек бала үчүн аба менен суудай эле зарыл экендиги, эне болсо – өтө сезимтал, жашоонун ысыгына да, суугуна да чыдаган, ачуу-таттуусуна да моюн сунган асыл жан деп билебиз. Демек, адамдын жашоосунда жанындагылардын таасири жана үй-бүлөнүн орду эң маанилүү.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Өлкөнүн татыктуу жараны болуу үчүн адам кандай болуусу керек?*
2. *Мекенине, туулуп өскөн жерине болгон сүйүүңдү кантип билдиресиң?*
3. *Үй-бүлөнүн жүзү дегенди кандай түшүнөсүңөр?*
4. *Өзүңдү адептүү окуучумун деп эсептейсиңби?*
5. *Мектептеги укугуңду билесиңби?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- Чыныгы адам болом десең, адам менен адам бол, ошондо эл арасында урмат-сыйга жетесиң!
- Адам болом дегендин, адам менен иши бар.
- Эл камын көргөн адам – чыныгы элдин уулу!
- Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт.
- Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат.
- Алма сабагынан алыс түшпөйт.

**3-кадам: Жыйынтыктоо:** Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Өнөр аркылуу өз элиңдин маданиятын башка элдерге тааныт!”
  - деген макалды түшүндүрүп бергилечи.

**Үйгө тапшырма:** “Мамлекетти коргоо жарандык милдетим деп эсептейм” деген темада дил баян жазуу.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 5 сабак

## ТЕМА: СЕНИН БҮГҮНКҮ КЫЛЫК-ЖОРУГУҢ, ЖҮРҮМ-ТУРУМУҢ, КЫЛГАН ИШИҢ, АДАМГА МАМИЛЕҢ – ЭРТЕҢКИ МҮНӨЗҮҢДҮ АНЫКТАЙТ.

## МҮНӨЗҮ ЖАКШЫ КАЛЫПТАНГАНДЫН – ТАГДЫРЫ ТААЛАЙЛУУ БОЛОТ. АДАТТАН – МҮНӨЗ, МҮНӨЗДӨН – ТАГДЫР ЖАРАЛАТ.

**“Адаттан – мүнөз, мүнөздөн – тагдыр жаралат”**



9-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, пратикалык
**Сабактын жабдылышы:** акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Окуучулар жүрүм-турум боюнча кеңири түшүнүктөргө ээ болушат;
- Окуучулардын жакшы мүнөз күтүү, адептүүлүк тууралуу түшүнүктөрү кеңеет;
- Окуучулардын жүрүм-турум эрежелери жөнүндө, боорукер, ынтымак-достуктун баалуулугу түшүнүктөрү тереңдейт.
- Жүрүм-турум эрежелерин чагылдырган ырлар аркылуу окуучулардын аң-сезимин ойготуу. Акылын кеңейтүүгө карата ой-толгоону көнүктүрүү;
- Окуучуларды акыл-эстүү, боорукер, чынчыл болууга, мээримдүү, гумандуу, ынтымак-достукка, кайрымдуу болууга кең пейилдикке, ж.б. асыл сапаттарга тарбияланат;
- Окуучулар бир-бирине жасаган мамилени сезе билүүгө, баалай билүүгө үйрөнүшөт;
- Өз өлкөсүнүн келечекте өнүгүшү үчүн Мекенине өзүнүн салым кошуусу зарыл экенин сезишет.

I. **Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

II. **Жаңы теманы баяндоо:**

**1-кадам: Мугалим:** Сенин бүгүнкү кылык-жоругуң, айкөлдүк, чынчыл, калп сүйлөбөгөн, токтоо, ар бир сөздү орду менен сүйлөө, кичипейил мамилең менен сый көрсөтсөң, кечиримдүүлүк, мээримдүүлүк, жоопкерчиликтүүлүк, мекенчилдик, ар дайым жумшак мамиле кылсаң, жакшы, жагымдуу сөзүң менен кубандырсаң, жайдары мүнөзүң менен суктандырсаң, демек сен адептүүсүң.

**1-слайд: Жүрүм**-турумуң – ак ниет, адилет, "улууну урматтаган, кичүүнү ызаттаган", жоомарт, сабырдуу, жөнөкөй, менменсинбеген, бир туугандарына, айылда кошуналарыңа, мектепте курбуларыңа, классташтарыңа, мугалимдериңе калыс бол!

Ыймансыз, жалганчы, жоопкерчиликсиз, туруксуз, шалаакы, оройлукка, көпкөлөңдүккө барба. Эгерде кыз-жигит моралдык жүрүм-турум нормаларына ылайык тарбияланган болсо, анда ал адептүүлүктүн жана ыймандуулуктун принциптерин дээринде сактаган, керилген жигит, сыланган селки болуп калыптанат.

Улуулардан уккан нуска сөздөрдү, акыл-насааттарды, макал-лакаптарды эсине сактап, аны турмушка пайдаланууга үйрөн!

*Кылган ишиң* – мээнетиң менен эмгектенүү, маңдай териң менен бир ишти жасап бүтүрүү. Буга өжөрлүк, ийкемдүүлүк, эрктүүлүк, чыдамкайлык, курчттуулук, кужүрмөндүк, убадага бектик, жоопкерчилик кирет.

*Адамга мамилең* – адилеттүү, жоомарт, "таш менен урганды аш менен урган", жакшы мамилең менен жагымдуу маанай тартууласаң, чоң адамдарга

сылык-сыпаалык кылсаң, чын ниет, чын дилден жакшы мамиле кылсаң – бул кичипейилдиктин, мээрмандыктын асыл сапаты.

Адам-адамга ар дайым жакшылык каалап, колунан келген жакшылыгын аябаса, керек учурда муктаж болгондорго чын дилден, кеңпейил мамиле кылса, жагымдуу сөзүн айтып, моралдык же материалдык колдоо көрсөтүп, көңүл кушун көкөлөтө кубандырса, анда анын жан дүйнөсү бай. Жан дүйнөсү бай адам, ой-тилеги тунук, дили таза, боорукер, сылык жакшы сапаттарга ээ адам.

Эгерде адамдын дили кир болсо, пейили тар, өзүмчүл, кара өзгөй болсо, сын пикирди айтсаң тескери кабыл алса, кылган жакшылыгыңды баалабаса – ошондойлордун таалайы тайкы болот.

Эне баланы төрөйт, мүнөзүн кошо төрөбөйт. Атанын, эненин калыптанып калган мүнөзү, адаты, сапаты балада да болот. Ар түрдүү адамдардын ар башкача мүнөзү бар. Кээ бири жакшы мүнөз күтсө, кээ бири чалпоо, чыр, ажаан, кыйкымчыл, майдачыл, көр жеме мүнөзгө ээ болушат. Жакшы мүнөз күтүп тагдырын таалайлуу кылып алгандар өтө аз. Кемчиликсиз адам болбойт дегендей баардыгында кемчилик болот. Жарык дүйнөгө, ай-ааламга жар салып келген бала дагы мүнөз күтөт. Наристе бирде ыйлаак, бирде жоош, айрым учурда эч нерсени жактырбаса, кээде чын дили менен каткырып күлүп ата-энени сүйүнтөт. Ушул учурдан баштап баланын мүнөзү калыптана баштайт. Ал өсүп чоңойгончо мүнөзү миң түрлүү болуп кубулат. Туруктуу, оор басырыктуу, ачык айрым, ичинде кири жок, жөнөкөй, адамгерчиликтүү балдар өзгөчө мүнөздөрү менен коомчулукка бат алынат. Алар турмуш курганда да үлгүлүү жүрүм-турум менен дайыма калың-журттун көзөмөлүндө болот. Турмуштун ачуу-таттуусуна жеңилбей сабырдуулук менен чечим чыгарган балдар таалайлуу тагдырга жолугат.

Кыргызда сөз бар, “адамдын ниетине жараша тагдыр” деген. Анын сыңары, өз тагдырыңарды өзүңөр чече турган болсоңор, анда дилиңерге жакшы ойлорду түнөткүлө, дилдеги жакшы ойлоруңар дайым айтчу сөзгө айлансын. Мүнөздөрдү жакшы калыптандырсаңар, анда тагдырыңар таалайлуу болот!

“Адаттан – мүнөз, мүнөздөн - тагдыр” деген макал бар.

- Адат деген эмне, балдар? Кандай ойлойсуңар.
- “Оору калса да, адат калбайт” – деген макал бар. Адамдын адаты өзү эле кете койбойт. “Сөзүңдү түздө – адатыңа айланат” Адатың – мүнөзүңө айланат. Мүнөзүң – сенин тагдырың” деген. Шортонбай Канай уулу: “Сүт менен бүткөн мүнөз – сөөк менен кетет” десе. Абай Кунанбай уулу ага каршы чыккан: “Адам мүнөзүн түздөп болбойт” дегенге мындай айткан: Адам өз заманына карап, ой жүгүрткөнү анык. А биз өз заманыбыздагы адамдын кулк-мүнөзүн изилдеген соңку жаңылыктардын натыйжасына карап отуруп, пикир билдиребиз.

Адамзаттын пайгамбары Мухаммед: “Мүнөздөрдү көркөмдөгүлө” деген. Демек, кандай мүнөз болбосун тарбияласа болот. Мүнөз деген – майда адаттардын жыйынтыгы.

“Адат – адамдын күнүмдүк тиричилик муктаждыгына байланыштуу калыптанган туруктуу мүнөз. Ошондой эле, адат деген нерсе элибизде салт-санаа, үрп-адатка да тиешелүү айтылат. Ата-энесинин жасаганын көзү менен көрүп, аң-сезимине сиңирген бала аны автоматтык түрдө жасай баштайт.

**2-слайд: Мугалим:** Кана балдар, жүрүм-турум эрежелерин чагылдырган ырлардан көркөм окуйлу.

*Жакшы кыз: (Жумабеков Мухамед)*

Сайраган жайкы булбул –
Гүлдүн көркү
Жаркырап жайнаган кыз –
Үйдүн көркү.

*Жаман кыз: (Жеңишбек уулу Сыймык)*

Айылдан айыл кезген кыз,
Ата-энеден безген кыз.
Чарчабай басып жүргөн кыз,
Ушактын сөзүн сүйгөн кыз.

*Жакшы кыз: (Кошбаев Назар)*

Жакшы кыз – жайкы таңдай
Үйдүн куту.
Аңкыган гүл буруктай –
Кыздын жыты.
Берметтей жаркыраган
Катар тиши.
Келтирип сайма саят –
Анын иши.
Ыракмат айтып кетет
Көргөн киши.

*Жаман кыз: (Акунов Калыс)*

Уяты жок – таскак кыз,
Этек-жеңи баткак кыз.
Кашына көөнү сүрткөн кыз,
Кишинин баары үрккөн кыз.

*<u>Эми мырзалар жөнүндө кеп салалы</u>*

*Болор жигит (Рыскулова Нурайым)*

Адам болор жигиттин,
Ак бетинде нуру бар.
Ар кимдерге ашкере,
Айтылбаган сыры бар.
Жакшы болоор жигиттин,
Жүрөгүндө мүлкү бар.
Ырысы толуп үйүнө
Тамаша менен күлкү бар.
Азгырсам деп мындайды
Аңдып жүргөн түлкү бар.

*Болбос жигит (Жылдызбек кызы Диана)*

Сөздөн калар жигиттин
Күндө бүтпөйт урушу.
Конок келсе жазылбайт,
Маңдайынан тырышы.

*Болор жигит (Жумабаева Самара)*

Сөзгө алынар жигиттин
Сарайында сынчы бар.
Сарасеп менен сүйлөгөн,
Сөздөрүнүн курчу бар.
Душманына калганда,
Калемпир менен мурчу бар.

*Болбос жигит (Асылбек кызы Айгүл)*

Ичерине аш таппай,
Жалдыратат көзүн.
Болбос жигит терс басат,
Терстигинен эл качат.
Адамсынып короет,
Өзүнөн өзү зороет.
Иште деген кишиге
Жеп ийчүдөй ороёт.
Баардыгы айтат:
Жанына пайда келтирген
Жакшыдан теңтуш күткүнүң.
Жарым ай жолдош болбогун,
Жамандан күдөр үзгүнүң.



10-сүрөт. . Булагы: интернеттен

*Этикалык билимдин (Жүрүм-турум нормаларын билүүнүн) мааниси*

Мугалим: Азаматсыңар! Эми жүрүм-турум эрежелери боюнча бир аз сөз кылалы. Биздин жасаган иш-аракеттерибизди, жүрүм-турумубузду жалпылап **3-слайд: ЭТИКА** деп айтышат.

Этика (грек. – адат, салт, каада) – философиялык илиминин бир булагы.

- Философиялык этика кишинин кулк-мүнөзү, жүрүм-туруму жөнүндөгү идеологиялык түшүнүк;
- Адеп, сылыктык, тартип ченеми.

**2-кадам:** Этика – байыркы теоретикалык илимдердин бири, философиянын бөлүгү
катары кул ээлөөчүлүк коомдун калыптануусунда пайда болгон. Адеп- ахлак жөнүндө окутууну белгилөө үчүн этика терминин ойчул Аристотель биринчи болуп киргизген. Адеп-ахлактык, этика коомдо пайда болгон. Этика илиминин негизги көйгөйү – жамандык менен жакшылык көйгөйү.

Окуучуларды этикалык жактан даярдоо – этникалык маданияттын көп кырдуу өзгөчөлүктөрүн эске алууну шарттаган татаал кубулуш. Бүгүн коомубуздун адеп-ахлак кризисине дуушар болгондугу чындык.

Ар түрдүү укук бузуулардын, рэкетчилик, зордук-зомбулук, уурулук, алдамчылык сыяктуу терс көрүнүштөрдүн мектеп чөйрөсүндө да орун алып, окуучу жаштардын жалпы адамзаттык, улуттук, инсандык рухий-ыймандык дөөлөттөргө жана адептик нормаларга текебер мамиле жасоосу улам өрчүп

баратышы кооптонууну жаратууда. Өзгөчө мектептеги окуучулардын жүрүм-турумунун бузулушу адептик–ыймандык кризистин тереңдеп бараткандыгына далил болуп турат.

Окуучуларды этиканын негизинде тарбия берүүнү жолго коюуну, аларды улуттук нарк-насилди кастарлаган, элибиздин маданиятын бапестеген инсан катары жетилтүүнү, элди-жерди ойлогон чечкиндүү инсандарды калыптандыруу керек.

Мындай шартта жалпы билим берүүчү мектептерде бардык мектеп окуучуларынын этикалык нормаларын, түшүнүктөрүн тереңдетип, ыймандуу жүрүм-турум сапаттарын калыптандырууну үзгүлтүксүз жүргүзүү – мамлекеттик маанидеги олуттуу иштерден болуп саналат. Бул иш жалпы билим берүү системасындагы эң орчундуу милдеттин бири катары ортоңку жана жогорку класстарда да ырааттуу улантылууга тийиш.

Бериле турган кеңеш баланын кишилик “мен” түшүнүгү калыптанып жатканда анын күчтүү, чыгармачыл, сынчыл ойлоно алган, аң-сезимдүү чоңоюшуна таасир калтыра турган өзгөчөлүктө болушуна басым жасалат. Мектеп окуучуларынын келечегине тиешелүү план түзүүдө, өзгөчө таасир тийгизет. Кеңештин туура берилүүсү келечек муундарды тарбиялоодо өтө маанилүү. Кеңеш берүүнүн максаты – балдардын ар тараптуу өнүгүшүнө камкордук көрүү.

Азыркы учурда этикалык нормаларды калыптандыруунун эң негизги маселелеринен болуп, адамдын коомдогу жана топтогу жүрүм-турум абалы, адам мамилелери, этикалык-маданий жана улуттук мамилелер жана дагы башка конкреттүү жагдайлар менен байланыштар эсептелет.

Этикалык тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Тарбиялоо – бул коомдун мүдөөлөрүнө жана муктаждыктарына жараша адамдын этикалык сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган, план ченемдүү иш. “Мамлекет өз жарандарынын рух адамдары болуп калыптанышына камкордук көрүүгө милдеттүү Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому” (И.П.Подласый, Педагогика, 28-б.) “Замана деген ушундай, таптаганга жараша түшүм берет кызылдай, тарбияңа жараша, уулуң болот замана” (Нурмолдо), “Билбегенин билгизип, минтип жолго салалы, туйбаганын туйгузуп, Манасты туура жолго салалы” (Манас” эпосунан), “Баланы жамандан адаштыр, жакшыга жанаштыр” (эл макалы).

Элдик педагогика илгертен бери карай коомдогу этикалык тарбиянын ролун ар дайым көсөмдүк менен аныктап, ага чечүүчү маани берип келген.

Тарбия ишинин мазмундук пайдубалына уютку болуп жата турган дагы бир кубаттуу ресурс бул – күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө эсептелген,

калктын тарыхый тажрыйбасынан жаралып, доорлор сыноосунан өткөн көөнөрбөс элдик этикалык нарктар, адеп-ыймандык мурастар.

Тарыхтын узак жолун баскан элибиз өсүп жаткан муундарга адам болуунун жолун, шартын көрсөткөн моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн бүтүндөй бир системасын иштеп чыккан. Жогорудагы элдик моралдык нарктар жана идеалдар универсалдуу, жалпы адамзаттык мааниге ээ. Ушул адеп-ахлак нарктары кечээки ата-бабаларыбыздын жүрүм-турумунун регулятору болуп келген жана тарыхтын “аяздуу бороон-чапкындарында” улутубузду аман-эсен сактаган башкы тиректерден болгон. Бүгүн да ушул түбөлүктүү мүнөздөгү рухий-ыймандык дөөлөттөр таалим-тарбиянын мазмуну үчүн табылгыс ресурс, көрөңгө, гүлазык. Эгер ушул моралдык баалуулуктар менен жаштарыбыздын жан дүйнөсүн асылдандырууга жетише алсак, анда бул суверендүү Ата-Журтубуздун моралдык жактан тазарышынын, өркүндөшүнүн жана анын жаркын болочогунун кепилдиги болмок.

**4-слайд: Сабакты бышыктоо:**

Кроссворд

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 4 |
| | | | | | а |
| | | | | | п |
| | | | 3 | | |
| 1 | э | т | и | к | а |
| | | | л | | |
| | | | и | | |
| | | 2 | м | е | н |

Туурасынан:

1. Жүрүм-турум эрежелери? 2. Жекелик сан.

Тигинен:

3. Анын аркасы менен көрөгөч, акылдуу, сабаттуу, билимдүү болосуң.

4. Асыл адам.

*Сабакты жыйынтыктоо:*

Мына балдар, жалпы адамзаттык маданияттын жетишкендиктеринин негизи – маданияттуу жүрүм-турумга, инсанга тиешелүү күнүмдүк адаттар кирет.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Мектептеги жүрүм-турум эрежелерин билесиңби?*
2. *Силердин үй-бүлөдөгү жүрүм-турум тартиби кандай?*
3. *Бүгүнкү күндөгү окуучулардын этикасы деген эмне?*
4. *Балдардын жүрүм-турумунун бузулушуна эмне себеп?*
5. *Өзүңдүн кылык-жоругуңду сүрөттөп бер?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста,;
- Кылган ишиңе карап калк кадырлайт;
- Калптын казаны кайнабайт;
- Элпек болсоң, элиң сүйөт;
- Жакшы жүрүм-турумуңду, тартибиңди эл баалайт.

**3-кадам: Жыйынтыктоо:** Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Кылган ишиңе карап калк кадырлайт” - деген макалды түшүндүрүп бергилечи.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

**Үйгө тапшырма:** “Досумдун өзү байкабаган терс сапаттарын байкап жүрөм, бирок аны кайталабоо менин парзым” деген темада эссе жазуу.

# № 6 сабак

## КАНДАЙ КЫЗДАР МАДАНИЯТТУУ?

(5-класстарга)

***Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт.***



11-сүрөт. Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү.
**Сабактын формасы:** Сабактын активдүү формасы — стандарттык эмес сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, пратикалык
**Сабактын жабдылышы:** макал-лакаптар, акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Кыздар “Сүйлөшүү маданияты” деген сөздүн маанисин талдап, ар убак маданияттуулукка умтулуу керектигин баамдап билишет;

- Маданияттуулукка байланышкан ырларды, макалдарды айтышып, талдашат, түшүнүшөт. Ырларынын идеялык мазмунун аныкташат;
- Саламдашуу, тазалык, сылыктык, сабырдуулук эрежелерин чагылдырган мисалдар аркылуу кыздардын аң-сезимин ойготуу;
- Кыздар улуу-кичүүгө илбериңки, сылык учурашууну үлгү экендигине ынанышат, тарбиялык маанисин аныкташат;
- Кыздар нарктуу инсандык маданият жөнүндө өз алдынча чечим чыгара алышат.

III. **Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

IV. **Жаңы теманы баяндоо:**

Саламатсыңарбы окуучулар! Бүгүнкү биздин темабыз ата-энелер менен биргеликте "Кандай кыздар маданияттуу?", "Адамдын маданияты саламдашуудан башталат" деген темада класстык саат өтөбүз. Маданият жөнүндө видео-тасма (3-мүн.)

**1-кадам: Мугалим:**

- **Окуучулар кана айткылачы, маданият деген эмне, кандай түшүнөсүңөр?**
- **Нарктуу инсандык маданият дегенди кандай түшүнөбүз?**
- Кымбаттуу ата-энелер жана окуучулар! Кичине нарк тууралуу токтолуп өтсөм.

Кыргыз Республикасынын Президенти 2022-жылдын 21-майында «Улуттук нарк жөнүндө» жарлыкка кол койгон. Бул жарлык Президенттин 2021-жылдын 29-январындагы №1 «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жарлыгынын түздөн-түз уландысы катары сунушталып жаткандыгы аталган маселелер боюнча системалуу иш жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз эли байыртадан өз нарк-насилин, каада-салтын жана адаттарын кылымдар бою бекем тутуп, көөнөртпөй сактап, аларды жашоосунун мыйзамы катары карап, башка элдер менен теңтайлаша, атаандаша жашап келген. Башкалардын алдында абийир-арын кирдетпей, акылын кылыч кылып, намысын найза кылып салышып-салгылашып, жок болбой келе жатат. Кеңеш жылдары коммунистик идеология менен жашаса да, нарктарын "жазылбаган мыйзамдар" деп жан дүйнөсүндө жашаткан, карыялардын накылдарында, чечендердин кебинде, көсөмдөрдүн сөзүндө, байбичелердин жүргөн-турганында, келиндердин адеби менен мырзалардын сымбатына катып келген.

Аз убакыттан бери нарк-насилибиз жанданып, оозубуздан түшпөй, кагазга кайрадан жазылып, өлкө башчыбыздын Жарлыктары чыгып, күндөлүк жашообузга түздөн-түз аралаша баштады.

**Нарк-насил деген эмне?** Элге сиңген жакшынакай адаттарыбызды сактайлы – деп, улуудан кичүүгө чейин турмушубузга кайтара баштаганыбыз

– улут катары жашообузду татыктуу улантарыбыздын ийгилигинин белгиси.[“Кыргыз намэ” Каныбек Иманалиев 4 б. 2024]

Нарктуулук темасында көбүрөөк ата-энелер балдары менен китеп окушса, акылмандардын кебин түшүндүрүп айтып беришсе, кыргыздын жан дүйнөсүн ээлеп, акылын аруулап келген ошол сөздөр акылмандыгын, нарктуулугун, баамчылдыгын айгинелеп, накыл кепке суусап турган бүгүнкү муундун акылына-акыл, эсине-эс, сөзүнө-сөз кошоор, көкүрөгүн аруулап, отурганда ортого салар, алыска барса ала жүрөр, уктаса башына жаздана жатар, улууларга улама болор, балдарга баалуу кеп болор.

## 2-слайд: АСЫЛ НАРКТАРЫБЫЗ КАЙСЫЛАР?

**Кылымдар бою улуттун “рухий түркүктөрү” болуп келаткан асыл нарктарыбыз булар:**

- Адамдык ариетти бекем тутуу;
- Улуттук ар-намысты сактоо;
- Улуттук салттарды, каадаларды, үрп-адаттарды сактоо;
- Ата Мекенди сүйүү, коргоо жана ага кызмат кылуу;
- Жети атаны билүү;
- Ата-энени сүйүү жана урматтоо;
- Абийирдүү болуу;
- Нанды улук тутуу;
- Ата намысын, эне адебин сактоо;
- Улууга салам айтуу;
- Эне тилин коргоо, эне тилинде сүйлөө;
- Табиятты коргоо;
- Улуттук кийимдерди кастарлоо;
- Динин, дилин башкага алмашпоо;
- Улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо;
- Меймандос болуу.

Элибизде дагы бир сөз бар, ал – “нарк-насил” деген ыйык сөз. “Улуттук нарк-насилибизди сактоо менен гана улутубуз сакталып келет” деп айтабыз. Насил деген эмне? Насил – түп, тек, түпкү тек деген маанини билдирет. Нарктар өз алдынча, бир жактуу түрдө жашабайт.

**Маданият** (латынча — тарбия, тарбиялануу) — деген кайсы бир улуттун кулк-мүнөзүн (менталитетин), каада-салтын, нарк-насилин, үрп-адатын, уз-чеберчилигин жана өнөр-чыгармачылыгын камтыган руханий терең түшүнүк же башкача айтканда бир улутка таандык жашоо образы деп айтсак болот.

Маданияттуулук – төрөлгөндөн баштап калыптанып, эне сүтү менен берилген назик сезим.

Ошол себептүү кыздарга татыктуу тарбия, билим алуусу чоң мааниге ээ. Анткени келечекте алар өздөрү дагы балдарын маданияттуулукка үйрөтүшөт.

Ошол себептүү балдарга татыктуу тарбия, билим алуусу чоң мааниге ээ. Анткени келечекте алар өздөрү дагы балдарын маданияттуулукка үйрөтүшөт.

Жүрүм-турум маданияты, кантип сүйлөшөсүң, баарлашасың, үйдө жана көчөдө өзүңдү кандай алып жүрөсүң – мунун баары кенедей кезден калыптанып, тарбиядан көз каранды экендигине ынанасың.

Маданиятсыз кыздарды көпчүлүктүн арасынан аныктоо абдан оңой. Алар: сабатсыз сүйлөйт, бейтааныш адамга сен деп кайрылат.Дасторкон үстүндө отурганда чалпылдап тамак ичет же чайнайт, оозуна тамак салып алып сүйлөйт жана башка ушул сыяктуу көп белгилер кирет.

Билим маанилүү болгонуна карабастан, маданияттуулук андан көз каранды эмес. Азыр канчалаган адамдар жогорку билимдүүлүгүн тастыктаган диплом алганы менен эл арасында ал жөнүндө “маданиятсыз, тартипсиз, өзүн орой алып жүрөт, текебер, жүрүм-турум этикасын үйдө да, көчөдө да сактабайт, кыйкырат, жадагалса эркек балдардай сөгүнөт, сүйлөп жатканда сөздү бөлөт” деген сөздөр айтылып жүрөт.

Ошондуктан билимдүү адамды гана эмес, маданияттуу адамды тарбиялоо маанилүү. Баары үй-бүлөдөн башталат, мында кыздар ата-энесин туурашат, аларга окшошкусу келет.

Маданияттуу, адептүү, интеллектуалдуу адам болуу – бул көп окуу, адабиятты, музыканы, тарыхты түшүнүү же театрга баруу дегенди билдирбейт, кыздардын башкаларга кылган мамилесинде, жүрүм-турумунда, байкалган, руханий дүйнөсү бай адам болуш керек.

Мындай кыздар башканын кадыр-баркына кылдат жана урмат-сый менен мамиле жасайт, анын ой-пикири менен эсептешет. Бөлөк окуучулардын жеке жашоосуна кийлигишпейт, менменсинбейт жана өз көз карашын агрессивдүү түрдө таңуулабайт.

Маданиятты изилдеген абдан көп илимдер бар. Мисалы, Философия илиминде этика аталган өзүнчө багыт бар, ал нравалык жана морал түшүнүктөрү менен бирге маданиятты изилдейт. Этнограф окумуштуулардын оюу боюнча, маданият — бул кылымдар бою калыптанган жан-дүйнө этносунун өндүрүш жана коомдук тармактардагы жетишкендиктери. Конкреттүү коомдун мүчөлөрү кандай моралдык принциптерге ээ, өзүнүн жана башка элдин мүчөлөрү менен кандай мамиле түзүшөт, дал ушул нерсе маданиятты аныктайт.

**2-кадам: 3-слайд: Байыркы ойчулдардын ою боюнча**

Байыркы дүйнөдө «маданият» деген сөз бир нече мааниге ээ болчу:

- **Айыл-чарба маданияты:** Болгон каражаттарды эл канчалык жакшы колдонот.

- **Нравалык маданият:** Бул төмөнкүдөй түшүнүктөрдү камтыйт: билим алуу, тарбия, жеке өнүгүү жана башка.
- **Жан-дүйнө маданияты:** Маданияттын бул түрү өзүн өзү өнүктүрүүгө, өзүн өзү таанып билүүгө жана өзүнүн ички сапаттарын жакшыртууга умтулган адамдарды аныктайт.

- **Кана кыздар, маданият деген сөз дагы кандай мааниге ээ, билгениңерди айтып бергилечи?**

**1-окуучу кыз:** Ички маданият — адамдын биринчи 20 жыл жашоосунун ичинде калыптануучу моралдык жана нравалык негиздер. Ички маданият өзүнөн өзү калыптанбайт, ага тышкы факторлор таасир этет, алар: ата-эненин тарбиясы, курбу-курдаштар, мугалимдер ж. б.

**2-окуучу кыз:** Коомдук маданият – эл ичинде көп жылдар бою калыптанган өзүн өзү алып жүрүү факторлору. Буга иш-чаралар, архитектура, живопись жана башакалар кирет.

**3-окуучу кыз:** Кайсы бир конкреттүү багыттагы маданият — бул кайсы бир конкреттүү кырдаалдагы өзүн өзү алып жүрүү маданияты. Мисалы, «кеп маданияты» дегенди көп учурда укса болот. Бул фразаны төмөнкүдөй интерпретация кылса болот: адамдын сүйлөө манерасы, башка адамдар менен канчалык сүйлөшө билүүсү.
**Мугалим:** Туура айтасыңар. Эми кеп маданияты же сүйлөшүү маданияты демекчи, аны кандай түшүнөсүңөр?

Сүйлөшүү маданияты – бул адам баласынын бири-бирине сөз аркылуу ички ой-туюмун билдирүүдө ар бир сөздү салмактап сүйлөөсү, айтылган сөздөрдү баалап, маани берүү менен татыктуу мамиле жасоо болуп саналат.

“Мен маданияттуу инсанмын” деген адам ар тараптуу маданияттуу болушу керек. Маданияттуулук ар бирибиздин үй-бүлөбүздө калыптанат. Үй-бүлөдө ата-энелер бири-бирине сылык мамиле жасап, бирин-бири урматтап турса аларды көргөн уул-кызы да маданияттуу, сылык болуп чоңоюшат.

Эми болсо маданияттуу сүйлөө боюнча конкурс өткөрөбүз. Ар бир ата-эне өз балдарына эмнени үйрөтө алат, ошону карап байкап, баалайлы.

Катышуучулар 2-үй-бүлө төмөнкү тапшырмаларды аткарышат. Ар бир үй-бүлөгө ар башка тапшырма берилет.

**4-слайд:** БИРИНЧИ ҮЙ –БҮЛӨ ТОБУ: “НАРК”

1. “Нарк” жөнүндө атасы же апасы менен кызы слайд аркылуу жактап, чечмелеп беришет.

Абийир-тазалык, ар-дем, бедел, намыс-ички тирек, акыйкаттык-актык, адилеттик–чынчылдык, парыз-кызмат, элдик билим-жан дүйнө. Буларды билүү жана аткаруу – нарктуулук. Демек, нарктуу адам кандай болот дегенде, адамгерчиликтүү сапатка ээ, адилет иш кылган, калыс чечкен, уяттуу жүрүм-

турумга ээ, акыйкаттуу, салттуулукту карманган, салабаттуу, сабырдуу жана айкөл адам.

2. Биздин үй-бүлөдө сүйлөшү маданиятыбыз кандай? Темага байланыштуу ата-энелер менен сахналык көрүнүш.

**Энеси:** Телефондон кызына чалат. – Садагаң болоюн, иштен чыктым. Мен баргыча чай коюп койчу.

**Кызы:** Апаке, келе бериңиз чай эмес тамак дагы жасап койдум.

**Эне:** Рахмат айланайын, бактың ачылсын.

**Кыз:** Салтан, апам иштен чарчап келе жатыптыр. Дастаркон жайып жиберчи. Мен ага чейин чай коё калайын, - деп сиңдисине кайрылды.

**Сиңдиси:** Макул эжеке, азыр. Алдына төшөк дагы сала калайын, - деп жүгүрүп баарын даярдай калды.

Сырттан кирип келген апасы кыздарынын чекесинен сылап жүзүнөн сүйдү. Кечиңер көңүлдүү болсун!

- Мектепке кандай барып келдиңер? Окууларыңар жакшыбы? Азаматтарым! Үйгө келсем жарпым жазылат. Баардыгы өз жайында. "Кыз үйдө кыл жатпайт" деген ушул. Келгиле дастарконго баарыбыз чогуу отуралы. Биринчи атаңар отурсун дасторконго, чакыргыла. Атаңар үйдүн кожоюну эмеспи. Улуулаша дасторконго отурушту. Баары чогулуп отурганда:

- Тамагыңар таттуу болсун! Дасторконуңар тамак-ашка толуп, келечекте жакшы, ыймандуу кыздардан болгула, садагаларым. Үйдүн куту аял эмеспи, - деп жүзүнө бата тартышты.

3. Экрандан көрсөтүлгөн макалдардын калтырылган сөздөрүн улап айтышат. Канча көбүрөөк макал айтышса, ошого жараша упай топтолот.

- Бала жакшысы атанын даңкы,......( кыз жакшысы эненин даңкы).
- Балаң мыкты болсо........( даңкың).
- Жакшы бала элпек, .......(жаман бала тентек).
- Жашыңда берсин мээнетти, ...... (карыганда берсин дөөлөттү).

## **5-слайд:** ЭКИНЧИ ҮЙ – БҮЛӨ ТОБУ: "АДАТ"

Адат – турмушта көнүмүш болуп калган туруктуу мүнөздөгү иш-аракеттер, күндөлүк жүрүм-турум этикасы, эрежелери. Адаттар адамдардын жүрүм-турумуна бекем киргенден тартып, алардын оң жана терс жүрүм-туруму байкалат.

**Кийинки сахнада терс көрүнүштү, сүйлөө маданияты жок үй-бүлө чагылдырылат**

**Энеси:** - Ай кыз, темселеп ушул убакка чейин кайда жүрөсүң? Саат канча болуп калды? Акылы жок эле болуп чоңойдуң. Классташтарың келгени качан? Апаларына жардам берип, колун узартып. Кандай үй-бүлөнүн кыздары акылдуу?

**Кызы:** - Эмне мага эле асыла бересиң, апа. "Прямь надоело!" Мен деле сабактан кийин эс алууга укугум бар да. Тигинин кызы, мунун кызы дей берип тажаттыңыз. Эч бир сөзүңүздү уккум дагы келбей калды.
**Энеси:** Сага мектепте деги эмнени үйрөтөт? Сүйлөшүү маданият деген эмне экенин билесинби?
**Кызы:** Маданият деп коёсуз. "Алма даракта алыс түшпөйт дейт" Сизди тарткам да. Кирээрим менен өзүңүз маданияттуу сүйлөдүңүзбү? Айкырып, кыйкырасыз. Сизден үйрөнүп жатам.

**Мугалим:** - Мына балдар эки топтун сценкасын көрдүк. Силерге кандай таасир калтырды. *(Окуучулар өз ойлорун айтышат).*

Экрандан көрсөтүлгөн макалдардын калтырылган сөздөрүн улап айтышат.
Канча көбүрөөк макал айтышса, ошого жараша упай топтолот.

- **Жакшы сөз, ........ (жанды эргитет)**
- Жакшы — сөздү таап сүйлөйт, .......(жаман — каап сүйлөйт)
- Ынтымак бар жерде — ........(ырыс бар)
- Улууну урматта,...... (кичүүнү ызатта)

**Сабактын жыйынтыгы:**



1. Нарк – деген эмне?
2. "Нарктуулук" эрежелеринин белгилерин айткыла?
3. "Адат" дегенди кандай түшүндүңөр?
4. Маданият дегенди кандай түшүнөсүңөр?



**Бабалар сөзүн билип жүр!**

1. Босогону баштанып жатпайт;
2. Күн чыкканча уктаган ырыскыдан кур калат;
3. Баш кийимди тетири каратып кийбейт;
4. Тамак жегенде жер таянбай отур;
5. Идишти тээп жылдырбайт;

**3-кадам: Жыйынтыктоо:**

Кыздар, биз сабагыбызда**: "Кандай кыздар маданияттуу?"** дегенди бүгүн билдик.

**Билем:** Илбериңки, сылыктуулук деген эмне экенин билдим.
**Билдим:** Нарктуулук эмне экенин түшүндүм.
**Билгим келет:** Нарктуулуктун баалуулуктарын көбүрөөк билгим келет.

**Үй тапшырма:** "Кыз балага сабырдуулук жарашат" ( Эссе жазуу).

# № 6а) сабак

## БАШКАЛАР АРДАКТАЙ ТУРГАН ДЕҢГЭЭЛГЕ (ДАРАЖАГА) ӨЗҮН-ӨЗҮ КӨЗӨМӨЛДӨГӨН, ӨЗҮН ӨЗҮ ЖӨНГӨ САЛГАН АДАМ ЖЕТИШЕТ.

## АДАМДЫН МАДАНИЙ ДЕҢГЭЭЛИНИН ӨСҮШҮНДӨ ӨЗҮН ӨЗҮ КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУНУН, ЖӨНГӨ САЛУУНУН РОЛУ.

*“Таза аба жуткуң келсе эрте тур,*
*Таза өмүр сүргүң келсе, эмгек кыл”*



12-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү сабагы.
**Сабактын формасы:** Сабактын активдүү формасы — стандарттык эмес сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, пратикалык
**Сабактын жабдылышы:** макал-лакаптар, акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- окуучуларга өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн жол-жобосун түшүндүрүү жана кадыр-барктуу инсан болууга, үйрөнөт;
- окуучулардын өзүн өзү көзөмөлдөөнүн жол-жобосун жана кадыр-барктуу инсан болууга түшүнүктөрү тереңдесе;

- жүрүм-турум эрежелери боюнча кеңири маалымат алышат;
- Асыл сапаттарга тарбияланат.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Жаңы теманы баяндоо:**

**1-кадам: Мугалим:** Башкалар сени сыйлаган деңгээлге жетүү үчүн эң алгач адам өзүн өзү тарбиялоого үйрөнөт. Адам алдына максат коюшу, ага жетүүгө аракет кылышы, ар бир ишти пландай билүүсү өзүн өзү тарбиялоонун алгачкы башаты. Бала кезден өзүн-өзү тарбиялоого көнүгүү өз алдынчалыкты, жоопкерчиликти, эрктүүлүктү калыптандырат.

Чын сүйлөп, пейилди кенен коюп, бирөөгө жамандык кылбоо менен адам келечекке карай өсүп өнүгөт. Сезими, ою тазаланат. Демек, андай адамдар өз элин, жерин сүйүп, коргой да алат. Элибизде "Жакшынын атын булгай албайсың, акылын уурдай албайсың" – деген сөз бар.

Башкалар сени ардактай турган деңгээлге кандай учурда жетесиң? Ал үчүн сен баардыгына тегиз, калыс караган, кичи пейил, сылык жаштардан, ак сөз айтып, ак жолго үндөгөн, ак-караны ылгаган акылдуу болушуң керек. Кара кылды как жарган, чыгаан жаштардан, кынтыксыз иш кылып элге жаккан, жайдары мүнөзгө ээ, сүйлөсө сөзү, айтса кеби кылган ишине төп келген чынчыл, уяттуу адам бол!

Боорукер, сезимтал, адамгерчиликтүү болгон адам, оорулууга жана алсыз адамдарга жардам берүүгө умтулат, бирөөлөрдүн жакшылыгын унутпайт, жөнөкөй болот.

- *Эми балдар, ардактуулукка жетүү үчүн жогорудагы сапаттарга ээ болуудан сырткары мамлекеттин өнүгүшүнө да салым кошуу керек.*

Экономикалык, маданий жана илимий-техникалык байланыштарды өнүктүрүүгө, өлкөнүн жарандарынын арасында тынчтыкты, ынтымак-ырашкерликти калыптандырууга жана өркүндөтүүгө чоң салым кошкон, ошондой эле өздөрүн мыкты инсан катары көрсөткөн адамдарды ардактуу – даңктуу дешет.

Адам баласы жашоосунда ар кандай окуяларга күбө болот. Бул чындыкты алдын ала аңдап кабыл алуу зарыл. Биз көбүнчө кыялдануу менен жашайбыз. Кээ бир учурда нерселер реалдуу да болбой калат. Атак-даңкты башка жактан издебейли. Ал ар бир адамдын өз колунда. Мартабалуу болуу үчүн талыкпаган эмгек, кайрат-күч, сабырдуулук, жөнөкөйлүк, адилеттүүлүк, боорукерлик сыяктуу сапаттар көкүрөктө жашаш керек.

**1-слайд:**

- Көпчүлүктүн камын көргөн адам – адилет адам;
- Ишеним көп нерсеге жеткирет; (Ж. Лабрюйер)
- Дүйнөнүн өзгөрүүсүн кааласаң, өзүңдү өзгөртүүдөн башта; (Махатма Ганди)

- Жашоого биз кандай мамиле кылсак, ал ошондой мааниге ээ болот; (Торнтон Уайлдер)
- Кайсыл жерде үмүт оту өчсө, ал жерде боштук пайда болот. (Леонардо да Винчи).

Маданияттуулук бул – адамдагы эң жогорку, эң бийик, өтө чеберчилик менен сакталуучу, адамдын руханий дүйнөсү. Кыскача айтканда, терең билимдүү, өз элинин маданиятын көздүн карегиндей сактаган, өзгөнүн кемчиликтерине түшүнүү менен карап, кемсинтпей, өзүнүн кемчилигине сын көз караш менен карап, туура тыянак чыгара билген инсанды маданияттуу деп айтсак болот.

Адамдын канчалык адептүү же адепсиздигин, анын сүйлөгөн сөзү ырастай алат.

Адам бирөөгө тилсиз мамиле кыла албайт. Тил гана адам менен адамды жакын кылат. Ошондуктан сүйлөөрдөн мурда ойлонуп сүйлөш керек. Маданияттуу, жакшы сөздөрдү гана пайдаланыш керек. “Адамды сөзүнөн таанышт, малды өңүнөн таанышт”, ошол сүйлөп жаткан адамдын ички дүйнөсүнүн байлыгын, ой өрүшүнүн кенендигин кыраакылар байкап коюшкан. Кыргыз элинде эзелтеден бери эле чукугандай сөз тапкан- сөзү менен элди кубанткан, ойлонуп сүйлөп – ой баккан кеменгер, чечен адамдары көп болгон. Кыргыздар макалдап, жамактап сүйлөшөт.

Жакшыга жанашып, анын таалимин алып маданияттуу болушуң керек.

Демек, балдар өзүбүздүн маданий деңгээлибизди байытуу ар бирибиздин колубузда.

**№ 1 тапшырма: 2-слайд: 2-кадам:**

*<u>Адам өзүн канчалык деңгээлде ардактуу экенин аныктай турган текст иштөө:</u>*

1. Класста эң жакшы окуган окуучу бар. Аны бардык окуучулар ардактап сыйлашат. Бирок сенин ал классташың менен мамилең анча эмес. Аны жактырасыңбы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
2. “Башкалар эмне деп ойлойт” деген ой сени тынчсыздандырабы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
3. Кичинекей балдар менен ойной аласыңбы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
4. Сенин сөздөрүңдү кубаттап, сүйлөшкүсү келген досторуңдун тобу барбы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
5. Сага компьютер ойногонго караганда досторуң менен сүйлөшүү жагабы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0

6. Бирөөлөргө жардам бергиң келеби?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
7. Мейман келсе кубанасыңбы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
8. Бирөө сени жактырбай жаткандыгын сезесиңби?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
9. Ойноп жаткан учуруңда бирөөлөр менен тил табыша албаган учурлар болду беле?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
10. Кимдир бирөө сенин көңүлүңдү оорутуп койсо андан өч алгың келеби?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
11. Мугалим сага орой мамиле жасаган учурлар болду беле?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
12. Сенин досторуң үйүңө келип же телефон чалып турушабы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
13. Бирөө жаңы көйнөк кийип келсе, ага жарашып жаткандыгын айта аласыңбы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
14. Жакшы окуган окуучулардын арасына киресиңби?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0
15. Мугалимдин айтканын толугу менен аткарасыңбы?
   Ооба – 1 упай. Жок – 0

Тесттин жыйынтыгы

*Сенин упайың 13-15 болсо, анда:*

Куттуктайм! Сен өтө мамилечил адамсың! Сен бардык чөйрө жана бардыгы менен тил табыша аласың. Мындай сапаттарың лидер кылууга көмөктөшөт. Кадыр-баркка ээсиң.

*Сенин упайың 10-13 болсо, анда:*

Сүйлөшүү сага жагат жана сен пикир алышууну билесиң. Ошол эле учурда сага жалгыз болуу, кыялдануу жана сейилдөө жагат. Бирок башкалар сени жактырбай жаткандай сезиле берет.

*Сенин упайың 7-10 болсо, анда:*

Алдыда болуу – сен үчүн эмес. Бирок окуу китептерине, үй жумуштарына кызыгасың. Көп учурда сенин жасаган эмгегиң алкышка арзыбай калат.

Тексттин жыйынтыгы менен окуучулардын мүнөздөрүн аныктоо. Кеп-кеңеш берүү.

№ 2 тапшырма

13-15 упайлуу окуучуларды бир топко топтоо;

10-13 упайлуу окуучуларды бир топко топтоо;

7-10 упайлуу окуучуларды бир топко топтоо;

***Сабакты бышыктоо:***

*Топ ичинде иштелчү суроолор:*

- Адам кайсы учурда өзүн-өзү көзөмөлдөш керек?
- Өзүн өзү тарбиялоо деген эмне?
- Ачуулануу, кыжырдануу, кагып-силкүү менен адам даражалуу боло алабы?

*№1 суроонун жообу:* ***Адам кайсы учурда өзүн өзү көзөмөлдөш керек?***

***Окуучулардын жообу:*** Күн сайын адамда:

- Адамгерчилик;
- Чынчылдык;
- Адилеттүүлүк;
- Уяттуулук;
- Жоопкерчилик;
- Жакшы ишке үгүттөө;
- Сабырдуулук касиеттери болсо анда адам баардык жерде жана кайсы убакта болбосун өзүн салабаттуу алып жүрөт. Мындай сапаттарга ээ болгон инсандан терс энергияны алууга болбойт.

*№ 2 суроонун жообу:* ***Өзүн-өзү тарбиялоо деген эмне?***

**Окуучулардын жообу:** Бизге тарбияны ата-энебиз, эже-агайларыбыз, бир тууганадарыбыз жана бизден улуу инсандар берет. Алардан алган тарбияны баардык жерде пайдалануубуз абзел. Мисалы: улуулардын айтканын угуу, акарат айтпоо, боорукер болуу, жаратылышты аёо. Улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттоо.

*№ 3 суроонун жообу:*

***Ачуулануу, кыжырдануу, кагып-силкүү менен адам даражалуу боло алабы?***

Окуучулардын жообу: Жок, себеби ачуулануу, кыжырдануу, кагып-силкүү – бул адамдагы терс сапаттар. Ачуулануу – бул адамдын каны кайнап, өзүн-өзү башкаралбай жана айткан сөзүнө, кылган ишине ээлик кылалбай калган абалы.

Адамдын ачуулануусуна ар кандай себептер болушу мүмкүн. Кээде ага жакпаган иш болгондо же ага зыян берген адамдан өч алуу максатында ачууланышы мүмкүн. Кандай болгон күндө да ачуулануунун арты адамды жакшылыкка алып барбайт. Мисалы: ачуунун айынан адам өлтүрүү, уруп

сабоо, зулумдук кылуу же касташып душмандашуу сыяктуу иштер болот. Же өзүнүн ачуусун карманалбай бирөөгө жалган жалаа жаап же жаманатты кылып же сөгүп тилдеши мүмкүн.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Инсан деген атка кантип татыктуу боло аласың?*
2. *Жөндөмдүүлүк деген эмне?*
3. *Адамдын маданий деңгээли кандай болот?*
4. *Сен ардактай турган адамдар кимдер?*
5. *Ардактуу болуунун ийгилиги эмнеде?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- Ишеним көп нерсеге жеткизет.
- Ар кандай коомдук жайларда, өзүңдү маданияттуу алып жүрүүнүн эрежелерин бил.
- Кичипейил, элпек, эмгекчил, өнөрлүү болуп чоңой.
- Адам болом дегендин, адам менен иши бар.
- Эл камын көргөн адам – чыныгы элдин уулу!
- Ардактуу болом десең алдыга умтул.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**3-кадам: Мугалим:** Азаматсыңар, балдар! Силер адамдын эң жакшы сапаттарынан тартып терс сапаттарына чейин билет турбайсыңарбы. Мына балдар, ким өзүн-өзү тарбиялай албаса эң коркунучтуу илдеттерди көнүмүш адат кылып алышы мүмкүн. Адам өзүн өзү кармап, өзүн сыйлап, таза-тыкан алып жүрсө ага ошончолук жакшы сапаттар жармашат. Адам билимге умтулса анын даражасы да ошончолук жогорулайт.

Инсан өзүнүн эң жакшы сапаттарынан сырткары да билимдүү болсо анын кадыр-баркынын көтөрүлүүсүнө шарт түзүлөт.

Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Өнөр аркылуу өз элиңдин маданиятын башка элдерге тааныт!”
  - деген макалды түшүндүрүп бергилечи.

**Үйгө тапшырма:** “Менин кадыр-баркым” деген темада дил баян жазуу.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 7 сабак

## Тема: КЫЗДАРДЫН ТЫКАНДЫГЫ, ТАЗАЛЫГЫ – АДЕПТҮҮЛҮКТҮН БЕЛГИСИ

***Тазалык – ден соолук булагы***



13-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү сабагы.
**Сабактын формасы:** Сабактын активдүү формасы — стандарттык эмес сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, пратикалык
**Сабактын жабдылышы:** макал-лакаптар, акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- “Кыздардын тыкандыгы, тазалыгы – адептүүлүктүн белгиси экенин маанисин талдап, ар убак тазалыкка умтулуу керектигин баамдап билишет;
- Кыздар таза болууга үйрөнүшөт; тыкандыкка тарбияланышат;
- Тазалыкка байланышкан ырларды, макалдарды айтышып, талдашат, түшүнүшөт. Ырларынын идеялык мазмунун аныкташат;
- Тазалык, тыкандык эрежелерин чагылдырган мисалдар аркылуу кыздардын аң-сезимин ойготуу;

- Таза, тыкан жүрүүнүн канчалык деңгээлде бизге пайдасы бар экендигин билишет,

тазалык адамдын өмүрүн узартышын, тазалыктын пайдасын түшүндүрүү;

- Кыздар өздөрүн тазалыкка, тыкандыкка, дене боюн таза алып жүрүүгө тарбияланышат;
- Тазалык – гигиенанын биринчи эрежеси экени жөнүндө кеңири маалымат алышат. Кыздарды таза жүрүүгө, адептүү болууга үйрөнүшөт;.

## I. Сабактын жүрүшү. Жагымдуу жагдай түзүү.

Саламатсыңарбы кыздар! Бүгүнкү биздин темабыз "**Кыздардын тыкандыгы, тазалыгы – адептүүлүктүн белгиси**", деген темада класстык саат өтөбүз.

*Оркойбосун тырмагың,*

*Эске сакта бул жагын.*

*Кол, бетиңди жуу десе*

*Тартынчыктап турбагын.*

**Мугалим:** Тазалык деген эмне? Тазалык – бул өз боюн жакшы алып жүрүү, адептүүлүк. **Тыкандык –** бул жыйнактуулук, тың жана тактык.

Адептүү кыздар ар убак өзүн тыкан, таза алып жүрүшөт. Кийген кийими өзүнө ыңгайлуу, тыкан, таза болушу керек.

Кыргыз кызы – кыргыз улутунун күзгүсү. Кыргыз коомунда, үй-бүлөдө болсун, коомчулукта болсун, тарбияда болсун кыздардын орду абдан чоң.

Улуттун жүзү болгон соң, улуттук баалуулуктарды, каада-салтты, салттуу билимдерди, эң башкысы нукура кыргыз келбетин алып жүрүүсү керек. Ал үчүн акыл-көрөңгө, зээндүү болот.

Эне кызын таза, тыкан алып жүрүүсүнө үйрөтөт. Кийимди да өтө ачык кийгизүүгө болбойт. Атаңдын, агаларыңдын көзүнчө уят деп эскертип, колдон келсе кыргыз элибиздин улуттук кийимдерине көбүрөөк маани беришсе.

Көчөдө кыздар саркеч кийинишсе, ашынып кеткен ачык жери болбосо. Кыз бала назик жан, ошого ачык кийинген кийимдер жаман жагын белгилейт.

Кыздар кичине кезинен эле чоң айымдарды туурап, ошолордой кийим каалап, бийик такалуу бут кийимге кызыгышат. Ар нерсенин учуру болот.

Кыз балага өзүнүн жашына ылайыктап кийим алып бериш керек. Эне кошо барып, тандашып, мээрим менен кеңеш бергенде натыйжалуу болот. Бели ачык, кыска кийимдерди эне алып бербейт. Андай кийимдер ден соолугуна тескери таасирин тийгизет.

Колунун, бутунун тырмактарын өстүрбөй, чачтарын тартипке келтирүү зарыл. Эшиктен келгенден кийин сөзсүз колун самын менен жуунуп, чачын таранып, үйдө дагы тыкан жакшы кийинип жүрсө.

Окуу куралыңды таза кармап, барактарына чийбей, булгабай сактап, эмеректерди иретке келтирип, тазалап тур. Өзгөчө кыздар буюмун, отурган жерин, өзүн дайыма таза кармаш керек. Ден соолук өмүр булагы жана биринчи байлык, ал эми тазалык аркылуу ден соолугубузду бекемдейбиз.

**Сценка аткарабыз:**

**1-топ:** Майрам 12 жашта. Мектептен үйгө келгенде сумкасын ыргытып жиберет да, колун жуубай тамактанып алып сыртка жүгүрүп чыгып кетет. Ал күчүгүн аябай жакшы көрөт. Бетинен өөп, күчүгү жеген нанды өзү дагы жейт. Кечинде үйүнө киргенде итин кармаган боюнча колун жубай тамакка отурат.

- Ээ кызым колуңду жуудуңбу? – деп апасы сураса.
- Ооба да апа, - деп калп айтып коет.
- Кийимиң кантет? Баары кир го. Таза ойнобойсуңбу. Сени кыз дейт. Кыз бала таза, тыкан болуш керек. Чачынды тарап албайсыңбы?
- Апа кечке эле мени уруша бересиз. Тиги кызыңызды такыр урушпайсыз.
- Ал сенин сиңдиң. Аны тазалыкка сен үйрөтүшүң керек. “Эжени көрүп сиңди өсөт” – дешет. Сен өзүңдү таза, тыкан алып жүрбөсөң, ал дагы сендей болуп калат.

Бир күнү Майрам ооруп калды. Көпкө дарыланып анан ооруканадан чыкты. Аябай кыйналды.

- Апаке, мен эми өзүмдү дайыма таза алып жүрөм. Сиздин тилиңизди алам.

**Мугалим:** Кыздар, көрдүңөрбү ден соолукту сакташ үчүн дене боюңарды таза тутуп, дене бойду чыңдоочу көнүгүүлөрдү жасагыла.

Спорт менен машыгуу абдан жакшы. “Тазалык – өмүр булагы” деп бекеринен айтылбайт. Көрдүңөрбү кир жүрүү эмнеге алып келет? Ооруга.

- Кана балдар өз оюңарды айткылачы, кыз балдар кандай болуш керек? *(Кыздардын ою).*

**Накыл сөздөр:**

- *Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген.*
- *Тазалык – өмүр булагы.*
- *Тазалык – ден соолук негизи, соолук байлык негизи.*
- *Агын сууда арам жок.*
- *Биринчи байлык ден соолук.*
- *Кыздуу үйдө кыл жатпайт.*

Улууларды урматтоо, ийменүү, кичүүлөрдү ызаттоо, жазгануу – адептүүлүктүн белгиси, бул – ички маданият. Ийменүү – кичипейилдик, адамдын мүнөзүнүн жумшактыгынын жана назиктиктин белгиси. Кыздын тазалыгы, аруулугу, ыйбаа кылуусу – ыймандуулуктун белгиси. Жаш келиндин уяттуулугу, кайын журтуна ийилип, кызмат кылуусу – анын тартип көрүп чоңойгондугунун белгиси.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Тактык деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?*
2. *Тазалык деген эмне?*
3. *Тапшырманы убагында аткарган, жыйнактуу балдар кандай болот?*
4. *“Кыздуу үйдө кыл жатпайт”дегенди кандай түшүнөсүңөр?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- "Ким ден соолугун чындагысы келсе, алгач айланасындагы абаны тазаласын."
- "Дени сактын өмүрү узун."
- “Таза болсоң суудай бол баарын жууп кетирген”
- “Тазалыкты сактоо ар бирибиздин милдетибиз”
- “Жаш кезинде билгениң ташка тамга баскандай”

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим:** Азаматсыңар! Силер кыздардын тазалык жана тыкандык деген эмне экенин билет турбайсыңарбы. Чынында кыз бала өзүн өзү таза-тыкан алып жүрсө ага ошончолук жакшы сапаттар жармашат. Кыздар таза болушса ден соолугу чың болот.

Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- Тазалык дегенди кандай түшүндүңөр?

- Тыкандык деген эмне?

***Муну сөзсүз бил жүр!***

- Эртең менен эрте туруп гимнастика жаса, чурка, муздак сууга жуун;
- Өзүңө тийешелүү тиш щёткаң, сүлгүң болсун. Бут кийимиңди таза карма. Өздүк гигенаң таза болсун;
- Үйдө, мектепте, көчөдө өзүңдү таза тыкан алып жүр. Кийимдериңди, буюмдарыңды таза карма;
- Эшиктен киргенде, тамак ичээрдин алдында колуңду жуу;
- Көчөдөн, базардан ар нерсени жуубай жей бербе.

**Үйгө тапшырма:** "Мен тазалыкты жакшы көрөм" деген темада дил баян жазуу.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

## № 7а) сабак

### Тема: ТАКТЫК, ТЫКАНДЫК, ТАПШЫРМАНЫ УБАГЫНДА ОРУНДАТУУ, ЖЫЙНАКТУУЛУК, ЧЕБЕРДИК – АДЕПТҮҮЛҮКТҮН БЕЛГИСИ

*"Так жүргөн адамды – ийгиликтин пири колдойт"*



14-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү сабагы.
**Сабактын формасы:** Сабактын активдүү формасы — стандарттык эмес сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.

**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка. Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, пратикалык
**Сабактын жабдылышы:** макал-лакаптар, акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Окуучулардын жакшы мүнөз күтүү, адептүүлүк тууралуу түшүнүктөрү кеңеет;
- Окуучуларга өзүн өзү көзөмөлдөөнүн жол-жобосун түшүндүрүү жана кадыр-барктуу инсан болууга үйрөтүү;
- Окуучулардын тапшырманы убагында орундатуу, тактык, тыкандык болууга түшүнүктөрү тереңдейт;
- Окуучулар өзүн өзү көзөмөлдөө боюнча кеңири түшүнүктөргө ээ болушат;
- Окуучуларды тыкандыкты, жыйнактуулукту чагылдырган жомоктун негизинде чебердикке, тактыкка үйрөнүшөт;
- Окуучулардын өздөрүн алып жүрүүдөгү тыкандыгы эң маанилүү экендигин түшүндүрүү жана жоопкерчиликтүү, адептүү болууга тарбияланышат.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).
**Жаңы теманы баяндоо:**
**1-кадам: Мугалим:** *Тактык – деген эмне? Ал руханий интеллектуалдуулук.*

Тактыкты ар бир окуучу бала кезинен баштоо керек. Тактык - бул адамдын касиеттеринин бири. Тапшырган ишти убагында бүтүргөн, айткан убадага бекем балдар, ишенимдүү, так болот. Ар бир маданияты өйдө адам – өзүнөн башташ керек, үй-бүлөсүнөн, мугалимдер мектептен, жогорку окуу жайлардан жана жумуштан улантылып келсе анда аз эле убакыттын ичинде кыргыз эли – так, тыкан жүргөн, өнүккөн улутка татыктуу боло алмакбыз. Тактык, тыкандык сапаттарын ойготуп күндөлүк турмушубузга инструмент катары колдонушубуз керек.

Так жүрбөгөн, дайыма кечигүүнү адат кылып алган адам – көп жакшы нерселерден калып кетет. Биринчиден – досторунун, тааныштарынын ишеничинен чыгат. Бул – эң эле төмөнкү начар сапат. Ишеничтен чыккан адам – көп жакын досторунан алыстайт.

Так жүрбөгөн, адамды элдер эмне дейт? Албетте, маданиятсыз, уяты жок, интеллекти жок деп кеп кылышат.

Көпчүлүккө белгилүү – (немисче тактык) деген түшүнүк бар. Бул айтылган жерге так баруу. Мисалы, саат 17.00го белгиленсе так 17.00 дө ошол жерде болуп калыш керек. Дүйнө жүзүндөгү бүт өнүккөн өлкөлөрдө тактык абдан маанилүү. Өзгөчө, немистер менен жапондордо тактык борбордук орунду ээлейт. Аларда, кечигүү деген түшүнүк жок. "Тактык" бир жак тарабы – "жоопкерчиликтүүлүк" түшүнүгүн берет.

Баскан жерин чачып кеткен, койгону койгон, алганы алган жерде калган, артынан биреөлөр жыйнаган илээнди, жалкоолор арабызда бар. Аларга шалаакылык сиңип калгандыктан таза, тыкан болууга умтулушпайт. Үстүндөгү кийген кийимин дагы таза жууп, тез-тез алмаштыра албай, ичкен тамагынын идишин таза жуубай же болбосо такыр эле жуубай, дасторконун жыйбай койгон кыздарыбыз кандай өзүнөн кичүү сиңдилерине таалим бере алат? Аларды дагы ошондой чөйрөгө калыптандырып, балиттикке чакырат.

Үй-бүлөдөгү ата-энесинин жаман сапаттарын көргөн бала аларды туурайт. Дене боюн, колдонгон буюмдарын аяр кармабастан, дайыма кир болуп жүрөт. Мындай шалаакы, жалкоо балдарга оору-сыркоо, жугуштуу илдеттер бат жугат. Элдин иренжиши баланы коомдон алыстатат.

Баланы жарык дүйнөгө алып келген ата-эне тарбияны кошо алып келбейт. Бала ата-энеден тарбияланат. Үй-бүлөнүн туткасы болгон эне, балдары үчүн өзгөчө жогору деңгээлде турат. Ата-эне дагы бир кезде бала болгондуктан алар дагы өз ата-энесинен тарбияланышкан. Балалуу болгон соң балдарына көргөн-билгенин үйрөтөт. Эгер алар ата-энеден татыктуу тарбия алышса, балдарын дагы татыктуу тарбиялай алышат. Үлгүлүү үй-бүлөнүн балдарына шалаакылык, илээндилик, балиттик жолобойт. Алар адептүүлүккө таза, тыкандыкка умтулган балдар болуп калыптанышат. Үйдү тазалоо, буюмдарды сындырбай жакшы кармоосуна, ирееттүүлүккө өзгөчө кыз бала үйрөнөт. Короо-жайды кароону, мал-сарайды тазалоону атасы уулуна табыштап, баласын камкордукка үйрөтөт. Эгерде ата-энелер өзүлөрү шалаакы, илээнди болушса, балдары да ушул нукта тарбияланат.

**2-кадам: Мугалим:** Бир айылда кадырлуу, акылман карыя жашаган. Ал айыл балдарын өтө жакшы көргөндүктөн, дайыма алар менен ойноп, аларга ар кандай белектерди бере турган. Бирок ал берген оюнчуктар дайыма жука жана өтө назик болчу. Карыя балдарга аны кирдетпөө жана бырыштырбоо үчүн ойной турган жерди чогуу тазалаганга көндүргөн.

*Кана балдар, бул үзүндүдөн силер эмнени байкадыңар?*

- Карыя балдардан тазалыкты талап кылаарын;
- Оюнчуктарды тыкан кармоого үгүттөрүн.

*Эгерде балдар оюнчуктар менен ойной албай ыйлашса анда ал ыйлаган балага андан дагы назик оюнчук берээр эле. Кээ бир балдар бул оюнчуктар менен ойной алышпай сындырып же кирдетип коюшчу.*

Бул жерден балдардын кайсыл терс сапатын байкоого болот?

- Кылдат эместигин;
- Аяр мамиле жасоону өздөштүрө албай жаткандыктарын.

Бир күнү ошол балдардын ата-энелери келип карыяга мындай дешет: “Биз сизди сыйлайбыз. Сиз биздин балдарыбызды да жакшы көрөсүз, бирок дайыма аларга назик оюнчуктарды бересиз. Балдар аларды бат эле сындырып алышкандыктан, ызаланып ыйлап жатышат. Сиз берген оюнчуктар аябай сонун болгондуктан, ойногулары келсе дагы, коркуп ойной албай жатышат” дешет. Ошондо карыя: “Бир аз убакыт гана балдар кыйналышат, бирок алар ушул таптан тартып тыкандыкка, баамчылдыкка, чебердикке колдору көнүп, ойлоо сезимдери да калыптанып жатпайбы” деген экен.

*Кана балдар, силер карыянын айткандарына макул болосуңарбы? (Окуучулар жооп беришет).*

Азаматсыңар балдар! Чындыгында балага мүнөт сайын жаңы нерсени үйрөтсөң, аны ошол бойдон кабыл алат да акыл-эси да, түшүнүгү да ошол көз карашка жараша калыптанат. Ошондуктан аларга кичинесинен баштап чоң турмушка карай туура багыт берүү абдан маанилүү.

**1-слайд:** *Ал эми балиттик, шалаакылык жана өзүн-өзү таза кармабоочулук-адаттар бул адамзаттын эң ыплас иш-аракеттери. Биздин коомдо мындай инсандар барбы?*

- Ооба, алар өздөрүн таза кармашпайт, кийимдерин качан болсо кир алып жүргөнүн көрөсүң.

*Анда биз үйдөн да таза кийимдерди кийип албасак бул балиттике жатабы?*

- Ооба. Себеби үйдө да таза жүрбөсөк биз ошого калыптанып калабыз да.

*Азаматсыңар! Эгерде адамдын отурган жери аябай кир жана чаң болсо бул да балиттикке жатабы?*

- Ооба, себеби айлананы, өзүң жашаган үйдү да дайыма таза кармабасаң, ал жер чаң басып жатса. “Эшигин көрүп төрүнө өт” деген макалдай келген коногуңар дагы силер жөнүндө жаман ойдо кетет, экинчиден жийиркенип кетет. Анан андай кир жерден түрлүү ооруга да кабыласың;

*Эми шалаакылык дегенибиз эмне балдар?*

- Шалаакылык бул – өз ишине жоопкерчилик менен мамиле жасабагандык;
- Жалкоолук. Берилген тапшырманы өз учурунда аткарбагандык деп билебиз.

*Эң туура. Демек, мугалим берген тапшырма окуучулар тарабынан аткарылбаса анда окуучу кандай адамдардын тобуна кирет экен?*

- Шалаакы, жоопкерчиликсиз!

***2-слайд:*** ***Ар бир инсан коомдо жана үйдө өзүн-өзү адептүү, жыйнактуу, таза алып жүрүүсү үчүн төмөнкү ынанымдарга, билгичтиктерге ээ болушу зарыл:***

- Адептүүлүк – өз жүрүм-турумунда адеп токтомдорун калыптандыруу жана аларды колдоно билүү;
- Өзүнүн инсандык, адеп-ахлак сапаттарын, мүнөзүн алдыңкы моралдык өрнөктөргө багыттап калыптандыруу;
- Өзүн өзү тарбиялай билүү жана реалдуу иш-аракет менен бекемдөө;
- Улуттук нарк-насил, элдик педагогиканын көөнөрбөс салттарын жана дөөлөт-мурастарын өздөштүрүү;
- Улуу инсандардын насаат ойлору менен таанышуу;
- Ата-Журттун адептик маданиятын билүү;
- Тазалыкка көнүгүү;
- Кийим-кийинүү адеби жана анын тазалыгын көзөмөлдөө;
- Жашаган жерди таза, ирреттүү кармоо.

**3-слайд: Мугалим:** Балдар, азыр улуу адамдардын залкар ойлорунан угасыңар.

- “Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат” (Жусуп Баласагын);
- “Тарбиячы адам өзү тарбиялуу болууга тийиш” (К. Маркс);
- “Акыл-эсти дарылабай туруп, ооруган дене-бойду айыктырыш кыйын” (Сократ);
- “Адам сырткы дүйнөнү өзгөртүүдөн мурун өзүн өзгөртүүгө тийиш” (Уильям Джеймс);
- “Адам бардык жактан татынакай болууга тийиш; анын жүзү жарык, ичи таза, ою тунук, сырты сымбат” (А. Чехов);

- Көчөгө чыгарда адегенде үстүңө көз чаптыр;
- Кийген кийимиң таза, үтүктөлгөн болсун;
- Топчулары, бүчүлөрү ордунда болсун;
- Аба-ырайына жараша кийинүүнү үйрөн;
- Тырмактарыңды өз убагында ал;
- Бут кийимиң дайыма таза болсун;
- Өзгөчө кыздар таза, тыкан, бүйрө болуп жарашыктуу кийинүүсү зарыл;
- Жалкоо балдар шалаакы, илээнди, ыплас болушат. Андай сапаттарга үйрөнбө;
- Буюмдарыңды, кийимдериңди орду-ордуна жыйнап, китеп-дептерлериңди ирреттүү кой;
- Өз жүрүм-турумуң менен башкаларды иренжитип алуудан сактан.

*Бүйрөлүктүн мааниси*

Партага так калтырып

Чийгилебей отургун.
Дептериңди булгабай,
Таза жазып толтургун.
Жакшы окуучу атыккын,
Тыкандыкты үйрөнүп,
Жакшы окууга шарт түзгүн.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Тактык деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?*
2. *Тыкандык деген эмне?*
3. *Тапшырманы убагында аткарган, жыйнактуу балдар кандай болот?*
4. *Өзүн өзү таза кармабоочулук адаттар бул адамзаттын эң ыплас иш-аракеттериби?*
5. *Биздин коомдо ушундай балдар-кыздар барбы?*
6. *Эгерде ата-эне өзүлөрү шалаакы болсо, бала кандай болуп чоңоёт?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- “Адам сырткы дүйнөнү өзгөртүүдөн мурун өзүн өзгөртүүгө тийиш”;
- Ар кандай коомдук жайларда, өзүңдү маданияттуу алып жүрүүнүн эрежелерин бил;
- Кичипейил, элпек, эмгекчил, өнөрлүү болуп чоңой;
- Адептүүлүк – адамдын көркү;
- Тазалыкты сактоо ар бирибиздин милдетибиз.

**3-кадам: Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим:** Азаматсыңар, балдар! Силер адамдын эң жакшы сапаттарынан тартып терс сапаттарына чейин билет турбайсыңарбы. Мына балдар, ким өзүн өзү тарбиялай албаса эң коркунучтуу илдеттерди көнүмүш адат кылып алышы мүмкүн. Адам өзүн-өзү кармап, өзүн сыйлап, таза-тыкан алып жүрсө ага ошончолук жакшы сапаттар жармашат. Адам билимге умтулса анын даражасы да ошончолук жогорулайт.

Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- Кичипейил, элпек дегенди кандай түшүнөсүңөр?
- Тыкандык деген эмне?

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

**Үйгө тапшырма:** “Мен адептүүмүн” деген темада дил баян жазуу.

# № 8 сабак

## Тема: АТА-ЭНЕ БАЛАНЫН КҮЗГҮСҮ

*"Атам менин жашоодогу тирегим,*
*Бүт мээримин чачкан эне билемин.*
*Ата-энем эч нерсеге алмашкыс,*
*Арнап келет дайым бизге сүйүүсүн"*
***Бермет Алымбаева***



15-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** сценка сабагы.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, пратикалык.
**Сабактын жабдылышы:** акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Окуучуларга ата-эне, эже-ага тууралуу акыл-насаат айтып ата-эненин асылдыгын, ыйыктыгын даңктоого үйрөнүшөт;

- Окуучулардын ата-эне тууралуу сүйлөө кебин, логикалык ойлоосун, аң-сезимин өстүрүү;
- Окуучуларды адептүү, ата-энени сыйлаган, бир туугандарга жакын, сылык мамиле жасоого, айткан сөзүнө, берген убадасына бек болууга тарбияланат;
- Окуучулар ата-ененин кадырына жетишсе, аларды баалай билүүгө үйрөнүшөт;

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Жаңы теманы баяндоо:**

**1-кадам: Мугалим:** Ата-эне – бул уул-кыздын эч нерсеге алмашкыс жана эч нерсеге теңдешсиз дөөлөтү!

Ата жана эне, бала деген ыйык сөздөр, үч түшүнүк комуздун үч кылы сыңары өз ара айкалыша жаңырып, эл турмушунун бардык тарабын бирдей камтып, кыргыз элинин кылымдаган акыл-ой кеменгерлигин толук чагылдырып көрсөткөн туу дөөлөттөр болгон. “Ата-аска зоо, эне – мөлтүр булак, бала – шам чырак”

Ата-энең – өмүр башаты, адам жашоосунун түбөлүктүүлүгүнүн тиреги! Өмүрдүн кайсы учуру болсо да, адам баласы кандай даражага консо да ата-энени унутпайбыз. Биз үчүн бул жашоодо ыйык ардагыбыз атабыз жан апабыз. Кубанып бакытка балкыганда, капа болуп кайгыга алдырганда, ар убак энебизди ойлойбуз.

Адам баласы ата-энесиз жаралбайт. Ошондуктан биз үчүн ата-энеден артык эч ким жок. Алардын баркына жетүүгө аракеттенели! Аларды сыйлайлы, татыктуу балдардан бололу. Ата-ененин жеңилин жерден, оорун колдон алалы.

Кыргыз баласы атасын сыйлап төргө отургузуп ысык чайын сунган, атанын акылы менен акылдашып келген. Ата деген – башталыш. Деңиз суусу дарыядан, дарыя булактан башталгандай сен атадан башталгансың. Сен атаңдын уландысысың.

Ата – бул үй-бүлө кыйынчылыктарын, балдардын азап-тозогун жүктөп бараткан кербен сыяктанат, ал ошол эле кезде коом, көпчүлүк менен өз үй-бүлөсүн туташтырып турган көпүрө, руханий да, материалдык да көпүрө. Ошол үчүн атаңа жаман сөз айтпаш, акаарат келтирбеш керек. Жылуу сөзүңөр менен дайыма көңүлүн алгыла. “Ата ыраазы – Алла ыразы”.

Азыр кээ бир улан-кыздар атасын тоотпой, тилин албай, колу тийип мушташкан учурлар болот. Кээ бирлери атасын “ээй старик, тупой, колхоз” деп шылдыңдап ат коюп алышат. Кээ бирлери билимдүү, чоң окуу жайын бүтүргөн, бирок ата-энесине мээрими жок. Карыганда карылар үйүнө алып барып салышат. Ата-эне үчүн мындан өткөн кордук барбы? Түн уйкудан калып, эрезеге жеткирген ата-энеге андай мамиле бала үчүн кечиримсиз.

“Бир ата жүз тарбиячыдан өйдө” – дейт Ж. Герберт. Ошого атага өмүр бою карызбыз.

“Бейиштин ачкычы энеңдин таманында” – деп энени да ыйык тутушкан. Эненин мээрими балага дем берип, ыйманын ысык кылып турган. “Мээр” деген нерсеге эне жакын болгон. Ошон үчүн айтылат “энеңе мээрим керек, атаңа дээриң керек” деп. Энелик сезим деген башкача бир керемет нерсе тура, көрсө. Күндөн сурашат экен: “Сенин табыңдан өткөн тап барбы?” –дешип. “Бар”, -дейт экен ал. Бул эненин мээрими. Ошол үчүн эне мээрими ташты ээритет, эне каары тоону кулатат”.

Эне – бул улуу сезимтал, асыл жан. Анын жылуу мээриминин кереметинен күч, дем алып, бийиктерге жетеленесиң. Үйдө эне барда сүйүүнүн жылуулук илеби уруп турат.

“Эне сүйүүсү Күн шооласы сыяктуу болот” – дегендей энелик сүйүү агылып-төгүлүп, айкөл мээрмандыгы дайыма балдардын жүрөгүндө. Эне деген улук сөз, жакшылап аңдасак, бул – сен чоңоюп эр жетип, төбөң көккө тийип, канчалык көкөлөп өспө, канчалык атак-даңкка жетип зор болбо, баары бир сенин башатың, башталышың турбайбы. Эне бар үчүн биз барбыз, аалам бар, турмуш бар, жашоо бар. Тогуз ай көтөрүп омурткасы сыздаган – эне. Жан жаратып, өмүр ыроолоп, жарыкка алып келген дагы – эне.



16-сүрөт. . Булагы: интернеттен

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхис-с-салам хадистеринде окуган осуяттарында мындай делген: “Кимге жакшылык кылайын?” деген саабанын суроосуна: “Адегенде энеңе, дагы энеңе жана дагы энеңе, анан атаңа жакшылык кыл”, үч жолу “энеңе”, анан барып төртүнчүсүндө “атаңа” деген. Ушул осуяттан эле түшүнсө болот, көрсө өзүнүн перзенти үчүн эненин мээр-махабаты атаныкына караганда көбүрөөк болоорун. Айкөл мээримине ар убак таазим кылыш керек балдары. Чын эле дүйнөнүн башаты – эне эмеспи. Эненин улуулугу – бала төрөгүндүгү, перзент жараткандыгы. Эненин эмгеги эч нерсеге тең келбейт тура. Ак сүтүн берип торолтконучу, түн уйкусун үч бөлүп, үстүндө көпөлөктөй айланып, кара-жанын карч уруп, сени эрезеге жеткиргеничи?

Эне баласы үчүн баарына түтөт, баланын бүт жамандык-жакшылыгы эненин жүрөгү аркылуу өтөт. Эне бала үчүн отко да, сууга да түшүүгө даяр. Көрсө чыныгы күйөрүң, азабыңа түтөр жан – эне турбайбы.

**2-кадам: 1-слайд:** Түшүндүңөрбү балдар! Биз ар убак ата-эненин кадырын билишибиз керек. Азыр үч топко бөлүнүп мындай суроолорго жооп беребиз.

**1-топ: Үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн этикасы:**

**2-топ: Эне тарбиясы:**

**3-топ: Ата тарбиясы эмне үчүн керек?**

**1-топ:** *Окуучулар презентация жасашат:* Үй-бүлө болбой эл да, мамлекет да болушу мүмкүн эмес! Бала үй-бүлөдө төрөлүп өсөт. Ата-эненин тарбиясын алат. Ал чоңоюп жетилгенге чейин ата-эненин мээримине, багуусуна, коргоосуна муктаж. Үй-бүлө гана бала менен ата-энени жакындатат, улуу-кичүү мамилесин калыптандырат, урмат-сый эмне экенин билдирет, ынтымактуу жашоого жана турмуш сырларын үйрөнүүгө ыңгайлуу шарт түзөт.

“Ата – өчпөс чырак, эне – соолбос булак”. Ата – үйдүн ээси, үй-бүлө башчысы. Ал эми эне болсо, анын кеңешчиси, үйдүн куту. Кыргыздын түшүнүгүндө бала атанын руханиятынын уландысы, мурасчысы. Атасыз үй – таянычы жок, жетим сыяктуу. Ал эми энесиз үй – суз, куту качкан, берекеси кеткен көрүнүшкө ээ. Баласыз үй – мазар. Демек, үй-бүлөнүн мааниси – бул бүтүндүктө.

**2-топ:** Элдик педагогиканын баалуу мурастарына кайрылсак, ата-бабалар бизге бала тарбиялоонун көөнөргүс рухий-адептик эң сонун үлгүлөрүн калтырып кеткен. Мында бала төрөлгөн күндөн баштап эле тарбия иши энелердин энчисине берилген. Эне өз баласына жылуу мээримин төгүп, ийкемдүү көндүм адаттарга тарбиялаган. Ошол үчүн эне –мээрим булагы дейбиз. Эненин колунан тарбия көргөн балдар чынчыл, сылык, кичипейил, элпек, боорукер жана камбыл болуп өскөн. Мындай балдар үй-бүлөнүн

ишенимдүү жардамчысы боло алышкан. Мисалы: Кыз бала эненин жеңилин жерден, оорун колдон алып, үй ичинин тазалыгын сактап, идиш-аяк кармап, тамак-аш жасаганга көмөктөшсө, эркек бала эненин да, атанын да ишине жардам берип, алардын өйдө чыкса өбөгү, ылдый түшсө жөлөгү болуп, чоң милдет аткарган.



17-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**3-топ:** Эне балага эне адебин үйрөнүп, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүдөн тышкары да “эл четинде, жоо бетинде” өзүн татыктуу алып жүрүү үчүн атанын тарбиясын алуу зарылдыгы келип чыккан. Аталар эркек балдарды Ата Мекенди, элди, Ата-Журтту жана туулган жерди баалоого, көздүн карегиндей сактоого, коргоого, эч кимге тепсетпөөгө, ошондой эле эрдик жаратууга үйрөткөн. Ата тарбиясын алган бала эрктүүлүккө, кайраттуулукка, чыдамкайлыкка, тайманбастыкка үйрөнүп, ат үстүндө чапчаң, шамдагай, ыкчам жүрө билүүгө, айткан сөз, берген убадага бек болууга тарбияланган.

Аталар өз балдарын Ата-Журт үчүн өз өмүрүн да аябоого, туулган жердин топурагын баалоого үйрөткөн. Чындыгында эле ата тарбиясы эркек бала үчүн аба менен суудай эле зарыл экендигин билебиз

Балдар дайыма ата-энесинин күзгүсү болуп эсептелинет. Ата-энеси айткан сөздөрдү, жасаган иштерди балдар үлгү, чындык катары кабыл алышат. Ошондуктан тарбиянын эң жакшы жолу – ата-эненин үлгүсү.



18-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**3-кадам: Мугалим:** Кыска мүнөттүк сценка аткарылат. Үй-бүлөдөгү жарандардын терс көрүнүштөрү чагылдырылат.

Сырттан энеси кирет. Ырыскелди “Керемет” көчтү көрүп олтурат.

***Эне:*** Дагы эле телевизор көрүп олтурасыңбы? Мен эмне деп кеттим эле? Атаң эмне деди эле?

***Баласы күңкүлдөйт:*** Телевизор дагы көрсөтүшпөйт, жасайм да азыр. Эшикте суук болуп жатпайбы, бир азга жылынып алып чыгайын дегем.

***Энеси:*** Балам! Эркек бала чыдамкай жана сергек болуусу керек. *(Эшиктен улуу кызы менен кичүү кызы кирет).*

*Кичүү кызы (ыйлап кирет):* Апа, мени эжем бүгүн кечке урду. Эчтеке кылбасам деле ууу...ууу...

***Энеси:*** *(улуу кызына карап)* Улуу киши кичинекей балага жол көрсөтүп, акыл айтып, жакшы кийимдерин кийгизип карайт. Кечке чейин биз келгенче үй жумуштарын аткарат дечү эле.

***Улуу кызы:*** Өзүнөн көрсүн, такыр тил албайт.

***Энеси:*** Болду деп жатам мен сага, сен эстүү болсоң кичинекей немени алдап эле койбойсуңбу?

***Баласы:*** *(эшиктен кирет)* Апа, атам келатат. Мени мектепте жүрөт деп айтып коюңуз, макулбу? *(кайра чыгып кетет).*

***Эне:*** *(кайгырып ыйлагысы келет):* Баламдын кылганы бул. Эмитен жалкоо болуп, айтканды да аткарбайт, кыздар болсо минтип урушуп, бир-бирин сыйлашпайт *(чыгат).*

***Эки кыз:*** *(Сен болбосоң, сен айтпасаң мындай болбойт эле, сен кылып, мен кылып, - деп уруша кетишет).*

*Эшиктен атасы кирет:* Эки кызын ажыратат, жанына отургузуп акыл айтат: "Ээ, кыздарым, силер бир тууган экениңерди эч качан унутпашыңар керек. Эзелтеден элибизде улууга урмат, кичүүгө ызаат көрсөтүү деген болуп келген. Улуусу эмнени айтса, кичүүсү ооз ачпай туруп, макул болучу. Жакшы киши жатык, сабырдуу, токтоо болот, кыздарым. Бул кылганыңарды кошуналар укса, "баягынын кыздары" ушундай экен деп энеңерди, мени уятка калтырат. Ынтымак бар жерде ырыс бар, кыздарым!"

*Эми балдар үй-бүлөдөгү ар бир жарандын жасаган иш-аракети жалпы этикага төп келеби? Атасы эмне үчүн кыздарын урушкан жок? (Окуучулар өз ойлорун айтышат).*

***3-слайд:*** *Үй-бүлөдө атанын адеби жана орду:*

- балдарын тамак-аш менен камсыз кылат;
- күндөн-жаандан коргойт жана камдуу жашоого шарт түзөт;
- акыл-насаатын айтат, тарбия берет;
- балдарга үлгү болот;
- үй-бүлөдөгү бардык жоопкерчиликти өзүнө алат;
- кийим-кечек менен камсыз кылат.

*Үй-бүлөдө эненин орду жана адеби:*

- бала төрөйт;
- багат, асырайт;
- балдардын курсагын тойгузат;
- мээрим төгөт;
- тарбия берет;
- алпештеп багат.

*Үй-бүлөдөгү эженин орду жана адеби:*

- өзүнөн кичүү бөбөктөрүнө арка-жөлөк болот, аларды карайт, баш-көз болот;
- кичүү бөбөктөрүн коргойт;
- үй-иштерин аткарат.

*Үй-бүлөдө аганын орду жана адеби:*

- кичүү бөбөктөрүн коргойт;
- атасына жардам берет;
- үйдөгү мал чарбачылыгына байланышкан иштерди аткарат.

*Сабакты бышыктоо:*

Бала өз алдынча өмүр сүрүп кеткиче турмуштун сырларын үйрөтүп, ошол турмушта адашпай татыктуу жашап өтүүсүнө көмөк берет. Бала өмүрдүн максаты эмне экенин, кыйынчылыктарды жеңүүнүн жолдорун жана чыдамкайлыкты ата-энесинен үйрөнөт. Ата-эненин мээрими балага Күндүн нуру сымал тегиз чачырап бардыгы бирдей тарбияланат. Ата-эне баласы үчүн түн уйкудан калып, чарк айланып жанын курмандыкка чалат. Ата-эне тарбиясы мыкты чагылдырылган “Манас” эпосундагы Алманбетти мисал кылсак болот.

Тарбия алып жолдодум,
Таалимин берген атамдын.
Таасиринен октолдум,
Таятам өгөй болсо да,
Өгөйлүгүн көргөзбөй.
Атамдай болду өзүндөй.
Алтыдан жашым ашканда,
Апакемдин акылы,
Ааламды тааный баштадым.
Адал менен арамдын,
Айырмасын сындадым.
Жакшыга жаман жакпасын,
Жат экенин талдадым
Жакын менен алыстан,
Аралыгын сындадым.
*(Манас эпосунан үзүндү)*

*1-окуучу:*

Салыштырсак кең дүйнөгө барабар,
Ата-энелер ыйыксыңар, асылдар.
Ата-энелер балдар үчүн жан кыйган,
Бар болгула, оо аталар, апалар!

*2-окуучу:*

Чоң эне бир өзүңдөн айланайын,
Чоң эне оорубагын суранамын.
Дайыма жүзүң жарык болуп турса,
Бизге бакыт. Мен ушуга кубанамын.

3-окуучу:

Эненин жүрөгүндөй жүрөк барбы?
Эненин тилегиндей тилек барбы?
Энелерге теңеле албайт эч бир жан,
Энелерди алмаштырбайм алтынга да, күмүшкө да!

**Макал-лакаптарды талкуулоо:**

- Ата-энеңе акаарат айтпа;
- Калп сүйлөп эч качан ата-энеңди алдаба;
- Ата-энеңден озунуп сөз сүйлөбө. Сөзүн бөлбө;
- Бардык жакшы буюмуңду ата-энеңе арна;
- Иштен тапканды алгач ата-энеңе алып келип бер;
- Тамакка ата-энеңден мурда озунуп кол сунба;
- Карып калган ата-энеңди кароосуз калтырба.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Сен ата-энеңдин тилин аласыңбы?*
2. *Аларды сыйлайсыңбы?*
3. *Ата-эненин сүрөтүн тарт?*
4. *Акыркы жолу ата-энеңди качан кубанттың?*
5. *Үйүңдө ата-энеңе кандай жардам бересиң?*



**Бабалар сөзүн билип жүр!**

- Ар кандай коомдук жайларда, өзүңдү маданияттуу алып жүрүүнүн эрежелерин бил;
- Кичипейил, элпек, эмгекчил, өнөрлүү болуп чоңой;
- Адептүүлүк – адамдын көркү;
- Тазалыкты сактоо ар бирибиздин милдетибиз.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**3-кадам: Мугалим:** Азаматсыңар, балдар! Силер ата-энени кандай сыйлаш керек экенин билдиңер.

Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- Ата-эненин эмгегин баалоо дегенди кандай түшүнөсүңөр?
- Ата-эненин үлгүсү дегенди кандай түшүндүңөр?

**Үйгө тапшырма:** “Мен ата-энемди уят кылбайм” деген темада дил баян жазуу.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 8 сабак

## ТЕМА: "КОНОКТО ЖАНА ҮЙДӨ, МЕЙМАН ТОСУУДА КЫЗДАР ӨЗҮН КАНДАЙ АЛЫП ЖҮРҮҮ КЕРЕК?"

*Конок келсе үйгө кут кирет*



19-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү сабагы.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, пратикалык.
**Сабактын жабдылышы:** акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Кыздар конокто өзүн алып жүргөндү үйрөнүшөт;

- Кыздардын конокто өзүн алып жүрүүгө, адептүү болуу жөнүндө түшүнүктөрү тереңдейт
- Кыздар конок күтүү жөнүндө өз алдынча чечим чыгара алышат.

**I. Сабактын жүрүшү**. Уюштуруу: Жагымдуу жагдай түзүү.

**1-кадам: Мугалим:** Саламатсыңарбы кыздар! Бүгүнкү биздин темабыз **“Конокто жана үйдө кыздар өзүн кандай алып жүрүү керек?”**

Кыргыздардын дүйнө эли суктанган жакшы бир салты бар. Ал – кыргыздардын меймандостугу. Келген мейман мейли тааныш же чоочун болсун, аны кыргыздар мүмкүнчүлүгүнө жараша сыйлап, узатат. Мындай сый көрсөтүү бир гана кыргыздарга таандык адамгерчилик болгон. Биздин салтта келген конокту жактырбай коюу деген болгон эмес. Эгер конок келип аны жактырбай үйүнө кондурбай койсо, же сыйлабай жөнөтсө, андай адамды адамгерчиликтен кетти деп эсептешкен.

Тарбиялуу адам сылыктыгы жана адептүүлүгү менен айырмаланат. Өзүн туура көрсөтүү жана коомдо өзүн алып жүрүү жөндөмү башкалар арасында эң жакшы таасир калтырат. Кайрымдуу бол. Бирөөнү анын артында талкуулабаш керек, ушак таратпаш керек, башка адамдар жөнүндө жаман сөз сүйлөбө, ар кимди жана баарын сындай бербе. Конокто позитивдүү нур чачыратууга аракет кыл. Ошондо сен менен баарлашуу жагымдуу болот.

Аялзаты – үйдүн куту дейбиз. Кичинесинен кыз бала таттуу тамак жасаганды, үйдү таза кармаганды жакшы өздөштүрсө, келечегине жакшы, Мекенине пайдасын келтирип, билимин тереңдетип, дүйнөлүк деңгээлдеги иштерде өзүн татыктуу алып жүрө билет.

Кыз бала өзгөчө мейманга барганда дасторкондон тамакты алуу, кашык кармоо, бычакты уруна билүү керек. Баарын жагымдуу кыймылдар менен ишке ашыруу да бир кыйла чеберчиликти талап кылат. Бул дагы өзүнчө маданият. Тамак-ашты талдай билүү, аны жеп-ичүү учурунда тийиштүү сөөлөт каадасын тутуу – адеп талаптары. Тамакты маал-маалы менен керектүү өлчөмдө жешке көнүккүн. Ашыкча жей берсең, сиңире албай көп түйшүк тартасың. Балким ооруп калышың мүмкүн. Бир жыйында отурганда тамакты алып келишсе, кадырман, улуу адамдар дасторконго кол узатмайынча, сен кол созбогун. Тамакты өз алдыңдан гана алып жегин. Нанды дайыма кош колдоп сындыргын.

Тамак ичилип жатканда кыздар көп сүйлөбөй, жаныңда отурган адамды кыстабай, тынч отур. Отургандарга тиешеси жок кепти баштаба. Улуу адамдын астында сөз талашпагыла, анын сөздөрүн, насаатын уккула.

Башка адамдарды угууну үйрөнгүлө. Маектешиңин сөзүн бөлбө, ал үчүн сүйлөмдү аяктоого шашпа. Сен, адамга эмне деп жооп берсең, анын акыл жөндөмүнөн күмөн санаганың же өзүңүздүкүн алда канча жогору койгондой таасир калтырасың. Дин, ден-соолук, каржылык кырдаал сыяктуу сезимтал

темалардан алыс болгун. Орунсуз суроолорду берүү менен, сиз адамды уят кыласың.

Тамак ичип жатып, тишиңди элдин көзүнчө чукулаба. Жөтөлбө, чүчкүрбө, эгер чүчкүрсөң бет аарчың менен оозу-мурдуңду жаап, тескери карап чүчкүр.

Кол аарчы болбосо колуңду башка нерселерге аарчыбагын. Тамактанып бүткөндө дасторкондон шашып турба. Колуңду жууган соң, курбуң жана ата-энеси менен коштошууну унутпа. Сыйы үчүн ыракматыңды сыпайы айт.

Кыздар келечекте бир үйдүн кожойкеси болот. Ошого алар мейман күтүүнү жашынан апасынан үйрөнүш керек.

**Конок күтүү — кыргыздардын жашоосунда эң маанилүү учурлардын бири десек болот. Бул күнгө жан-алыбыз калбай даярданабыз.**

Коноктун алдына дүйүм тамак коюп, ысык чайын үзбөй, мейкмандын кареги менен тең айланып туруу - ар бир кыргыз айымдарынын милдети.

Конок күткөн адам колдон келишинче эл келгиче дасторконун толугу менен даярдап бүтүп, өзү дагы жарашыктуу кийинип алганы жакшы. Конок келип калган учурда шыпыргы көтөрүп алып ары-бери чуркап, эски халат, тизеси чыккан шым менен жүрүү өзүңөргө дагы, конокко дагы бир топ ыңгайсыздыкты жаратат. Кыскасы, мейман аны "үй кызматкери" эмес, кожоюн менен кожойке күтүп алышын каалайт.

Эч убакта үйгө конок келгенде үй-бүлө мүчөлөрү урушуп, бир-бирине кыр көрсөтпөшү керек. Конокту сүйбөй жаткандай элес калтырат. Көйгөйлөрдүн баарын конок кеткенден кийин деле чечип алса болот. Муну менен силер өзүңөрдүн маданиятыңарды көрсөтөсүңөр.

Албетте, ар бир коноктун тууганчылык жайына, жакындыгына жараша өз орду болот. Ошого жараша мамиле кылып, сый-урмат көрсөтүлөт. Бирок ошол эле учурда үйгө келген меймандын баарына бирдей сый, бирдей жылуу мамиле көрсөткөнгө аракет кылыңыз.

**Мугалим:** Силерге бир уламыш айтып берейин.

Кыргыздын меймандостугу жөнүндө байыртан келаткан уламышты уккан белең?

Анда окуя мобундай: илгери бөлөк элден, бөлөк жерден ат арытып, жол карытып, комузун угуп, сый-урматын көрөлүк деп, кыргызга мейман келиптир.

Үй ээсинин жалгыз уулу өлүм алдында жаткан. Үй ээси капыстан келген меймандарга сыр билгизбей, башка ак өргөөгө мейман тосуп, мурдагысындай жадырап-жайнап, каадалуу нуска кебин айтып, комузун чертип отурду. Меймандардын бирөө сырттагы башка боз үйдөгү кыйналган үнгө кулагын төшөп суроо салды:

- Кишинин онтогону угулабы? Ким бу?

- Мал го.-деп жооп берди мейман тоскон үйдүн ээси. Бир оокумда, казан чыгараргa келгенде, үйдүн ээси боз үйгө аста кирип, уулунун о дүйнөгө узап кеткенин көрдү.

Үй ээсинин жүрөгү муң-зарга батса да:" Меймандарымдын күлкүсү качпасын, ыраазычылыкта кетишсин үйдөн"-деп, ичине сыр катты. Меймандар жадырап- жайнап кыргызга ыраазы болушту.

Эми комузунду чертип кой, угалы да, кайталы, -дешти меймандар.
Үй ээси кереге башындагы комузун алып, чертип кирди. Бу саам комуз ботодой боздоду белем. Комузду тыңшаган меймандар кара башын жоктоону угушту. Эми эле шаттыкка баткан үй ээсинин жүрөгүн кайгы чалганын меймандар сезип калышты.

Каада-салтты билген меймандар да сыр бербей, мейман ишаратынан жазбай, үй ээси менен коштошуп, жолго аттанышат. Меймандар узап баратышып, кайрадан аттарынын баштарын шарт бурушуп, баягы аза күткөн кыргыздын үйүнө бул саамында өкүрүп түшүшкөн экен.

Көрдүңбү, замандаш, мында кайгылуу күүнүн баяны эмес, мейман күткөн кыргыздын достук адилдигине, кайгыга чыдаган эрдигине сыймыктанып айтып жатам.

**2-кадам: 1-слайд:**

- ***Кана кыздар айткылачы конокко кам көрүү дегенди кандай түшүнөсүңөр?*** *(Кыздар жооп беришет).*
- Мен кошумчалап коеюн.

Кыргызда "конок койдон жоош..." деген сөз бекер айтылбаса керек. Дегеним, алдына тамак жайнатып коюу эле жетиштүү эмес. Улам-улам жанына барып, тамак-аш сунуштап, алдындагы булганган идиш-аякты алмаштырып турган жакшы. Балким ал кара чай эмес, көк чай ичкиси келип жаткандыр. Көңүл буруп турбасаңыз, конок өзүн "өгөй" сезип калышы мүмкүн.

Кээде бир үйгө мурда бири-бирин такыр көрбөгөн кишилер чогулушу мүмкүн. Жаңы кошуналар ж.б. дегендей... Андыктан той жаңы башталганда эле үй ээси дасторкон үстүндөгүлөрдү бири-бири менен тааныштырып койгону жакшы. Коноктор мостойбой, бири-бири менен сүйлөшүп, тамашалашып отурганы жакшы да.

- Кыздар силер ушулардын баарын үйрөнүп, билип алышыңар керек. Анткени, конок тосуу, конокто өзүн алып жүрү өмүр бою керек болот.

**Мугалим:** Кылымдарды карыткан улуу кыргыз тарыхында элибиздин аялзатына, өзгөчө, кызга жасаган мамилеси башка элдерге мактанаарлык жана даңазаланууга татыктуу. Макал–адамдардын философиялык ойлорун жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларынан алынган, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгарма экенин билебиз. Макал Мекенге, ата-энеге, айлана-чөйрөгө, жаратылышка болгон патриоттук сезимди козгоп, адамдардын ой-жүгүртүүсүн калыптандырат жана

тарбиялайт. Макал адам турмушунан алынган, аны чагылдырган нускалуу кеп дебедикпи. Түзүлүшү жагынан эң жөнөкөй жана кыска болгону менен, мааниси татаал жана терең. Ата-бабаларыбыз кыска, так жана таамай сүйлөп, урпактарын таасирдүү тарбиялап келишкен. Алсак, кыз баланы жалгыз эле энеси эмес, бүтүндөй бир айыл, бүтүндөй бир эл тарбиялаган. Анда үч катардагы кыздар макал-лакаптарды ким көбүрөөк билет?

**2-слайд:1-катар:**

- «Кыздын кырк чачы улуу»;
- "Кызды тарбиялоо – кылымдык иш";
- Жакшы кыз – жакадагы кундуз";
- "Кыздуу үйдө кыл жатпайт";
- «Кыз – конок»;
- "Кыргыз – кызын сыйлайт".

**Мугалим: Кыздар, биринчи катар макал айтышты. Экинчи катар чечмелеп бергиле.**

**2-катар:**

**"КЫЗДЫН КЫРК ЧАЧЫ УЛУУ»;**

**1-окуучу кыз:** Кыргыздар "Кыздын кырк чачы улуу» деп кыздарды сыйлап өзгөчө мамиле жасашкан, үйгө көрк берген гүлдөй тутуп аны назик асырап алышкан. Кыз өзүнүн үйүндө мейман деп саналгандыктан, бир эле өзүнүн үй-бүлөсүнө эмес, туугандарына, кошуналарына, бир көчөдө жашагандарга тегиз, түз, калыс, жылуу мамиле жасап, аларды сыйлап, ыйбаа кылып, улууларга адептүүлүгүн көрсөтүп, кичүүлөрүнө үлгү болуп өскөн. Бул макалдын мааниси айтып тургандай, кыз балага карата сый, аяр мамиле анын кыркка бөлүп өргөн беш көкүл чачына гана карата айтылбайт. Анын чоңоюп бой тартканда, башка бирөөгө бүлө болуп, эл болуп кетип калышы, ата-эне, тууган урук алдында анын аманат, убактылуу жашап турушу, бир чети, анын жакындары тарабынан аёону, боорукердикти жараткан. Ошол эле учурда аны тарбиялоого карата олуттуу мамиле кырк үйдөн айтылган тыюу менен өлчөнөт. Кыз барган жеринде ата-энесин, тууган уругун уят кылбаш керек.

**"КЫЗДЫ ТАРБИЯЛОО–КЫЛЫМДЫК ИШ"**

**2-окуучу кыз:** Кыргыздын кыздары тебетей кийип жүрүшчү. Тебетей–төбөсүнө каркыранын, үкүнүн канаты сайылган баш кийим. Түтүндүн элесин билдирет. Чачын кырк өрүп, төбөсүнө түндүктү көтөрүп жүргөн кыз–очоктун ээси, ыйык кыргызыбыздын ээси. Кырк өрүлгөн чачы боз үйлүү, небере, чөбөрөлүү бол дегендеги тилек. Ал–ууктардын символу. Уук канчалык кенен болсо, кыргыз элибиз ошончолук кенен... Кыргыздар эркектердин гана

баш кийимине маани бербестен, аялдардыкына да ашыкча көңүл бурушкан. Илгери кыргыздар кыз баланын эки же үч жашынан баштап, төбө чачын «Айдар чач» деп коюшуп, улам жыл өткөн сайын, ага чач кошуп өрүп турушкан. Беш жашында саамай чачтарын өрө башташкан да, ал курагын «секелек» деп аташкан. Жашы чоңоюп, чачы өскөн сайын, тал-талдап өрүшүп, саамай чачы беш өрүмгө жеткенде, «беш көкүл» деп аташып, мына ошондон тартып, аны өзүнүн камылгасын көрүүгө даярдап, «сеп камын» көрүүгө киргизишкен.

## “ЖАКШЫ КЫЗ – ЖАКАДАГЫ КУНДУЗ”

**3-окуучу кыз:** “Жакшы кыз – жакадагы кундуз” деп, жакшы чыкса кызы менен сыймыктанышкан. Мында кыз баланын тазалыгы жана кулпунган сулуу көркү кундузга салыштырылып бааланат, жака ал адамдын эң көрүнүктүү жери болуп эсептелген.

**3-катар:**

## “КЫЗДУУ ҮЙДӨ КЫЛ ЖАТПАЙТ”

**4-окуучу кыз:** “Кыздуу үйдө кыл жатпайт” деген макал ооздон оозго айтылып калганы бекеринен эмес чыгар. Айрыкча, кыз балдарды тазалыкка көндүрүү, камкор, тыкан, жыйнактуу болууга тарбиялашкан. Тазалыкка, уздукка үйрөтүшкөн. Өзүнүн гигиенасына көңүл бөлүүнү калыпка салып көндүрүшчү. Муну үйрөтүүчү биринчи энеси, кыз баланын өзүнүн жашына ылайыктуу кийимдерди алып берип, кийимдин кымбатына карабай, өңүнө жашына карап жарашыктуу кийгизүү керек. Кыздар эрте жетилип, сезимтал, чыйрак жана ар нерсеге дилгир болуп турмушка болгон көз карашы эрте артылат эмеспи. Ошондуктан аларды кичине кезинен тарта алына жараша жасай ала турган үй-тиричилигине тиешелүү иштерди карматып, казан-аякка, үйдү жыйнап тазалаганга үйрөтүү керек. Кыз балага тамак жасаганды, кир жууганды, ууз-чеберчилик иштерин, башка жумуштарды жасаганга акырындап үйрөтө берсе, ал кыз кийинки турмушуна даяр болот да, учуру келгенде көп кыйналбайт. Кызды жаштайынан үй тиричилигине үйрөтүп, адептүүлүккө, тыкандыкка, тазалыкка тарбиялаган. Күн чыкканга чейин уктаган адамдын ырыскысы кем болот деп, кыздарын үйрөтүшкөн.

## «КЫЗ – КОНОК»

**5-окуучу кыз:** «Кыз – конок». Ал– бирөөнүн бүлөсү. Жеринен кыз балага эне-ата, ага-тууган асемдүү мамиле кыла турган. Анын эли-жери бөлөк. Ошол үчүн кийбегенди кийгизет, ичпегенди ичирет. Илгери жоргону аш-тойдо, көчкөндө кыз балага мингизип, төркүнү кыз балага ыроолочу. Үлпүлдөтө багылчу. Бой тартканы отун-суу алдырбай, тезек тердирбей, куурай башын сындырбай, жел тийгизбечү. Барган жеринде барктуу-нарктуу

болушу үчүн үйдөн узчулукту үйрөтчү, өз себин өзү камдачу. Эне таалим-тарбиясында бардык жүрүмдөрү туура жолго багытталып, анан бойго жеткенде, жуучу түшкөндө, же кудалашкан жерине шаан-шөкөт менен алып барылчуу.

## “КЫРГЫЗ – КЫЗЫН СЫЙЛАЙТ”

**6- Окуучу кыз:** "Кыргыз кызын сыйлайт" деген улуу салт бар. Ошондо да Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза өңдөнгөн баатыр кыздар, ошондой эле Каныкей, Айчүрөк, Зулайка, Айганыш сыяктуу аруулуктун, асылзаадалыктын үлгүлөрү жомокко айланган чыгар. Ошого жараша кыздарга да өзгөчө талап коюлуп, аялзатынын аялуу асылдуулугун аздектешкен.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Мейманды кантип тосуп алышты билесиңби?*
2. *Меймандостук деген эмне?*
3. *Дасторкон үстүндө өзүңдү кандай алып отурасың?*
4. *Өзүңдөн улуулардан мурда тамакка кол сунбайсыңбы?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- Түн ичинде идишти жуубай таштаба;
- Нанды көмкөрөсүнөн койбо;
- Бирөөнө тамакты оң колуң менен сун;
- Даам таткан кудугуңа түкүрбө.
- Куттуу конок келсе, кой эгиз табат, кутсуз конок келсе, койго карышкыр чабат.
- Кур казанды калдыратпа, үйдөн береке кетет.

**3-кадам: Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим:** Азаматсыңар, балдар! Силер мейман тосушту, мейманга мамиле кылышты, дасторконду кандай даярдашты үйрөндүңөр. Мына балдар, тамакты жештин адептүүлүгүн үйрөнүп, эми өзүңөрдү-өзүңөр тарбиялай аласыңар. Адам өзүн өзү кармап, өзүн сыйлап, таза-тыкан алып жүрсө ага ошончолук жакшы сапаттар жармашат.

Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Дасторкон үстүндө өзүңөрдү кандай алып отурасыңар?” - деген макалды түшүндүрүп бергилечи.

**Үйгө тапшырма:** “Дасторконду жасалгалоо” деген темада сүрөт тартып келгиле.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 8а) сабак

## ТЕМА: "КОНОКТО ЖАНА ҮЙДӨ ӨЗҮН КАНДАЙ АЛЫП ЖҮРҮҮ КЕРЕК? КОНОК КҮТҮҮНҮН ЖАНА КОЖОЮН БОЛУУНУН АДЕБИ"

*"Мейманга ызат көрсөтүү сенин милдетиң"*



19-сүрөт. . Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү сабагы.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, пратикалык.
**Сабактын жабдылышы:** акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Окуучуларга конок күтүүнүн тартиби, эрежелери жөнүндө түшүнүшөт;
- Окуучулардын конокто жана үйдө өзүн кандай алып жүрүү керек жөнүндө түшүнүктөрү тереңдейт;

- Окуучуларды адептүү, ата-энени сыйлаган, бир туугандарга жакын, сылык мамиле жасоого, айткан сөзүнө, берген убадасына бек болууга тарбияланат;
- Окуучулар ата-эненин кадырына жетишсе, аларды баалай билүүгө үйрөнүшөт;

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Жаңы теманы баяндоо:**

**1-кадам: Мугалим:**

Мейманга барганда, үйгө киргенде салам айтуу – биринчи милдетиң. Дасторконго отурардын алдында колуңду таза жууганды унутпа. Тасмалдын төрүндө улуулардын ордун ээлебе, өз ордуңду билип, тыкан отур.

Дасторконго отургандан кийин өзүңдөн улуу адамдардан биринчи тамакка ашыгып кол сунба. Аларды күтүп, учуру келгенде алгач нандан ооз тий. Анан өзүңө жакыныраак коюлган даамдардан аздап жеп отур.

Дасторкондон тамакты алуу, кашык кармоо, бычакты уруна билүү керек. Баарын жагымдуу кыймылдар менен ишке ашыруу да бир кыйла чеберчиликти талап кылат. Бул дагы өзүнчө маданият. Тамак-ашты талдай билүү, аны жеп-ичүү учурунда тийиштүү сөөлөт каадасын тутуу – адеп талаптары. Тамакты маал-маалы менен керектүү өлчөмдө жешке көнүккүн. Ашыкча жей берсең, сиңире албай көп түйшүк тартасың. Балким ооруп калышың мүмкүн. Бир жыйында отурганда тамакты алып келишсе, урматтуу кадырман, улуу адамдар дасторконго кол узатмайынча, сен кол созбогун. Тамакты өз алдыңдан гана алып жегин. Нанды дайыма кош колдоп сындыргын.

Тамакты шашып-бушуп жебегин. Оозуңдагы тамакты майда чайнап, акырындап жуткун. Оозуңду чоң ачып, шарпылдатып тамак жештен сактангын. Оозуңдагы толо тамакты жутмайынча, колуңду кайра тамакка узатпагын.

Колуңа кашык алып тамак жемекчи болсоң, тамакты кашыкка толтура сузуп албагын. Жарымдай сузуп алгын. Этият тамактан. Суюк жана коюу тамактар кашыктан дасторконго же кийимдерине төгүлбөсүн. Кашыктагы тамактын жарымын жеп, калганын табакка же идишке кайра салбагының. Оозуңа батарлык өлчөмдө алгын. Оозуңду тамак салган идишке өтө жакындатпагын. Суюк тамакты төкпөй, шурулдатпай ич.

Тамак ичилип жатканда көп сүйлөбөй, жаныңда отурган адамды кыстабай, тынч отур. Отургандарга тиешеси жок кепти баштаба. Улуу адамдын астында сөз талашпагыла, анын сөздөрүн, насаатын уккула.

Тамак ичип жатып, тишиңди элдин көзүнчө чукулаба. Жөтөлбө, чүчкүрбө, эгер чүчкүрсөң бет аарчың менен оозу-мурдуңду жаап, тескери карап чүчкүр.

Кол аарчы болбосо колуңду башка нерселерге аарчыбагын. Тамактанып бүткөндө дасторкондон шашып турба. Колуңду жууган соң, курбуң жана ата-энеси менен коштошууну унутпа. Сыйы үчүн ыракматыңды сыпайы айт.

*Конок күтүүнүн жана кожоюн болуунун адеби*

Үйгө мейман келгенде,
Кучак жайып тосомун.
Төргө өтүүнү өтүнүп,
Кош колумду созомун.
Эң чоң чыны беремин,
Меймандостук салтына
Чыныларга чай куюп,
Оң кол менен сунамын.
“Алгыла” деп даамдан
Сунуш кылып турамын.

*А. Карымшаков*

Кыргыз эли жаш муундарды, улууларды урматтоо маданиятына үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бөлүшкөн. Айрым учурда бул жаштардагы нарктуулуктун, жакшы таалим-тарбия алгандыгынын жападан-жалгыз белгиси катары бааланган учурлар да бар. Кыргыз элинин кылым карыткан адептик-этикалык салттарынын бири бул - меймандостук. Элибизде меймандостук салтынын өтө кеңири таралышы жана улуттук салтка айланып кетиши, алардын өткөндөгү көчмөндүк жашоо турмушунун өзгөчүлүктөрү менен тыгыз байланыштуу.

Айыл-айылы менен көчүп жүргөн элибиз дүйнөдө болуп жаткан жаңылыктардан сырткары турушкан. Алар үчүн айылдап, тууганчылап келген адамдар же кокусунан келип калган жолоочулардын маеги ар түркүн кабарлардын, маалыматтардын булагы болгон.

Ушундан улам, атайын кадырлуу мейман катарында кабыл алышып, колдо болгон тамак-ашын аябай сыйлап, урматтап узатышкан.

Адамды жакшы көрүү, адам үчүн кам көрүү кыргыз элинин илгертен келе жаткан меймандостук салты.

Кыргыз эли ар кыл меймандарды күтүшкөн: кыз-кыркын, куда-сөөк, дос-тамыр, таяке-жээн ж.б. конокторунун эң сыйлууларына жогорку сый көрсөтүлгөн. Булардан башка "Кудайы конок" дегендер дагы болгон. Жол жүрүп бара жатып, чарчаган жерден аттын башын бура тартып каалаган үйүнө кирип, Кудайы конок болууга ар бир адам акылуу болгон.

Кыргыз эли илгертен бери жана азыр да конокко сый көрсөтүүнү адамдык милдет деп эсептешет. Бул жөнүндө белгилүү немец журналисти Клаус Вейзе “Берлинер цайтунг” газетасынын бетине кыргыздардын меймандостугу жөнүндө”. Бир чыны чай дейсизби? Мында бир чыны чай менен бүтпөйт экен. Бир чыны чайдын нары жагында бүтүндөй салтанаттуу чоң сый беш-бармак болот турбайбы” – деп жазган.

Турмуштук практика бекем сиңип калган жаштардын биринчи болуп улууларга салам бериши жана тосуп алышы, үйгө карыя киргенде баары туруп ызаат көрсөтүшү, колуна суу куюп, өзгөчө ардактуу орунга отургузуу менен аларга аш-тойлордо атайлап жилик тартуу сыяктуу жөрөлгөлөр, улууларды сыйлоо кыргыз элинин адептик-этикалык маданиятынын башкы эрежеси экендигинен кабар берет. Чыгып кетип жатса, ордуңардан туруп узаткыла, сырт кийимдерин кийүүгө жардам бергиле.

Кыргыз элинин башка элдерден өзгөчө асыл жөрөлгөлөрүнүн бири – бул өтө меймандостугу. Келген мейман мейли тааныш же бейтааныш болсун, кыргыздар аны мүмкүнчүлүгүнө жараша сыйлап, коноктоп, узатат.

Жайыл дасторкон – достук даам деген сөз. Азыркы мезгилде биз көбүнчө столго отуруп тамактанабыз. Бирок, илгертеден бери эле ата-бабабыз дасторконду жерге жайып тамактанып келишкен. Коноктун алдына дасторкон жаюунун маданиятында да адептүүлүк болгон. Сыңар тизелей калып, дасторкондун туюк учу төрдү каратылып, эң биринчи нан коюлган. Анан четинен алып, “бысмылда” деп айтып, сындырар алдында бетинен кармап, оң кол менен тегиздей үзөт. Нанды дасторконго бетинен коет. Даам таттуу нанды ооз тийүүдөн башталат.

Дасторконго коюлган салат жана башка тамактардын ар бирине ылайык кашык же айры коюлат. Тамак ичилип бүтүп, чай берилээрде дасторкон үстүндөгү ашып калган идиштин баарын жыйып, күкүмдөрдөн тазалап, чай куюу улуулата башталат.

Мейман узаган соң, канчалык чарчасаң да дасторкон жыйноону эртеңкиге калтырбай, баарын жыйнап, дасторконду силкип, идиштерди жууп, столду ордуна коюп, бөлмөнү шыпырып, андан кийин гана эс алууга өт.

**2-кадам: 1-слайд: Мугалим:** Кана балдар жаңы темадан эмнени түшүндүңөр?

*Коноко баруу жана тамактануу адебин ким айтат?*

- **1-окуучу:** Мейманга барганда үйгө киргенде салам айтуу – биринчи милдетиң;
- **2-окуучу:** Дасторконго ашыгып кол сунба;
- **3-окуучу:** Учуру келгенде алгач нан ооз тий;
- **1-окуучу:** Андан кийин өзүңө жакыныраак коюлган даамдардан жеп отур;
- **2-окуучу:** Оозунда тамак болсо сүйлөбө;

- **3-окуучу:** Отурганда тиешеси жок кепти баштаба.
- **1-окуучу:** Кол аарчы болбосо колуңду башка нерселерге аарчыбагын;
- **2-окуучу:** Колуңду жууган соң мейман кылган адам менен коштошууну унутпа;
- **3-окуучу:** Эч качан дасторконго колуңду жуубай отурбагын.

*Окуучулар ыр айтышат*

Тамак ичкен идишти,
Жерге ыргытып таштабайм.
Нан күкүмүн тепсебейм,
Дасторконду аттабайм.

Тамактанаар алдында,
Адеп сактайм созулуп.
Дасторконго кол сунбайм,
Улуулардан озунуп.

*(Ж. Ысманова)*

*Ким накыл сөздөрдү билет?*

- Аш турган жерде оору турбайт;
- Аш кадырын билбеген үй ээсин уялтат;
- Тамакка сунган колуңду табакка же кесеге силкпегиниң;
- Колуңа кашык алып тамак жемекчи болсоң, кашыкка толтура сузуп албагын.

*Эсиңе тут!*

- Конок күтө билүү да өзүнчө бир адептүүлүктүн жеткен чеги;
- Кошуна мейли сенден кичүү инсан болсун ал, мейман болуп

эсептелет. Сен өзүң үйдүн кожоюну катары аны жылуу кабыл алуу парзың.

*Сабакты жыйынтыктоо:*

*Тапшырмалар.*

- Сен дасторкон жасалгалоонун тартибин апаңдан сурап, көрүп үйрөн.
- Мейман келгенде дасторкон жасалгалоодо апаңа жардам бер.
- Салат, тамак-аштарды кайда, кантип коюуну билип ал, кийин кереги тиет.
- Мейман кеткенден кийин дасторконду жыйноого апаңа көмөктөш.
- Дасторконду жерге жана столго жаюунун айырмасын бил.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *Меймандын кантип тосуп алышты билесиңби?*
2. *Меймандостук деген эмне?*
3. *Дасторкон үстүндө өзүңдү кандай алып отурасың?*
4. *Өзүңдөн улуулардан мурда тамакка кол сунбайсыңбы?*
5. *Эгер курсагың ачып келсе, напсиңди тыя аласыңбы?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- Тамакты жыттаба, тамакка кесирленбе;
- Тамактын бетин ачык койбо;
- Тамакты ысырап кылбай, ченеп жаса;
- Түн ичинде идишти жуубай таштаба;
- Нанды көмкөрөсүнөн койбо;
- Сынган идишке кайгырба;
- Эрте турсаң ырыскыга жолугасың;
- Бирөөнө тамакты оң колуң менен сун;
- Кур казанды калдыратпа, үйдөн береке кетет.

**3-кадам: Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим:** Азаматсыңар, балдар! Силер мейман тосушту, мейманга мамиле кылышты, дасторконду кандай даярдашты үйрөндүңөр. Мына балдар, тамакты жештин адептүүлүгүн үйрөнүп, эми өзүнөрдү-өзүңөр тарбиялай аласыңар. Адам өзүн өзү кармап, өзүн сыйлап, таза-тыкан алып жүрсө ага ошончолук жакшы сапаттар жармашат.

Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Дасторкон үстүндө өзүңөрдү кандай алып отурасыңар?” - дегенди түшүндүрүп бергиле?

**Үйгө тапшырма:** “Дасторконду жасалгалоо” деген темада сүрөт тартып келгиле.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

# № 9 сабак

## Тема: “ЖАКШЫЛЫК КЫЛ – ЖҮРӨГҮҢ КЕНЕН БОЛОТ”

***Кыздарды тарбиялоо, келечекке кам көрүү***



20-сүрөт. Булагы: интернеттен

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү сабагы.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, пратикалык.
**Сабактын жабдылышы:** акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Кыздар боорукер болууга, адамдарга жакшылык кылууга, адептүү болуу жөнүндө түшүнүктөрү тереңдейт;
- Кыздар ак ниеттүүлүккө, кайрымдуулукка, сабырдуулукка үйрөнүшөт;
- Адеп-ахлактык жүрүм-турумдун негиздерин үйрөнүшөт.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Жаңы теманы баяндоо:**

**1-кадам: I. Сабактын жүрүшү.** Уюштуруу: Жагымдуу жагдай түзүү. Саламатсыңарбы! Бүгүнкү биздин темабыз **“Жакшылык кыл – жүрөгүң кенен болот”**

Бул класстык саат ар бир катышуучуга жүрөгүн ачууга жана боорукер болууга жардам берет. Боорукерлик дүйнөгө ар кандай жолдор менен көрсөтүлүшү мүмкүн: жакшылык кылуу, жылмаюу, жылуу жылмаюу, жакшы сөз айтуу.

**Тарбиялык сааттын жүрүшү:**

Жакшылык - деген эмне?

Жакшылык аты айтып тургандай бул нерселердин пайдасы эң биринчи башкага бактылуулукту алып келген инсан гана көрө алат, анткени башкага жакшылыкты келээри менен өзүнүн жүрөгүндө болгон бейпилдикти жана ырахатты сезет. Жакшылык кылган инсандын жүрөгү таза, өзүн гана эмес башкаларды да ойлогон, өзүнө каалаганды башкаларга да каалаган, колу ачык, берешен, ак көңүл жүзүнөн жылмаю кетпеген, сый урматтуу, жөнөкөй адам. Кыйналган адамдарга жакшылык канчалык кылсаңар, жардам берсеңер алар эки эсе өзүңөргө кайтарылат. Жакшылык артынан жакшылык өзү келе берет. Жардам сураганга жардам бер. Жакшылык кыл десе акча, каражат, материалдык жардам деп ойлобо. Сен жакшылыкты өзүңдүн мамилең, жумшактыгың, мээримдүүлүгүң, ак көңүлдүгүң менен башкаларга көңүлүн көтөрүп, эң башкысы жүзүңдөгү жылмаюу менен жандүйнөсүн көтөрүп коесуң – бул жакшылык.

Бирөөнүн кубанычын тең бөлүшүп, кыйналса жардам берүү – бул дагы жакшылык. Жөнөкөй эле нерсени өзүбүзгө кааласак, башкаларды да унутпайлы. Жашообузда жакшылыктарды көп жасап, жакшылык мөмөсүн татып жакшы инсан бололу.

**Мугалим:** Мен силерге бир “Жакшылык кайтат” деген аңгеме айтып берейин.

Бир күнү бир аял жолдо кетип баратып жерде жыгылып жаткан жаш жигитти көрөт. Жанынан өтүп бараткан адамдар көп, бирок бирөө дагы караган жок. Аял чочуп кетип жигитти тургуза калат.

- Ээ айланайын эмне болду?

- Билбейм эже башым тегеренип жатат.

- Анда ачкасың го. Жүрүчү бул ашканага кирели, - деп жетелеп кирди да тамак алып берди. Чынында ачка болгон жигит шапа-шупа бир заматта ичти.

- Рахмат, эжеке. Мен студентмин. Акчам жок эки күндөн бери ачка болчумун. Башым тегеренип көчөдө жыгылып калган турбаймбы.

- Ий айланайын, студенттик кез ушунусу менен кызыктуу да. Бул күндөр дагы өтөт. Окууңду ийгиликтүү бүтсөң ушунун үзүрүн көрөсүң. Бул акчаны чөнтөгүңө салып ал. Стипендия алгыча тамактанып турасың.

- Рахмат эжеке. Качандыр бир менин дагы жакшылыктарым сизге тиер.

- Эч нерсе эмес. Жакшылык эч качан унутулбайт. Сен мени дайыма унутпайсың.

Көп жылдар өттү арадан. Бир күнү ооруканага бир байбиче катуу оору менен түштү. Ошол оорукананын башкы хирургу оорулуу байбичени карап чыгып операцияга деди.

- Мунун карай турган балдары да, акчасы да жок экен. Операция

кыла албайбыз го, - деди доктурлар.

Хирург байбиченин жанына басып келип көрө калып убагында ачка калганда тамак алып берген эжени таанды. Дароо операциялык столго киргизип: - Менин эсебимен операция жасайбыз. Даярдангыла, - деп буйрук кылды.

Операциясы ийгиликтүү өтүп, хирург байбиченин жанына басып келди.

- Эжеке, мени тааныдыңызбы?
- Көзүн чоңураак ачып, бүшүркөй карады. Жок уулум таанбадым.
- Мен, баягы көчөдө жыгылып калганда курсагымды тойгузган жигит.
- Ий, айланайын. Окууңду бүттүңбү?
- Ооба хирург болдум. Сизге операция жасадым.
- Чоң рахмат балам. Жакшылыкка-жакшылык деген ушул тура.

Жакшылык билинбей өтпөйт тура. Канчалаган арадан жылдар өттү, мени унутпаганыңа ыраазымын.

**Мугалим:** Көрдүңөрбү, балдар, качандыр бирөөнө жакшылык кылсаңар, ал өзүңөргө жакшылык менен кайтат.

- Кана кыздар айткылачы, жакшылык жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

- Жакшылыктын акыбети – жакшылык менен кайтат;
- Жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши, жакшылыкка жакшылык – ар кимдин иши;
- Жакшы сөз айыктырат, жаман сөз майып кылат;
- Жакшылык кылуунун башаты – бул жылмаюу;
- Жакшылык кылуу – бул сылык сүйлөө;

- Жаман жакшынын бар экенине ишенбейт;

## 2-кадам: ТАРБИЯЛЫК СААТТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

### Адамдын негизги максаты – жакшылык кылуу

**Тест "Сен мээримдүү, боорукерсиңби?”**

- ❖ Адамдардын көңүлүн көтөрүү үчүн аларга жакшы сөздөрдү көп айтасыңбы?
- ❖ Сен кекчилсиңби?
- ❖ Колуңда акчаң бар болсо досторуң менен бөлүшөсүңбү?
- ❖ Досторуңдун кыйынчылыктарыңа кандай мамиле кыласың?
- ❖ Башкаларга жагынуу үчүн бирөөнү шылдыңдайт белең?
- ❖ Кыйналып турган курбуңа кандай жакшылык кылат элең?

8 баллдан жогору - сен боорукерсиң, сен адамдар, эл менен тил табыша билет. Сенин досторуңуз көп. Бир эскертүү: эч качан баары менен жакшы мамиледе болууга аракет кылбагын - сен баарына жага албайсыз жана бул сага эч кандай жакшылык алып келбейт.

4-8 упай. Сенин боорукердигиңиз кокустук, сен баарына кайрымдуу эмессиз. Кээ бирөөлөр үчүн сен баарын кыла аласың, бирок сени менен баарлашуу сени жактырбагандар үчүн жагымсыз. Бул анчалык деле жаман эмес. Бирок, балким, эл таарынбашы үчүн баары менен тең болууга аракет кылышыбыз керек.

4 упайдан аз. Сен менен баарлашуу, моюнга алышым керек, кээде эң жакын адамдарыңыз үчүн да азап. Ынтымактуу бол, достору көбөйөт. Анткени, достук жакшы мамилени талап кылат.

Бул тесттен сен өзүң жөнүндө жаңы нерсени билдиң деп ойлойм.

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. Жакшылык кылууну кандай түшүнөсүңөр?
2. Боорукерлик деген эмне?
3. Жамандыкка-жакшылык дегенди кандай түшүнөсүңөр?
4. Жакшы сөз жан эритет дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- Кээде жакшы адам деп ойлогондорубуз жакшы актёр экендиги өкүнүчтүү...
- Жашоодо жаман адам жаралбайт, жаман ойлор гана жаралат. Жакшы ойлоп жакшы адам болуу өзүңдүн гана колуңда;
- Мен адамдарды жакшы тарабынан издешке аракет кылам, а жаман тарабын өздөрү көргөзөт.
- Жакшылык-күлүмсүрөгөн жүз, жумшак сөз менен аткарылат;
- Жакшылык эскирбейт, жамандык унутулбайт

**3-кадам: Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим:** Азаматсыңар, балдар! Дайыма бир-бириңе жакшылык кылгыла! Ушул чакырыкты эч качан унутпагыла! Адамдар сага кандай мамиле кылышын кааласаңар, ошондой мамиле жасагыла. Адамдын капасын, ички жан дүйнөсүнүн жабыркап турганын түшүнүүгө үйрөнгүлө. Аларга жардам бергиле, жакшылык кылгыла. Курдаштарыңардын жанында өзүн ыңгайсыз сезген адам менен дос болуп, аларга ишенимге ээ болууга мүмкүнчүлүк бер.

**Корутунду:** Боорукердик, акылмандык, кайрымдуулук, адилеттүүлүк, эмгекчилдик, адамгерчилик, жоопкерчиликтүүлүк, ак пейилдүүлүк адам бакытынын негизин түзөт.

Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Жакшы сүйлөп жакшы нерсе кыла берсең, жаман да жакшы болот. Жаман сүйлөп жаман нерсе кыла берсең, жакшы да жаман болот - деген макалды түшүндүрүп өз оюңарды кагазга түшүргүлө.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

**Үйгө тапшырма:** “Жамандыкты жакшылык менен жеңүү нарктуулугу” деген темада эссе жазып келгиле.

# № 9а) сабак

## Тема: “ЖАКШЫЛЫК КЫЛУУ, ЖАШООҢДУ ЖАКШЫРТАТ”.

*“Жакшылык кылуунун башаты – бул жылмаюу.*
*Ар дайым жылмайып жүргүлө жана*
*башка адамдарга жылмаюу тартуулагыла”*



21-сүрөт. . Булагы: интернеттен




**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү сабагы.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактагы предмет аралык байланыш.** Кыргыз тили, адабияты, музыка.
**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, пратикалык
**Сабактын жабдылышы:** акындардын ырлары, макал-лакаптар, жазылган баракчалар, плакаттар, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

***Сабактын максаты:***

- Окуучуларга жакшылык кылуу, жакшылыктын акыбети – жакшылык менен кайтаарын түшүнүктөрү тереңдейт;

- Адепсиздиктин, жакшылыкка жамандык кылган адамдын акыры өзүнө кайтарын үйрөнүшөт;
- Окуучулар жакшылык менен жамандыктын айырмасын билүүгө үйрөнүшөт;

**1-кадам: Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Жаңы теманы баяндоо:**

**Мугалим:** Саламатсыздарбы! Бүгүнкү темабыз балдар "Жакшылык кылуу, жашоодо жакшыртат". Бүгүнкү тарбиялык саатты эпиграф менен баштайлы.

*"Алар сенден жакшылык күтөбү же күтпөйбү*
*Жакшылык кыл.*
*Сенин жакшылыгың байкалдыбы, байкалбайбы*
*Жакшылык кыл.*
*Жакшылык кыл, эч кимден уруксат сураба,*
*Анткени сенин жакшылыгыңа эч кимдин бийлиги жок"*
***Шалва Амонашвили***

Бул тарбиялык саат ар бир окуучуларга боорукер болууга жардам берет.

Боорукердик дүйнөгө ар кандай жолдор менен көрсөтүлүшү мүмкүн: жакшылык кылуу, жылмайуу, жылуу жылмаюу, жакшы сөз айтуу.

Келгиле балдар суроого жооп берүүгө аракет кылалы:

1. Адамга жакшылык кылуу же боорукердик дегенди кандай түшүнөсүңөр?

2. Эмне үчүн адам жакшылык кылууга үйрөнүшү керек?

**1. «Боорукерлик» деген сөз. Бул абдан кеңири таралган сөз. Аны аныктоого аракет кылалы**

**1-окуучу:** Боорукерлик – бул өз көңүлү менен өзүн гана ойлобостон, бирөөгө же бир нерсеге карата чын ыкластуу, жакшы сезимдерди билдирүү.

**2-окуучу:** Боорукерлик – бул бири-бирибизге жана баарына жагымдуулукту тартуулоо.

**3- окуучу:** Боорукерлик – бул адамдын инсандык жакшы жактарын гана көрө билүү, адамдарга боор оору, адамдарга жылуу мамиле кылуу..

**4-окуучу:** Жакшылык – бул көңүл буруу жана кам көрүү.

**5-окуучу:** Боорукерлик адамга жакшылык кылуу.

**Мугалим:** Жакшылыктын сыйы жакшылык гана болот. Эң биринчи ата-энеңе, бир тууганадарыңа, досторуңа, классташтарыңа көңүл бур. Адамдын өзгөрүүсү үйдө кандай тарбия алгандан сырткары, кимдер менен көп жүрсөң

дос болуп ошо айланага карап өзгөрө баштайсың. Досторуң, классташтарың жакшы болсо сен дагы жакшы, адептүү, ата-энени сыйлаган адеп-ахлагың жакшы болот, досторуң жаман жолдо жүргөн тентек, жалкоо, тил албаган болсо сен дагы алардан үйрөнүп жаман жака түшүп кетесиң. Сени жаман жака түртүп, жаман жолду көрсөтүп, анан кыйынчылык учурда сенден качып кеткен дос ал жакшы дос эмес. "Күн тийгенде пайда болуп, күн бүркөлсө жоголуп кетет" – дейт андай досторду. Ошол үчүн айтылат жакшылар менен жүрсөң шарапаты жугат, жамандар менен жүрсөң жаманы жугат. Жакшылык кылуу, адамдарга жардам берүү, жашоодон ырахат алуу жакшы. Ачуулануу, бирөөгө катуу айтуу, жаман иштерди кылуу - бул жаман нерсе.

Калыгул Бай уулу элдин гуманисттик рух маданиятындагы жамандыкты-жакшылык менен жеңүүнүн жогорудагыдай улуу наркын уланткан инсан болгон. Акылман инсан катары Калыгул киши баласынын жаратылышы мээримге муктаж экендигин, мээрим төгүп мамиле жасагандан улам анын ичиндеги муз эрип, жан дүйнөсү жумшарып, көңүлүнө жаз келип, жүрөгү жибий баштарын, а түгүл адам эмес, жыланды да ташка албастан сылык-сыпаа мамиле жасап ак чачса чакпай, акырын жылып жолуна түшөрүн, турмушта кылыч кармаган катаалдыкка, орой өкүмдүккө төбөгө камчы ойноткон залимдиликке караганда, колунда "куралы жок" жанагындай рух жоомарттык алда канча артык экендигин терең туюнган.

Орой айтсаң адамга жукпайт,
Орой сөздү киши укпайт.
Сылык-сыпаа сөз жетет
Ал мээге эмес, жүлүнгө кетет
Түшүндүрүп жай айтсаң
Уялып ыраазы болуп кетет.

Калыгулдун ишениминде оройлукту назиктик, сылыктык, ачууну токтоолук, сабырдуулук, жек көрүүнү мээрим менен сүйүү жеңет.

2-кадам: Кана балдар кимиңер жамандык-жакшылык жөнүндө макал - лакаптарды билесиңер? Айткан макалдарыңарды түшүндүрүп бересиңер.

**1-топ**:

- Бирөөгө жамандык кылганың – өзүңдү бутуңдан чалганың!
- Жылуу сүйлөсө жылан ийининен чыгат;
- Жакшы сөз таш эритет, жаман сөз жан кейитет.

**2-топ:**

- Адамдын шагын сындырып, өзүңө душман кылба;
- Жакшы болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн, таза болсоң суудай бол, жаманды жууп кетирген;
- Сөөмөй менен түртсөң, муштум менен жооп аласың.

3-топ:

- o Бирөөнө урмат-сый тартууласаң, өзүң да урмат-сый көрөсүң;
- o Жакшылык кылуу, адамдарга жардам берүү, жашоодон ырахат алуу жакшы.
- o Ачуулануу, бирөөгө катуу айтуу, жаман иштерди кылуу - бул жаман нерсе.

**Мугалим:** Азаматсыңар! Эми ар бир макалды чечмелеп бергиле. (Окуучулар чечмелейт).

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. Жакшылык кылууну кандай түшүнөсүңөр?
2. Боорукерлик деген эмне?
3. Жамандыкка-жакшылык дегенди кандай түшүнөсүңөр?
4. Жакшы сөз жан эритет дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



- Кээде жакшы адам деп ойлогондорубуз жакшы актёр экендиги өкүнүчтүү...
- Жашоодо жаман адам жаралбайт, жаман ойлор гана жаралат. Жакшы ойлоп жакшы адам болуу өзүңдүн гана колуңда;
- Мен адамдарды жакшы тарабын издешке аракет кылам, а жаман тарабынан өздөрү көргөзөт.
- Жакшылык-күлүмсүрөгөн жүз, жумшак сөз менен аткарылат;
- Жакшылык эскирбейт, жамандык унутулбайт.

**3-кадам: Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим:** Азаматсыңар, балдар! Дайыма бир-бириңе жакшылык кылгыла! Ушул чакырыкты эч качан унутпагыла балдар! Адамдар сага кандай мамиле кылышын каалаcаңар, ошондой мамиле жасагыла. Адамдын капасын, ички жан дүйнөсүнүн жабыркап турганын түшүнүүгө үйрөнгүлө. Аларга жардам бергиле, жакшылык кылгыла. Досторунун жанында өзүн ыңгайсыз сезген адам менен дос болуп, аларга ишенимге ээ болууга мүмкүнчүлүк бер.

**Корутунду:** Боорукерлик, акылмандык, кайрымдуулук, адилеттүүлүк, эмгекчилдик, адамгерчилик, жоопкерчиликтүүлүк, ак пейилдүүлүк адам бакытынын негизин түзөт.

Бүгүнкү өтүлгөн тема боюнча жыйынтыктоо иретинде төмөнкү суроолорго жооп берип көрөлү.

- “Жакшы сүйлөп жакшы нерсе кыла берсең, жаман да жакшы болот”. Жаман сүйлөп жаман нерсе кыла берсең, жакшы да жаман болот - деген макалды түшүндүрүп өз оюңарды кагазга түшүргүлө.

**Үйгө тапшырма:** “Жамандыкты жакшылык менен жеңүү нарктуулугу” деген темада эссе жазып келгиле.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.